НАДЫРБЕК АЛЫМБЕКОВ

# ЖАРАЛДЫК ЖАРАТКАНДЫН ДАРГӨЙҮНӨН

III

Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач

22/XI - 98(03)
24/X - 09(05)
21/I (06)
30/XII - 950(11)

сфб 2017.
с/ кеу013
А-59

# НАДЫРБЕК АЛЫМБЕКОВ

# ЖАРАЛДЫК ЖАРАТКАНДЫН ДАРГӨЙҮНӨН

3 томдон турган
чыгармаларынын жыйнагы

3

*ырлар жана поэмалар*

Rаб
Т.б.
ЦБ 87767
библиотека

БИШКЕК
2002

ББК 84 Ки 7-5
А-59

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ:

ААМАТОВ М. (Башкы редактор)
АЙТМАТОВ Ч.
ЭРАЛИЕВ С.
ЖУСУЕВ С.
МАВЛЯНОВ Ж.
САДЫКОВ Ж.
ИБРАЕВ Э.
АКМАТАЛИЕВ А.
БАКИЕВ К.

**Надырбек Алымбеков**
А-59 Чыгармаларынын 3 томдугу: 3-том. Жаралдык Жаратқандын даргойүнон. – Б.: 2002. – 412 бет.

ISBN 9967-409-28-2

А 4702300200-02
ББК 84 Ки 7-5
ISBN 9967-409-28-2

© Алымбеков Н., 2002
© Кыргызстан жазуучулар Союзу, 2002.

## ЖАРАЛДЫК ЖАРАТКАНДЫН ДАРГӨЙҮНӨН

*(Окурманга)*

*Жеримди айт, аасманынан Ай корүнгон.*
*Элимди айт, тирүүлүгү бай корүнгон.*
*Жалгандын дүйносүно конок болуп,*
*Жаралдык Жаратқандын даргойүнон.*

*Баш паанек бул жашоону ширин дебе,*
*Бай туруп байкуштуктун күнүн корбо.*
*Кайрымдуу, кең береке омүрлордү,*
*Каалаймын бир озүңдой тирүүлорго.*

*Болобу болбогондор, же болбойбу,*
*Толобу толбогондор, же толбойбу,*
*Кутулуп биротоло кетпеген соң,*
*Кудайга бараар жолду, кел, оңдойлу!*

## ҮМҮТТҮН КҮНҮ БАТПАСЫН

Чырактай жанса максатым,
Чыгабы менден жакшы акын?
Үстүмдө турат балбылдап,
Үмүттүн күнү батпасын.
Чымын жан — коюу, үшкүрүк,
Чыкканча Кудай сактасын.



## НИЕТИМ

Кур эмес тапканыма үйүм толо.
Кур эмес дасторконум дүйүм толо.
Бой балкып рахаты сезет белем,
Болбосо кокүрокто сүйүүм толо.

Алым бар иштегенге күчүм дайын.
Малым бар ичээриме сүтүм дайын.
Элиме боорукерлик кыла аламбы,
Эрибей тоңуп турса ичим дайым.

Көптүн бири мен дагы корпендемин.
Көрөөр күнүм бар болсо эртең менин:
Жан дүйнөмдү тазартып, андан кийин,
Жараткандын буйругун корсом деймин.

*11-март*
*1998-ж.*

## ДОС

Бешенеси бүркөлүп дос келеби...
Берээр кезде капчыгы бош келеби.
Жылуу сөзүн айталбай бербесе да,
Жылып чыкты үйүмдөн, кош дебеди.

Бошогондо кызматтан каттабады.
Босогомду кайрылып аттабады.
Мага деген ниетин ичке катып,
Мамилесин кайран дос тактабады.

Кайда кетти ширин сөз дилге жакын,
Кайрылгансыйт ошондон бир канатым.
Уялбаган дос үчүн мен уялып,
Түшүрдүмбү бетимдин бир кабатын?

Үңүрөйүп үйүмдөн дос кетеби.
Үмүтүнөн бөксөрүп бош кетеби.
Алганга март, бергенге чыдабаган,
Акыретте мен үчүн от кечеби?

*5-июнь*
*1998-ж.*



## МҮНӨЗ

Таап ичем ашымды кетээр сиңип,
Таалайым бар башымда – эсенчилик.
Жүрөгүмдөн корконум жалтаңдаган,
Жүрбөсөм дейт артымдан сөз ээрчитип.

Душман эмес, дос таптым калыс жүрүп,
Тууган элди сагындым алыс жүрүп.
Колокодон корконум кайсы бирде,
Кокүрөктө жатса да намыс күйүп.

Жоругуна коркоктун күлгөнүм чын.
Жоболоңдоп өмүрдү сүргөнүм чын.
Жалтак кылган Кудайдан айланайын,
Жаман иштен оолактап жүргөнүм чын.

*23-июнь*
*1998-ж.*

## ЖОЛ УШУЛ

Күндөрдү кайрый албайм жылга сиңген.
Күлкүмдү кайрый албайм мунга сиңген.
Өксөө жеп чөлдү кесип аккан суудай,
Өмүрдү кайрый албайм кумга сиңген.

Кусадан бошоно албайм ойго сиңген.
Кумардан бошоно албайм бойго сиңген.
Таалайым тайыздаса ыйлап турам,
Тагдырдын камчысынан жонго сиңген.

Пейлиме ачыркабайм барга сиңген.
Мээнетке ташыркабайм нанга сиңген.
Ичимди ичитарлык сыйрып турса,
Илдеттен кутулалбайм канга сиңген.

Жүлүндөй булак болуп көлгө сиңген.
Жүз ачаар ыр болсо дейм элге сиңген.
Ушинтип ышкы кошуп кайрып жүрөм,
Учкунун кыялдардын желге сиңген.

*5-июль*
*1998-ж.*



## СУКТАНАМ

Суктанам асманыма Ай толгондо.
Суктанам суу ташкындап сай толгондо.
Сыйынбас, сыймыктанбас кыргыз барбы,
Койнунан кут төгүлгөн бай тоолорго.

Жер беле кең Ала-Тоо таанылбаган,
Ажары кимди гана даарыбаган.
Суктанам сабырына тоо элинин,
Жакшы деп жамандыкта наалыбаган.

Үмүтүм тоолорумда чалкып жаткан.
Үстүндө ак булуту калкып жаткан.
Мен деген кулунумун жандай көргөн,
Мекендин Күн алдында балкып жаткан.

*7-июль*
*1998-ж.*

## ЗАМАН АКЫР...

Кыйналсам заман жакыр, заман акыр.
Наныма жетпей турса таман акым.
Барк кылбай тирүүлүктү өтөт белем,
Башымды бийлеп алса жаман акыл.

Кантсе да заман алтын, заман асыл.
Кор болуп кыйналбаса кара башым.
Кең дүйнө кереметтүү сезилмекби,
Кем болсо жүрөктөгү дараматым.

*7-июль*
*1998-ж.*



## ЖОК, ЖОК

Дат жесе сынбас темир жок.
Дарт жесе сынбас өмүр жок.
Берешен, бейпил болсо да,
Бергенин албас Теңир жок.

Өзөнгө сыйбас малым жок.
Өлүмдөн качаар жаным жок.
Жалган да болсо бул дүйнө,
Жашоодон өтөөр багым жок.

*14-июль*
*1998-ж.*

## ЖАЙЛООДО

Жыл сайын келем жайлоого,
Жылкычы досум Шайлоого.
Эрбендеп балам үйрөндү,
Эртелеп кулун байлоого.

Иңирин түндүн таратып,
Илеби жумшак таң атып,
Сугардым далай көңүлдү,
Сулуулук менен жанашып.

Оролуп бутка тулаңы,
Ойгонуп көздүн кумары,
Кыбырап басса суй жыгат,
Кымыздын жугуп "ылаңы".

Бушаймын асман күркүрөп,
Булактын сүтү диркиреп,
Жарашып тоого күлгөнү,
Жамгырдан кийин Күн зирек.

Жайлоодо нечен күн өттү.
Жамгыры кээде жүдөттү.
Карекке тартып калтырдым,
Каагазга сыйбас сүрөттү.

*16-июль*
*1998-ж.*



## ОРДУ ТОЛБОС ТААЛАЙЫМ БИР УШУБУ?

Байланганы багымдын байкалабы,
Байкуш жүрөк сүйдүм деп айталабы,
Тогошконун күтөмүн сезимдердин,
Толкуну жок көл дагы чайпалабы?

Ажайыптуу жай түнү дайра кечип,
Ак көбүгү чачырап айга жетип,
Жүрөгүмө чок түшүп чагылгандан,
Жүргөнүмдү билсеңчи айла кетип.

Түгөнбөгөн санаага тойгонумда,
Түштөн кетпей бир жолу койгонунда,
Үмүтүмдүн билигин балбылдатып,
Күткөнүмдү билсеңчи жол боюнда.

Арзуу деген арсыздын жумушубу,
Айла кеткен жүрөктүн сунушубу,
Ойго келбес ойлордон башым катат,
Орду толбос таалайым бир ушубу?

*17-июль*
*1998-ж.*

## ТУШ БОЛОБУ?

Жамандык жамандардын пейли дечи.
Жакшылык түгөнбөсүн мейли дечи.
Бүлүнтүп көңүлдөрдү не кылабыз,
Бүлбүлдөп келатпайбы өмүр кечи.

Күн жебей гүлкайырдын жыты барбы,
Күлкүнүн дилден бөлөк куту барбы,
Өксөтүп жүрөктөрдү не кылабыз,
Өмүрдүн түгөнбөгөн учу барбы?...

Кыялдай көкөлөгөн куш болобу,
Санаадай көкүрөктө ыш болобу,
Өткөндөр ыйлап кетет не кылмакчы,
Өмүргө мындан өткөн туш болобу?

*20-июль*
*1998-ж.*



## ӨЗӨН БОЙЛОП

Кубат алам күлүктү мингенимде,
Кусалыктан бошоном күлгөнүмдө.
Өмүр дагы бир канча узаргансыйт,
Өзөн бойлоп кең жолдо жүргөнүмдө.

Тешкен тоодон азыраак эңкейгенде,
Түш келипмин ажайып көркөм жерге.
Ойрумалуу жол сойлоп алып кетти,
Оргуштаган суусу мол чөлкөмдөргө.

Сулуулугу эбактан ырга айланган,
Суук кыштын мөөнөтү жылга айланган.
Суктандырып сөөлөтү бөксөрбөгөн,
Суусамырды мен көрдүм улгайбаган.

*21-июль*
*1998-ж.*

**АРМАН ЖӨНҮНДӨ**

1. ХАН АЙТЫПТЫР:

Мендей жанга караштуу, калайыктуу,
Мекендедим жеримди ажайыптуу.
Үйдөй болгон армандын бири ушул,
Үйлөнбөдүм аялга бала жыттуу...

Өмүр отту бир сорум чылым сындуу,
Бир үлпөткө жетпеген пулум сындуу.
Ала-Тоодой армандын бири ушул,
Ат минбедим сынбаты кулун сындуу...

2. МЕН АЙТЫПМЫН:

Тирүүллүккө калтырып тооодой багын,
Тигил жакка кетиптир тойбой ханым.
Анда ошончо бүтпөгөн арман болсо,
Менде канча арман бар, ой-бой жаным!

*21-июль*
*1998-ж.*



**КЫЙНАБАЧЫ**

Карматпаган кыялга жүк түшүрүп,
Канатыма чаппачы бүк түшүрүп.
Чаалыкканда чамамды калчай албай,
Чалкалатып салбачы тик түшүрүп.

Күлүгүнө үмүттүг нокто салып,
Күйдүрбөчү кок жалын отко салып.
Аргымактын арымын байкай албай,
Аламанга кошпочу топко салып.

Ортобузда жок эле жашыруун кеп,
Ойго катып жүрчү элем асылым деп.
Айыбы жок жанымды кыйнап жүрөм,
Мынча неге алдында жазыгым көп?

*7-август*
*1998-ж.*

## ОЙЛОДУМБУ?

Өркөчтөп аккан сууну бойлодумбу,
Өмүрдүн суу экенин ойлодумбу,
Ай-күндөр мага кайрып бере алабы,
Алдатып мезгилиме койгонумду.

Кок ирим аккан сууну бойлодумбу,
Коз кыйбай кетээр күндү ойлодумбу,
Учурум келээр бекен кайрып алаар,
Уурдатып убакытка койгонумду.

Дайрасын махабаттын бойлодумбу,
Даарыган дарт экенин ойлодумбу,
Билбеймин, айтпай жүрүп отчүдоймүн,
Бир жолу бул жашоого тойгонумду.

*10-август*
*1998-ж.*



## АЙЫЛ ЖАКТА

Бир акем мал артынан мал болуптур.
Басанаак жүргөнү тың чал болуптур.
Өлгөнгө убагында бата кылбай,
Өзгөчө тоодон түшпөс жан болуптур.
Бир достун куйтулугу ашыныптыр.
Куучундап ыйманына таш уруптур.
Тубаса эпчил болуп кетмен беле,
Турмуштан далай жолу басыныптыр.

Бир курбум эгин айдап кыйналыптыр.
Колунда жок болсо да чыйралыптыр.
Тонналап буудай сатып ушул күздө,
Жогортон алкыш алып сыйланыптыр.

Бир агам сайрайт экен жыйындарда,
Мечитке барып жүрөт сыйынганда.
Жалгыздап жутуп алат деп угамын,
Жатаарда, эл аягы тыйылганда.

Сатылып мөмө-жемиш, эгиндери,
Соодага тың чыгыптыр келиндери.
Жосунсуз жоруктар көп айыл жакта,
Жок үчүн көр оокаттын жеңил жери.

*21-август*
*1998-ж.*

## КАРА ЖЕРГЕ АЙТААРЫМ

Азыгым сен, тойгузуп топурагың,
Казыгым сен, байланып олтурамын.
Ашыгым сен тирүүлүк, баяның көп,
Барагына өмүрдүн толтурамын.
Жамынаарым дагы эле топурагың,
Сагынаарым өзүң деп олтурамын.
Багынаарым — азыгым колуңдагы,
Болбогонду мен кантип болтурамын.

*22-август*
*1998-ж.*



## КИРДЕДИМ

Баткансып өзүм күнөөгө,
Басынып турам бирөөгө.
Билгенин айтып олтурат,
Билбеймин кимден ким ойдо.

Жөн болдум ага тийишпей,
Жолонгон тоосу бийиктей.
«Сиздики туура» - деп койдум.
Сиңбеген сөзгө ийикпей.

«Мыктууну» ичтен тилдедим.
Мылжыңын угуп кирдедим.
Учурдун сасык дартынан,
Уланган көптүр, билбедим...

*23-август*
*1998-ж.*

## ЗАМАН АЙЛА

Максат кыйын камчылап айдаганга.
Кесел кыйын жылдырбай байлаганга.
Бушаймансыз жашоо жок мындан артык,
Бул жарыкка келсең да кайра-кайра.

Арам иштин агымы дайра-дайра.
Арык эмес түк тартып байланганга.
Калкып учкан булуттун кабагындай,
Кабатырсыз жашоого айла кайда...

Жанды багуу өзүнчө амал-айла.
Жарык менен коштошуу жаман айла.
Чыдамы жок пендеге даба берип,
Чыдап турган баарына заман айла.

*29-август*
*1998-ж.*



## САБЫР ТУТУП

Жалгандын аты чыгат чынга асылып,
Жамандын аты чыгат тыңга асылып,
Сабырым тартып чыгат кайсы бирде,
Саландап турганымда кылга асылып.

Жалаакор камчы чапса жолду тосуп,
Жан ооруп өтө бердим жонду тосуп.
Сааттуу каргашадан дагы болсо,
Сабырым сууруп алды колду созуп.

Көшөрүп ичке катып жабырымды,
Көңүлүм нечен ирет кабырылды.
Кездешкен жамандыктан кыйгап өтүп,
Келатам жөлөк кылып сабырымды.

Жалгандын аты чыгат чынга асылып,
Жамандын аты чыгат тыңга асылып,
Тааныйт го адам деген өзүн-өзү,
Тагдыры чайпалганда кылга асылып.

*31-август*
*1998-ж.*

## ӨЗҮҢ АЙТЧЫ, ЗАМАНДАШ

Тобо кыл, тобо керек кыйналганда,
Мээнетсиз тоодой байлык жыйган кайда.
Не керек замандашым, чынын айтчы,
Напсисин өлмөйүнчө тыйган кайда.

Ободон бышып түшкөн жемиш кайда.
Оокатты ойлонтпогон бейиш кайда.
Ачыгын өзүң айтчы замандашым,
Армансыз, телегейи тегиз кайда.

Санааркап кор оокаттан кысынганда,
Заманга наалат айтып ызылдаба.
Не керек замандашым өзүң айтчы
Ниети көпчүлүктүн бузулганда.

*3-сентябрь*
*1998-ж.*



## КИМ ЖАЛАҢДАЙТ?

Эңгилчеги өспөгөн таш жалаңдайт.
Эки көзү тойбогон ач жалаңдайт.
Айла калбай турганда тынчы кетип,
Акыл-эсин шаштырып баш жалаңдайт.

Шым жыртылса кызаңдап «арт» жалаңдайт.
Шыпырaарда жаныңды дарт жалаңдайт.
Коомайланып күтө албай конокторун,
Кол кыскарып жок кезде март жалаңдайт.

Бөркү түшсө жалтырап таз жалаңдайт.
Бөтөлкөнү көргөндө мас жалаңдайт.
Кайрат кылаар ичинде дем калбаса,
Кадырыңды тебелеп кас жалаңдайт.

Булуттардан бошонсо Күн жалаңдайт.
Бушайманын чыгарып тил жалаңдайт
Айласы миң адамдын азезилдей,
Андан өтүп капырай ким жалаңдайт.

*7-сентябрь*
*1998-ж.*

## ҮМҮТҮМ ҮМҮТҮҢӨ ТОГОШОБУ?

Кыялың кыялыма кездешеби?
Кырлаардын кызгалдагын эстешеби?
Издерге уйпаланып чөпто калган,
Издерим кайра баштан беттешеби...

Ойлоруң ойлорума жанашабы?
Ой басып, уйку корбой таң атабы?
Өрттөнгөн булуттардай алоолонуп,
Өктөлүү өмүр өтүп баратабы...

Кумарың кумарыма тартылабы?
Кучагың кучагыма артылабы?
Тамшанткан таттуу күндөр узап кетти,
Тагдырдын мындан откөн дарты барбы.

Үмүттүн сенде калса орошону,
Үйрүлүп үмүтүмө тогошобу?
Гүл болуп элесиме тоңбой жүрчү,
Күндөргө туш болсом да борошолуу.

*11-сентябрь*
*1998-ж.*



## ЭСТЕТПЕЧИ КӨП ЭЛЕ

Жетишпеген заманда жетишпеген,
Кетишпеген жан болчу кетишпеген.
Кандайсың деп жайымды сурап жүрчү,
Карайласам суу кечип өтүк менен.

Өксөөсү көп күндөрдө кыйын деген,
Өлчөбочү баркымды тыйын менен.
Болоп жүрчү көөнүмдү ызатыңа,
Боксөрбөгөн кадимки сыйың менен.

Ыклас бар менде да «табам» деген.
Ысык жанды кор кылбай багам деген.
Эстетпечи көп эле жоктун дартын,
Эл тоюнуп оңолоор заман деген.
Тобосу бек кыргызым аман болсун,
Кыйналганда сөзү жок «жаман» деген.

*18-сентябрь*
*1998-ж.*

## ОКШОЙТ, ОКШОЙТ

Жыл дегенди жыл кылган айлар окшойт.
Жылгаларга үн кошкон сайлар окшойт.
Эркиндикке биринчи колу жеткен,
Элден чыккан азыркы байлар окшойт.

Тоо дегенди тоо кылган кырлар окшойт.
Токчулуктун башынды тындар окшойт.
Санааркаган эл тынчыйт кайсы бирде,
Саясатта бир укмуш сыр бар окшойт.

Булуттарды элирткен шамал окшойт.
Бузуктарды семирткен амал окшойт.
Уят менен намыстан кол үзгөн көп,
Ушунубуз баарынан жаман окшойт.

*20-сентябрь*
*1998-ж.*



## БАР БОЛГУЛА

Ким келбейт тирүүлүктүн базарына.
Ким көнбөйт көр оокаттын азабына.
Кулпунтуп гүл өмүрдүн багын ачып,
Курбулар аман-эсен жашагыла!

Тарыхтын барагындай ача берээр,
Дайыма ыйыксыңар бата берээр.
Билигин асыл жандын балбылдатып,
Биз үчүн бар болгула ата-энелер.

Бар болсо балдан өткөн ширинсиңер,
Багыбыз, байлыгыбыз бир өзүңөр.
Ар качан балдар эсен болсун дейбиз,
Анткени үмүтүбүз силерсиңер.

Тагдырдын табышмактуу тар жолунда,
Таалайын издеп тапкан жан болгула.
Байсалдуу сапар буйруп улуу көчтө,
Баарыңар эсен-аман бар болгула!

*22-сентябрь*
*1998-ж.*

## ӨМҮР – САПАР

Жеңе албадым жүрөктүн дартын дайым.
Желдей учкан кыялдын артындамын.
Илдетинен бирөөнүн жапа чексем,
Илебинен бирөөнүн балкылдаймын.
Көңүл билбес көңүлдүн баркын дайым.
Көлөкөсү булуттун салкын дайым.
Карыш жылбай тагдырдын жетегинен,
Канаты бар үмүттүн артындамын.
Убаданын жакшысы алтын дайым.
Уулу билбес атанын баркын дайым.
Көз көрбөгөн жээкке сапар тартып,
Көк деңиздин үстүндө калкылдаймын.

*28-сентябрь*
*1998-ж.*



## СҮЙКӨНБӨ

Сүйбөгөнгө сүйкөнбөгүн сүйкөнбө,
Сүйгөнүңдү келтиргенче ийкемге.
Көздүн баркын, сөздүн баркын билбесе,
Көөнү жокко көз артканың бир теңге.

Сүйүү азык, сүйүү дары өмүргө.
Сүйбөгөндү сүйчү элем деп теминбе.
Жеткениңче сен эңсеген кишиңе,
Жеген дурус бир кап тузду кеминде.

Кордугу көп, анын канча ылаңы,
Кошулганча эки тоонун булагы.
Күчкө салып жүрөгүңдү зордобо,
Күйбөй турса махабаттын чырагы.

Кеп коротуп сүйкөнбө,
Келтиргенче ийкемге.
Көңүл оту жанбаса,
Көз артканың бир теңге.

*29-сентябрь*
*1998-ж.*

## ЖАРАТЫЛЫШ ЖАНА МЕН

Түнөөр беле ак булут тегиз жерге,
Түшөөр беле бир жылдыз өбүшкөнгө.
Тилек кылып шамал да жортобу дейм,
Тирүүлүктүн азабын бөлүшкөнгө.

Чоң илеген Күн жанат күйдүм дебей.
Чоку турат асманга тийдим дебей.
Ылымсырап жылдыздар бири-бирине,
Ыктоо тартып сууктан үйрүлгөндөй.

Жылчыгы жок көк жатат каңтарылбай,
Жылдырууга капкагын жан табылбай.
Каңгып жүрөт Ай дагы көктө жалгыз,
Кадырлашып сүйөөргө жар табылбай.

Айрымам жок гүл соргон көпөлөктөн,
Азабына турмуштун жетелеткен.
Алтын башы аманат бир пендемин,
Асыл жанын торгойдой безелентken.

*30-сентябрь*
*1998-ж.*



## ЖОЛ КАНЧА?

Улагада жаш элем,
Торго чейин жол канча?...
Утурумдук өмүрдө,
Көргө чейин жол канча?

Тагдырымды колго алып,
Чайкагандай болдумбу...
Табышмактуу дүйнө экен,
Байкагандай болдумбу...

Жалган деген дүйнөнүн,
Жалганына көз жетпейт.
Жалган эмес чын болуп,
Калганына көз жетпейт.

Мүшкүлүнө замандын,
Тарыбаган ким дейсиң.
Мүңкүрөтүп жаш келсе,
Карыбаган ким дейсиң.

Жараткан өзү билбесе,
Жашоонун чегин билбейсиң.
Өлчөнүү бирок өмүр-жаш,
Өлбөй калаар ким дейсиң.

Жерде бүткөн байлык көп,
Ушунчалык, не дейбиз...
Желдей учкан өмүргө
Ошончолук кедейбиз.

Көзөлдөргө көз артып,
Бурулбаган ким дейсиң.
Көзү сокур сүйүүгө,
Урунбаган ким дейсиң.

Көз ирмемчик жыргалга,
Малынбаган ким дейсиң.
Көралбастар тор жайса,
Чалынбаган ким дейсиң.

Көңүлдүн болбой ышкысы,
Дубалаган ким дейсиң.
Көчүп турган санааны,
Кубалаган ким дейсиң.

Маңдайга чийген багыңды,
Барктабаган ким дейсиң.
Бар-жогуңду оокатка,
Зарптабаган ким дейсиң.

Ак шоолададай үмүттү,
Жүгөндөгөн ким дейсиң.
Асыл жанды багам деп,
Түгөнбөгөн ким дейсиң.

*17-октябрь*
*1998-ж.*



**КУШ БЕЛЕМ ЗАРЛАП УЧКАН БИР КАНАТТУУ?**

Уйкусуз жылдыздарды таң калтырып,
Учу жок үмүтүмдү жандандырып,
Ай баткан кезде келчи күлүк минип,
Атыңдын кулагына шам жандырып.

Тоо башы таң нуруна айкалышып,
Толкундар тынчыганда чайпалышып,
Изи жок кайык минип өзүң келчи,
Өчөөрдө билигиме май тамызып.

Шаң берип сур булутка кир кабактуу,
Кышта кел түндү жарып бурганактуу.
Кулпунган жаз койнуна алып кетчи,
Кушуңду зарлап учкан бир канаттуу.

*24-октябрь*
*1998-ж.*

## ЖӨНДӨПТҮР

Дүйүм-дүйүм тамакты,
Түрлөп жеген дөөлөттүр.
Түгөнбөгөн үзүрдү,
Түптөп турган мээнеттир.

Жеп тынбаган пенделер,
Жердин бетин ээлептир.
Кол жеткендин баарысын,
Коноктору оонoптур...

Жарашыктуу кийинүү,
Жашоого көрк, соолоттур.
Жакшы деген атакты,
Жан бүткөнгө бербептир.

Жалпы элди жакшы кылууга,
Жараткан эгем көнбөптүр.
Утурумдук өмүрдү,
Ушундай кылып жөндөптүр.

*24-октябрь*
*1998-ж.*





## КАТАРЫНДА

Жарык Күн өчпөгөндүн катарында.
Жылдыздар көп дегендин катарында.
Өмүргө келгендердин бири калбай,
Өлүмгө беттегендин катарында.

Кең дүйнө боксорбостун катарында.
Кең асман өзгөрбөстүн катарында.
Аралап келбеген соң айтуу кыйын,
А дүйнө көз көрбөстүн катарында.

Убайым бүтпөгөндүн катарында.
Убакыт күтпөгөндүн катарында.
Көп жерде имерилип кыйбай турган,
Көңүлдөр түтпөгөндүн катарында.

Жан тартуу кыйбагандын катарында.
Жакындык сыйлагандын катарында.
Ачкөздүк жанын жесе бирөөлөрдүн,
Өлгөнчө ыйлагандын катарында.

Тынган көңүл барктуулардын катарында.
Сынган көңүл дарттуулардын катарында.
Той-ашка топтогонун чачып конгон,
Тоолуктар салттуулардын катарында.

Өкүнүү тазаруунун катарында.
Өч алуу баш алуунун катарында.
Батынып айбандыкка баргандардын,
Балдары азалуунун катарында.

Ушакчы илдеттүүнүн катарында.
Уяттуу биркептүүнүн катарында.
Азаптуу өмүр сүрүп балдарым деп,
Ата-эне милдеттүүнүн катарында.

Жалганчы шектүүлөрдүн катарында.
Далдалчы эптүүлөрдүн катарында.
Бай жашап, тың жүргөндөр бийлик кылып,
Балдары тектүүлөрдүн катарында.

Оокаттуу дармандуунун катарында.
Оройлор жаңжалдуунун катарында.
Байланып аз өмүрдүн кулу болуп,
Бардык жан армандуунун катарында.

*27-октябрь*
*1998-ж.*



**БӨКСӨРҮҮ**

Үрөйдө болсо өзгөрүү,
Үмүттө болсо бөксөрүү?
Ойлорду турмуш түзөтүп,
Окшошпой калды көп жери.

Учурда канча өзгөрүү,
Улгаюу белем бөксөрүү?
Бараткан жагым караңгы,
Багытым неге тескери?

Ок болот курчтук сөздөгү,
От болот кумар көздөгү.
«Туулдуң-өлдүң» - деген бар,
Турмуштун өзү бөксөрүү.

*11-ноябрь*
*1998-ж.*

## КОШТОШООРДО

Козгобочу кордугу көп арманды,
Колду берип кош дешээрге ал барбы.
Сезим деген өрттөнгөндү түшүнөөр,
Сенден бөлөк, сенден өткөн жан барбы...

Көңүл сыйган колдун бетин муз алып,
Көкүрөктү кыйнап жүрөт кусалык.
Туткун болдум элесиңе мендеги,
Тушалбаган кыялдарым тушалып.

Балбылдатып үмүттүн шам чырагын,
Бараткансыйт баштан ашып кумарым.
Ойдон кетпес жалгыз бирөө бар болсо,
Ошол кишим сен окшойсуң ынагым.

Коштошоордо колум барбай сунганга,
Таңдайымда тилим катып турганда.
Көздөрүңдөн күтөөрүңдү билдирип,
Көз ирмемде бөлөп кетчи жыргалга.

*14-ноябрь*
*1998-ж.*



## ЭСКЕ САЛАМ

Үстүмө жылдыз сепкен айларымды,
Үмүттүн канатына байладымбы...
Закымдар каркырадай чубап өтүп,
Саналар эске салат кайдагыны...

Күлүктү байлагандай жүгөн илип,
Күндөрүм токтободу имерилип.
Жылт эткен бир элести багып жүрөм,
Жылдардын арасында бир өмүрлүк.

Кырларым бош калгандай жылкы айдаган,
Жылдарым узап кетти кылчайбаган.
Кумарлуу ошол элес агып жүрөт,
Кусалык дайрасында муң чайкаган.

Үстүмө жылдыз сепкен айларымды,
Үмүттүн канатына байладымбы.
Кастарлап элесиме катып жүрөм,
Качанкы сылап өткөн айдарымды.

*21-ноябрь*
*1998-ж.*

## УЧУРДА

Тумшуктуулар биригип,
Тоого айланып кетчүдөй.
Урчуктуулар биригип,
Зоого айланып кетчүдөй.
Ууру-кески биригип,
Жоого айланып кетчүдөй.

Жол тоскондор семирип,
Алпка айланып кетчүдөй.
Жердештерге жан тартуу,
Дартка айланып кетчүдөй.
Так талашуу аз элге
Салтка айланып кетчүдөй.

Кыр-кырдагы кыргыздар,
Кырк бөлүнүп кетчүдөй.
Кыйчалышта бирикпей,
Ырк бөлүнүп кетчүдөй.
Жула качма тындардан,
Журт бөлүнүп кетчүдөй.

Карылардын калыс сөз,
Желге айланып кетчүдөй.
Карып болуп куттуу жер
Чөлгө айланып кетчүдөй.
Кайран кыргыз бир шордуу
Элге айланып кетчүдөй.

Биз сүйбөсок Мекендин,
Бөксөөсү көп болчудай.
Өтүмсүздүк басынтса,
Өксөөсү көп болчудай.
Текшерүүлөр жадатып,
Тескөөсү көп болчудай.



Кара өзгөйлүк күч болсо,
Калк башына кончудай.
Боору ташты көп болсо,
Болоорунча болчудай.
Ар-намыстуу эл болсок,
Ай төбөдөн толчудай...

## КАРААН БОЛДУҢ ТҮН ЖУТКАН

Бактымды батыралбай тутамыма,
Үмүттү байлай албай учаарында.
Каректен алыстатып карааныңды,
Калтырдым караңгынын кучагына.

Ободон жылдыз эрип сүткө айланып,
Ошол түн бир ажайып түшкө айланып,
Байланып багым менин элесиңе,
Баратат багынбаган күчкө айланып.

Карайган булут жуткан Айым белен,
Качандыр бир көрүүгө кайыл белем.
Түшүмдөн көрбөсөм да жамалыңды,
Түн жуткан карааныңды дайым көрөм.

Бакыттын кучагына,
Байладың учаарымда.
Баео дил ыйлабасын,
Басынтып ыза кылба.

Түн калып кучагыма,
Түшүпмүн тузагына.
Суу өмүр бөксөрбөсүн,
Суранам, ыза кылба!

*17-декабрь*
*1998-ж.*



## ИТ КЕМИРСЕ ИЧИМДИ

Кумга айлантып коембу ташты мыкчып,
Кутулбадым санаадан башты мыкчып.
Кумарына жашоонун канбай келем,
Кудай берген бир тутам жашты мыкчып.

Куян деген жүдөтсө белди мыкчып,
Кулкуну чоң күн көрөт элди мыкчып.
Туткун болуп келгенче кур кыялга,
Тутамдасам болбойбу желди мыкчып.

Булуттардын өчү бар Күндү мыкчып,
Буурул таңдын өчү бар түндү мыкчып.
Ит кемирсе ичимди кайсы бирде,
Илдетимди көтөрөм дилди мыкчып.

*20-декабрь*
*1998-ж.*

## ИЧИМДЕГИ СУЛУУЛУК

Сүйүү сулуу аруулук жагы менен,
Сүйгөн сулуу мандайдын багы менен.
Сулуу бойдон умтулуп өлбостүккө,
Сүйүү кетет адамдын жаны менен.

Көңүл сулуу гүлазык дили менен,
Өмүр сулуу кечирген күнү менен.
Айдын өзү сулуулук ашып-ташкан,
Айкалышып жылдыздуу түнү менен.

Бычактагы сулуулук кыны менен,
Жылкыдагы сулуулук сыны менен.
Арбап турат сулуулук ичимдеги,
Анын жөнү башкача чыны менен.

*24-декабрь*
*1998-ж.*



## УШУЛ ДАРТ

Учуп түшкон күздогү жалбырактай,
Ууз сезим түйшолот, магдыратпай.
Сүйүү деген сүйүүдой болбой калсын,
Жүрөк деген жүроктү жалдыратпай.

Телегейим кай бирде тегиз болуп,
Тентек көңүл кыялга эгиз болуп,
Жан дүйномдүн ышкысын издей берем,
Жашоо үчүн ушул «дарт» негиз болуп.

*24-декабрь*
*1998-ж.*

## ЖОЛ БЕРЕМ

Түгөнбөстөн түйшүктүү сапарыбыз,
Түгөл бойдон турса экен катарыбыз
"Бар" дегенди багынтып «жок» деген сөз,
Бараткансыйт көбөйүп начарыбыз.

Жууса кетпес береке жер үстүндө.
Жутаар аба, ичээр суу эң үстүндө.
«Жакшы ниет – жарым ырыс» - деген нуска,
Калып кетти негедир көмүскөдө.

Ким куткарат замандын кезеңинен,
Ким арылтат учурдун кеселинен,
Дүйнө турат кыйшайбай дагы болсо,
Жакшысы көп элдердин эсебинен.

Андай болсо ак ишке жол берели,
Акылдууга ызаттап кол берели.
Тоолуктардын намысы ойгонсо экен,
Тосо бербей кордукка жон дегенди.

*25-декабрь*
*1998-ж.*





## ЗАРЫМ СЕНСИҢ

Дартымдын дабасы сен, дарым сенсиң.
Тагдырым буйрубаган жарым сенсиң.
Арзуунун тунук колү сазга айланып,
Айтылып бүтпөй калган зарым сенсиң.

Узатып күндөрүмдү байыры жок,
Урундум жок таалайга кайыры жок.
Бозортуп асманымды мээрин токкон,
Айыптуу болдум неге, айыбы жок.

Өксүүдөн жүдөө тартып сезим деле,
Өзүмдү күнөөлөймүн өзүм неге?
Үмүтүм элесинден калбаса да,
Үшкүрүп жалгыз калам көз ирмемде.

Жүлүндөй ичке булак дайра болуп,
Жүрчү элем жүрөк «дартым» айла болуп.
Мен деген жетээр белем канат сермеп,
Сен деген кол булгасаң Айга конуп.

*26-декабрь*
*1998-ж.*



## ЖЫГЫЛЫП КУЧАГЫМА АРМАН КАЛДЫ

Өркөчтөп аккан суудай сайлардагы,
Өмүрдүн жаштык экен чай кайнамы.
Сук артып ажарынан өпкөнүмчө,
Суурулуп кучагымдан айлар калды.

Ак сүттөй сезим жанып ырлардагы,
Ашыккан издер калды кырлардагы.
Боорума жылытайын дегенимче,
Бошонуп кучагымдан жылдар калды.

Жылмайып кирип келсе жылым жаңы.
Жылдарым жүзгө жетсе кылым жаңы.
Жагылып кучагыма арман калды.
Жыргалга бөлөөрүмдө чымын жанды...

*27-декабрь*
*1998-ж.*



## ӨЛБӨГӨН ЖАНГА ЫР АЗЫК

Учуудан талбай канаты,
Убакыт өтөт сабалап.
Куш уйку өмүр өткөнчө,
Кудайга жаның аманат.

Армансыз пенде болобу,
Айтылбай ичте сыр калса.
Азыгы ошол эмеспи,
Аманат жанга ыр калса.

Тирүүлүк деген доодоттүн,
Тил экен алтын казыгы.
Ырларга сиңген керемет,
Ышкылуу жандын азыгы.

Өйдөлөп курак келгенде,
Өмүрлөр кетээр кыр ашып.
Өзөккө дары, бойго дем,
Өлбөгөн жанга ыр азык.

*31-декабрь*
*1998-ж.*

## ОЙЛОРДУН ДҮЙНӨСҮНДӨ БЕЗИЛБЕЙМИН

Ободон мага төксө Ай жамалын,
Оролуп чачтарына байланамын.
Орошон сүйүүлөрдөн дүйнө бүтсө,
Ошонун сүт даамынан айланайын.

Жел эмес күндө минип айдаганым,
Жер эмес Күн сулууну айланамын.
Түйшүктүү дөөлөт экен жашоо чиркин,
Түгөнбөс кумарына байланамын.

Өмүр дейт мезгилдин бир көз ирмемин.
Көңүл дейт толкуганын сезимдердин.
Оордоп кайсы бирде санааларым,
Оорутуп өз жанымды өзүм жеймин.
Ойлордун дүйнөсүндө безилдеймин.

*4-январь*
*1999-ж.*



## БАШЫМ БАРДА

Көөдөндө жан, ыйыкта башым барда,
Көптү көрүп дасыккан жашым барда
Өнөр таап, өмүрдү бай кылсамчы,
Өйдө карай кулатаар ташым барда.

Көкөлөгөн чынардай жашым барда
Көөдөндө дил, ийинде башым барда.
Жаз деминдей кубатты тапсам кана,
Жаралгандан бейкүнөө асыл жанга.

Алчактаган минээрге атым барда,
Адам деген эң бийик затым барда.
Баркы кымбат өмүрдүн багын ачып,
Батып кетсем мейличи закымдарга.

*7-январь*
*1999-ж.*

## СООСУ БАРБЫ?

Таш дегендин алдында тамыр барбы,
Таш боордун дилинде жабыр барбы.
Жуурулушат тагдырлар өмүр менен,
Мындан өтүп ийленген камыр барбы.

Суу дегендин тутаарга боосу барбы,
Желден бөлөк абанын жоосу барбы.
Көкүрөктү мыжыккан санаа барда,
Кор пенденин күнөөсүз соосу барбы?

*7-январь*
*1999-ж.*



## ЖАЗУУЧУЛУК АБАЛЫМ

Башчы болдум бал тилим ачуу чыгып,
Барктуу болдум дабышым катуу чыгып.
Тандап алган кесибим артта калып,
Тартып кетти акыры жазуучулук.

Алымбековду көп чыгаар билем деген
Аты чыккан көп элге килем менен.
Ар бир үйгө тартуулап сулуулукту,
Алпуруштум иш менен түгөнбөгөн.

Ыр жолуна башымды байлап алдым.
Ышкы толгон көк кайык айдаганым.
Кеткен болсом адашып багытымдан,
Кечирсе экен эл-журтум айланайын.

Жаш өткөндө оңойбу жазуучулук,
Жаңы өнөргө тиш жарып, азуу чыгып,
Безеленткен жанымды түйшүк таптым,
Бет алдымдан дагы бир ашуу чыгып...

*9-январь*
*1999-ж.*

## СЕН ЖАНБА

Сен эсен-соо, мен барда,
Сезимде жалын дем барда.
Чыйратат турмуш нечэнди,
Чыдагын балам, сен жанба.

Алтын баш эсен, мен барда,
Артында калың эл барда.
Кайратты толгоп бошотпой,
Каралдым эми сен жанба.

Көөдөндө ысык дил барда,
Көңүлдөй назик гүл барда.
Иш жазап кеткин айтаарлык,
Ичээр суу, көрөөр күн барда.

Мен эсен-соо, сен барда,
Мээнет кыл балам дем барда.
Жөнөттүм жаштын далайын,
Жөлөгүм эми сен жанба.

*11-январь*
*1999-ж.*



## МИЛДЕТ

Ылайдан чыгарыпмын тыгылганды.
Ызаттап тургузупмун жыгылганды.
Адептүү болоюн деп тырышпадым,
Адамдык милдет окшойт мунун баары.

Сооротуп жүргөнүм чын ыйлаганды,
Сыйладым, сыйлай берем сыйлаганды.
Кишиге киши душман болсо дагы,
Кимде жок көңүлдөрдүн кыйбаганы.

Намыстын катуу белем мыйзамдары,
Мен дагы көп жөлөдүм кыйшайганды.
Өзүмдөн кеткен ката өчпөс сыя,
Өзөктө тагы калат жуусаң дагы,
Өчөшүп кетпейт экен куусаң дагы.

*14-январь*
*1999-ж.*

## ЖАР ЭТЕГИ КЫЯ ЖОЛ

Жар этеги кыя жол,
Жамгырдан кийин тайгактыр.
Саратан жайда уйларды,
Сай ылдый кууган сайгактыр.

Өзүм деп жатка сыр айтпа,
Өз башың үчүн айгактыр.
Билекте болсо даремет,
Бирөөгө мүмкүн айбаттыр.

Жүрөктө болсо даремет,
Бир элге намыс, кайраттыр.
Башчыда болсо даремет,
Багынан журту тайбастыр.

*16-январь*
*1999-ж.*



## УМТУЛГАНЫМ УМТУЛГАН

Жашаймын деп келипмин бул конушка,
Жаалы катуу тагдырга кул болушка.
Ушул башым ыйыкта эсен жүрсө,
Умтулганым умтулган тың болушка.

Коздогонго жетпесең тындык кайда,
Коргонүно ынанбай чындык кайда
Коз жаргандан умтулган мендейлерге.
Коктон түшүп бай кылаар шумдук кайда.

Токтоталбай күнүмдүк ызылдашты.
Тобокелге коп салдым ушул башты
Берген Кудай берээрин унута элек
Бирок бибейм, береби узун жашты?
Келбет-бойго карабайм, кокүрок жаш
Кечээ гана күйөөгө кызым качты.

*31-январь*
*1999-ж.*

## БҮТ БЕКЕР

Кудаанын күнү бепбекер.
Кулакка сиңген кеп бекер.
Асманы аба, жерде суу,
Адамбыз баарын жеп кетээр.

Илеби күндүн ит бекер.
Ичтеги намыс-күч бекер.
Жаралган күндөн адамзат,
Жашоонун шарты бүт бекер.

Ай төккөн жарык нур бекер.
Акынга эргүү, ыр бекер.
Эзелтен бери жер бети,
Энчиге тийген кур бекер.

Табият чүмкөп үй бекер.
Таалайга бүткөн дүйнө экен.
Ушундай бекер керемет,
Бизден бөлөк кимде экен.

*1-февраль*
*1999-ж.*



## АЗ БОЛСО ДА

Кымыздын аты жакшы сүт болсо да
Кыл сакал соолот экен түк болсо да
Мээнетим атак-даңкты берген болсо,
Мен дагы котормокмүн жүк болсо да.

Тууган жер мага кымбат таш болсо да
Туу жондун кары кетпейт жаз болсо да
Эчактан тарых билген аты-жонүн,
Элим бар кыргыз деген аз болсо да.

*7-февраль*
*1999-ж.*

## СУНУП КЕЛЕМ

Өзүмдү өзүм байкап биле албадым,
Санаамды бир сапырып күлө албадым.
Жанбаган өмүр экен толгоосунан,
Тоо болуп жыйылганбы, күнөөм калын?

Сыр катсам көкүрөктүн тереңине,
Сыртымдан байкагансыйт бирөө жарым.
Чыйралып домуң дедим душманымды,
Чынында өзүмдү-өзүм жыкпадымбы.

Дилимди ууз менен чайкаганча,
Дирилдеп далай сөздү укпадымбы
Кантсе да калың журтка сунуп келем,
Кашыктап ой көлүнөн сузганымды.

*8-февраль*
*1999-ж.*



## ЖЫЙЫРМА БЕШ ЖЫРГАЛ УБАКПЫ

Жыйырма беш жыргал убакпы,
Жылгадан аккан булакбы,
Ойлонбой жүргөн ким дейсиң,
Орошон ошол куракты...

Мээнеттин жолу ыраакпы,
Мезгилим канча кыр ашты
Үмүттүн шамы бүлбүлдөйт,
Үйлөсөм очоор чыракпы.

*11-февраль*
*1999-ж.*

## ЖАМАНГА БИЙЛИК, ЖОЛ ТИЙСЕ

Жаманга бийлик, жол тийсе
Жакшыны кетээр тебелеп,
Бир балээден миң балээ,
Өсүп чыгаар мөмөлөп.
Ызат сыйы бар адам,
Ыйманы менен төрөлөт.
Өмүр берсин жакшыга,
Өлсө дагы жөн өлөт.

Мокоткондор элде көп,
Моюндары жоонбу...
Бир кумалак миң болуп,
Бүтсүтөбү коомду...
Калыс сүйлөп түз жүрүш,
Калайык журтка оорбу.
Жамандап жүрүп не таптык,
Жашаган ушул доорду?

Тайрактаган элде көп,
Таянганы жоонбу.
Бир наадандык, миң болуп,
Тепкени жаман боорду.
Адептүү сүйлөп, түз жүрүш,
Адамдар үчүн оорбу.
Келеке кылып не таптык,
Кечеги өткөн доорду.

Жакырчылык кош айтса,
Жакшы күндөр көп болоор.
Бир жаманды миң жакшы,
Бөгөп коймо чеп болоор.
Ак тилегим ишке ашса,
Айткандарым эп болоор.
Дүйнөгө элим таанылып
Дүңгүрөгөн кеп болоор.

*14-февраль*
*1999-ж.*



## ЫРГА БЕРДИМ ӨМҮРДҮ

Башчы болдум Оштогу чыт заводго,
Багын ачкан жаштардын кут заводго,
Кездемелер чыкчу эле суудай агып,
Кебез соруп тойбогон жут заводдо.

Килем токуп баштадым кыркка келип,
Кеңирсиген кенен Чүй журтка келип
Жүрө-жүрө токудум ыр дегенди,
Жүрөгүмдү бийлеген ыркка көнүп.

Ондогон жыл көтөрдүм башчылыкты
Опол тоодой ишеним - жакшылыкты
Мээнет кылдым ушунча белди чечпей,
Мезгил дагы ошончо жашты жутту.

Чарчаар жашка келатам жылып-конуп,
Чарба иштерим баратат унут болуп
Дирилдеген өмүрдү ырга бердим
Дилим түшсүн кагазга тунук болуп.

*15-февраль*
*1999-ж.*

## ОКУЛГАН ЖОК ЖАНАЗА

*Дин жөнүндө ой*

Маркумдун иши түштү таразага,
Эч бирөө турбай койду жаназага.
Өлгөндүн бир жакыны тыйып койду,
Өкүрүп келгендерди ала-сала.

Майыпка бата-дуба окулбады,
Кетип жатты келгендер олтурбады.
Кандашыбыз өтүптүр башка динге,
Туура көрүп сүрөткө чокунганды.

Көптүн бири мен дагы мусулманмын,
Кудай бирөө деп келет ушул жаным
Өтөөр-кетээр учурда жашасам да,
Өзгөчө бир кырдаалдын тушундамын.

Чынын айтсак пас экен деңгээлибиз.
Динин бекем тутканбы элдерибиз?
Бир ууч калктын бир канча дини болсо,
Эмне болот эртеңки көргөнүбүз...

Жеңил гана жылоолоп эркиндикти,
Жерге бапай бир сыйра желпиндикпи
Балдарыбыз батыштын желине мас,
Башка динге ушунтип серпилдикпи?

Мен да ойлоном өзгөргөн жер жөнүндө,
Мен да ойлоном бөксөргөн көл жөнүндө.
Оокат үчүн балдары динден чыкса,
Ойлонбойбу чоңдору эл жөнүндө?

Моюн сунуп намаздан канаат алган,
Момундар аз сыйынган таң азандан.
Жаттап алган сүрөөсүн бетке кармап,
Молдокелер бошонбойт жаназадан.



Чамабыз чак, динибиз мына ушундай.
Чала ачыган кедейдин кымызындай.
Кыйын чакта кыргыз жок мойнун тоскон,
Кылыч да жок Ааланын кылычындай...

*17-февраль*
*1999-ж.*

## КАЛЧАП ЖҮРӨТ

Жашымды мезгил деген каарып жүрөт
Жанымды үмүт деген даарып жүрөт
Күлкүгө мас болгонум эсимде жок,
Көкүрөк күңгүрөнүп наалып жүрөт.

Ойлорум ордун таппай каңгып жүрөт
Ок жетпес кыялдарым дарбып жүрөт
Базардан сатып алаар түгөйү жок,
Баарына чыдайт экен жалгыз жүрөк.

Балдарым атакелеп жалтак мүнөз
Алганым балдарым деп чарчап жүрөт
Тамтаңдап таалай издеп тапканымча,
Тагдырым өйдө-төмөн калчап жүрөт.

*17-февраль*
*1999-ж.*



## ТӨРТ САПТАР

1
Өмүрдү курап жүрөм толкундардан,
Өткөнсүйм көпүрөдөн солкулдаган
Туз жутуп кайнабаган ким бар дейсиң,
Турмуштун казанында боркулдаган?

2
Намазын ар ким окуйт билгенинче,
Акылды уккан угат сиңгенинче?
Эр жигит бир дубанды башкарса да,
Үй ичин бийлей албайт бир келинче.

3
Өлбостүккө пенделер зар окшойбу,
Тойбостугу канында бар окшойбу,
Коргонүнө коз тойбос мендейлерге,
Асман, жердин арасы тар окшойбу.

4
Таш куласа дүңгүрөп сайга түшөт
Тоо бооруна дагы бир сайма түшөт
Арт жагында, ким билет из калаарын,
Ай куласа билбеймин кайда түшот.

## УЧУРДАГЫ ЧАКЫРЫК

Жер бетине жан болуп таралгандар,
Желден эмес сүйүүдөн жаралгандар,
Бараар жерге тартынбай баралгандар,
Байкуштуктун желесин тытса кана.
Таш коргонго камабай кайрат-күчтү,
Дангыр жолго жетелеп чыкса кана
Башчылардын айтканын багыт кылып,
Жакшылардын этегин тутса кана...

Аруу дилди бөксортпой турса кана.
Адал ишке ниетти бурса кана.
Алты кулач тамырын арамдыктын,
Айбалталап түбүнөн жулса кана.
Оңой эмес болсо да тазалануу,
Ошол жакка бир кадам жылса кана.
Сымап болуп ылдыйга томолонбой,
Сынаар болсо тазарып сынса кана.

Жакырчылык басынтып албаса экен
Жашоо күндү жакшылык жандаса экен
Учурдун талабына жуурулушуп,
Ушул эл биримдигин танбаса экен.
Маңыроолор төрөлүп малга окшогон,
Манкурттукка кайран эл барбаса экен.
Түгөнбөгөн ырыскы Ала-Тоодон,
Түптүү журтум ажырап калбаса экен...

*23-февраль*
*1999-ж.*



## КИМДЕР МАС?

Кырлар мас жаздын мээрин сиңиргенде.
Кыял мас сулуулукка кирингенде.
Жамгыр мас шыбырына жалбырактын,
Жаз менен келсе керек сүйүү жерге.

Дарак мас эрке желге ийилгенде.
Талаа мас жайдын демин шимиргенде.
Мас болбой жүргөн барбы арабызда,
Махабат жүрөктөргө үнүлгөндө.

Жаным мас, көз уйкуга илингенде,
Жашоо мас, өмүр чачып тирүүлөргө,
Ажалдын кыянатын айта корбо,
Андайды мас кылалбайт сүйүү неге?

*27-февраль*
*1999-ж.*

## МЭЭРИМИҢДИ МЕНДЕЙДЕН АЯБАЧЫ

Жүрөгүм ишенгенден ынайм сага,
Жүзүңдү көрбөсөм да Кудай-Таала.
Жалбарып бир өзүңө таянамын,
Жанымды жеп турганда ылай санаа.

Өзүмдү кырк миң жолу алдасам да,
Өзгөрбөй сезимдесиң Алла-Таала.
Бир жолу таразаңа түшөөрүм чын,
Миң жолу жакшы көрүп жалгасаң да.

Ыйманым болсо дагы бүтүн менин,
Баары бир корккондордун ичиндемин.
Доомааттуу шум дүйнөдө жашап туруп,
Жетеби түз жүрүүгө күчүм менин.

Айыптуумун күнөөмдү тактай албай,
Азабы көп өмүрдү мактай албай.
Мээримиңди мендейден аябачы,
Милдетим көп, жүрбөйүн актай албай.

*27-февраль*
*1999-ж.*



## СЫМАК–СЫМАК

Кебетеси жалаанын көө сымак.
Кемчилиги бирөөнүн тоо сымак
Жаман санаа курусун бир илээшсе,
Жан дегенди тытып жейт чөө сымак.

Олдоксондун оозу бар ооз сымак.
Осол сөзү өзүнө кооз сымак.
Алаарында бирөөлөр алгыр куштай,
Берээринде бечара жоош сымак.

Ишке ашпаган кеп-кеңеш акыл сымак.
Илберинки жылуу сөз жакын сымак.
Чама келбейт күндөрдү токтотууга,
Чапса колдон суурулган атым сымак.

*5-март*
*1999-ж.*

**ОЛТУРАМЫН**

Суулар агат жай түнү шоокумданып,
Шоокумдарын ким укпайт моокум каныл
Аймалаган булуттун кучагында,
Ай баратат батышка толкун жарып.

Асман, жер, мунун баары кайдан бүткөн?...
Бөлөкчө жашай албайм, айлам бүткөн
Ой басып дагы мына олтурамын,
Оронуп ак шоолага айдан бүткөн...

*8-март*
*1999-ж.*



**АК ТАМАК**

Ак Тамак да бирөөгө жар эле да.
Арзып тийген түгөйү бар эле да.
Балкылдатып алкымын сайрап турса,
Бир көрүүгө кай бирөө зар эле да.

Ак Тамактын чырайы ак эле да.
Алла берген өзүнчө бак эле да.
Алды-артынан түшкөндөр болсо керек,
Ал жагынан жакшы эле сак эле да.

Ак Тамактын атагы ыр эле да.
Акча жактан капчыгы кур эле да.
Уйпалатпай жүрсө го кыраандарга.
Ушул жагы белгисиз сыр эле да.

Алгырдын бир алгыры илди дейби,
Ак Тамактын табитин билди дейби,
Маалкатпай дегенин аткарыптыр,
Машинанын аппагын минди дейби.

Атак-даңкы тойлордо көкөлөптүр,
Акысына аргымак жетелептир,
Толбой жүргөн чөнтөгүн толтурушуп,
Тоту куштай бир жолу бөполоптур.

Ак Тамактын ушунтип баяны бай,
Ал кургурду жан барбы аягыдай
Унута элек болсо да сайраганын,
Уккандар аз тамшанып баягыдай.

*15-март*
*1999-ж.*

## АЙЛА КАЧПАЙТ

Ай менен Күн тогошуп бирге батпайт
Аруу көңүл карайган дилге батпайт
Магдыраган дарактай жаз демине,
Мактоо менен жылуу сөз кимге жакпайт.

Санаасынан бузулган элге батпайт
Сай таппаган аяктар жерге батпайт
Шарактаган сезимдер чоочуганда,
Шашкалактап эки кол жеңге батпайт.

Сөз суурулуп, оозго кайра батпайт
Сел жүргөндө нуруна дайра батпайт
Айып болбойт эстүүгө баш ийгенин,
Акылдуудан дегеле айла качпайт.

*16-март*
*1999-ж.*



## ЭСЕБИ БАР

Уяттын да уусу бар өзөк жеген.
Ууз дилди кемирип көзөп жеген.
Адам болуп түз жүрүш оңой бекен,
Абийиримдин алдында эсеп берем.

Ызалыктын тузу бар өзөк жеген.
Ысык жанды ичинен көзөп жеген.
Ырайымдуу Кудайды көрбөсөм да,
Ыйманымдын алдында эсеп берем.

Эсеби бар баарынан эсеби бар.
Ээрчип жүргөн ажалдын кезеги бар.
Менменсинген далайды чоголоткон,
Мезгил деген кайрымсыз безери бар.

*17-март*
*1999-ж.*

## ЫШКЫГА ТОЛГОН ДҮЙНӨ БАР

*«Экоодон откон бироо бар,*
*Өгоодон откон билоо бар».*
*Молдо Багыш.*

Үчөөдөн өткөн бирөө бар.
Үмүттөн өткөн мүдөө бар.
Адашып билбей жасаган,
Аркамда канча күнөө бар?

Алтоодон өткөн бирөө бар.
Алмаздан өткөн бүлөө бар.
Ырысын журттун көтөргөн,
Ынтымак деген тирөө бар.

Тортоодон өткөн экөө бар.
Төбөдөн жанган жетөө бар.
Кызматы элдин оңойбу,
Кыйналып аны өтөө бар.

Кайыңдан сулуу арча бар.
Казыдан чүйгүн карта бар.
Томуктай этке зар болуп,
Тойбогон жандан канча бар.

Буйруган оокат үйдө бар.
Бушайман толгон дүйнө бар.
Ырыскы, оокат үйдө бар.
Ышкыга толгон дүйнө бар.
Ылаачын өмүр шуу этээр,
Ыр сүйгөн тилим сүйлөп ал.

*18-март*
*1999-ж.*



## ЖАШАП КАЙДА

Көөдөнүм көксөп учкан ойго кумар
Көз жоосу солкулдаган бойго кумар
Жалыны жан дүйномдүн очпой турса,
Жазга окшоп менде канча ойгонуу бар.

Агып турган сезимдей башат кайда
Азабындай сүйүүнүн азап кайда
Бура тартып кете албай тагдырымдан,
Бул омүрдон болокчо жашап кайда...

*20-март*
*1999-ж.*

## ДӨӨЛӨТ

Саратанда чегиртке чөп башында,
Саясатты билгендер кеп башында
Жалпы журтум бактылуу боло алабы,
Жакырчылык келатса көч башында?...

Тагдыр деген ар кимдин керт башында
Дарттуу жүрөк алоолоп өрт башында
Дөөлөтү бул элимдин өтө кымбат,
Өз бийлиги өзүндө, эрк башында.

*20-март*
*1999-ж.*



## АЯЛДАНДЫР

Жүрөгүн бала десе жайып коер,
Энеге душман барбы айып коер...
Он сегиз миң ааламга адам толсо,
Ошолорду төрөгөн зайып болоор.

Теңир үчүн адамзат баео жандыр.
Темир кылып жаратпай аянгандыр.
Балыр болуп сезими эрип турган,
Баладагы аруулук аялдандыр.

*31-март*
*1999-ж.*

## ДАЙЫМ ТОЛО

Жашоого дем, ичкеним ысык-жылык.
Жанды багуу эң башкы кызыкчылык.
Эмгектенүү дооруна туш келипмин,
Эне-атанын канынан сызып чыгып.

Жеп ичкендин бүтпөгөн иши чыгып,
Жерден боюн көтөрүп тиши чыгып,
Тирүүлүктүн дүйнөсү дайым толо,
Киши ордуна ушунтип киши чыгып.

*19-апрель*
*1999-ж.*



## ТҮШҮНҮП ЖҮРСӨҢ БОЛДУ АЙТААРЫМДЫ

Түшүмдө колум жетпей кызыл гүлгө,
Түйшөлөм уктай албай узун түндө
Өңүмдө өйдө карап кеп айталбай,
Өкүнөм ошол күндөн, ушул күнгө.

Үйрүлүп үркөр жылдыз асманымда,
Үмүттүн шамы жанып ат жалында
Жүк баскан ойлорумдан узай албайм,
Жүрөктү жаратканбы дарттанууга.

Бир сага арсыз болуп байкалдымбы,
Бир жолу ызатыңды кайтардымбы,
Түтөтпөй уу санааны ичимдеги,
Түшүнүп жүрсөң болду айтаарымды.

*20-апрель*
*1999-ж.*

## АКИМ БОЛУУ АРЗАНБЫ?

*Уланбекке арналат*

Учурдун ушагына чычалаба.
Урчуктуу бүлөөлөргө жукаланба.
Байынан байкушу көп элиң жүдөө,
Батынып сүйлөгөнгө туталанба.

Азилдин курчтугуна тырчый көрбө,
Анткордун өгөөсүнө курчуй көрбө.
Жалаанын огун жесең ызаланып,
Жабыркап ара жолдо сылтый көрбө.

Жегиспе ыйманынды мактоолорго,
Жем салба түбү жыртык аштоолорго.
Жетектеп жүргөн элиң эсен болсун,
Жеткирбе алаканды шак койгонго.

Өмүрлөр агып жаткан балыр суудур
Мөлтүлдөп тамчы сымал тагдыр кургур
Айтылып узун сабак сөздөр калаар,
Эл менен жашап өтсөң мамыр-жумур.

*21-апрель*
*1999-ж.*



## ТАГДЫР ЖОЛДОШ

Бир кызык мүнөзүм бар чайкай берме,
Бирөөнүн кемчилигин байкай берме
Жоодурап бешенеме ай толгондо,
Жок дебей көңүлдөрдү жайпай берме.

Көңүлдүн ниети бар сыйлай берме.
Көптөрдүн рахматын жыйнай берме.
Көтөртүп колдон түшпөс эрке-талтаң,
Көкүрөк бала бойдон кыйнай берме.

Алпейим сабырым бар чыдай берме
Аманат өмүрүм бар Кудай деме
Караанын көрбөсөм да тагдыр жолдош
Калган эл кылганымды сынай берме.

*24-апрель*
*1999-ж.*

## ЧУКУЛАШМАЙ

Барчылыктын эңсеткен жыты кайда,
Байкуштуктун түгөнөөр учу кайда.
Билими бар бүгүнкү эл тез үйрөндү,
Бири-биринин көчүгүн чукуганга.

Култуңбайлар эрк берип сөөмөйүнө,
Куйрук чукуп жеттиби мөөрөйүнө
Көп элдерден биздин эл өзгөчөрөөк,
Көралбастык шыкалып көөдөнүнө.

Сыр айтуу жок бирөөгө купул жазып.
Сыздаган көп жүрөгүн тызылдатып.
Өмүр деген кыскарып бараткансыйт,
Өлүм деген балээни чукулдатып.

Адат болуп көптөргө чукуламай,
Ал оорудан жүргөн көп кутулалбай.
Жанын саткан безери эл болдукбу,
Жалпак беттүү кыргыздан тукум калбай.

*28-апрель*
*1999-ж.*



## ЖАШООНУН ЖОЛУ УШУНДАЙ

Атактуу деген бизде көп.
Айталбайм баарын тизмелеп.
Ата-Журт, көптүн намысы,
Азаптуу жанга жүктөлөт.
Кайраты жоктун намысы,
Кагаздай болуп бүктөлөт.
Учурдун кыңыр иштери,
Убакыт менен түздөлөт.

Айдыңдуу эрлер элде көп.
Аларга кимдер тең келет.
Басынткан катаал душманды,
Балдары мыкты эл жеңет.
Замандын көйгөй, чатагы,
Саясат менен жөндөлөт.
Жашоонун жолун улантат,
Жатында жаткан чеңгел эт.

*25-май*
*1999-ж.*

## ҮЙДӨН ТАБАМ

Эзе албаймын сагызды катуу чайнап.
Безе албаймын санаадан ачуу чайнап.
Бура тартып кетүү жок куттуу үйдөн,
Булбул болуп кетсе да катын сайрап.

Жекирбедим балдарды түшүноөр деп,
Жетип калган баралга кишилер деп.
Антсе дагы кол шилтеп кетүү кайда,
«Ары жагы силердин ишиңер» - деп.

Өтөөр күндөр ушундай акыбалда,
Өнөрү жок балдардын жатып алма.
Тынч жашоого мен дагы ынтыламын,
Тынчытабы баштагы акыл-айла?

Анткен менен мен дагы бактылуумун.
Атасымын эстүү кыз, жакшы уулдун.
Алыс жүрүп келгенде үйдөн табам,
Аз өмүрдүн ушунча таттуулугун.

*30-май*
*1999-ж.*



## ӨЗБЕК КАЛКЫНА

Жамандыкты артына кайрып дайым,
Жакшы деген күндөрүм байлык дайым
Кол кармашып келаткан ага-инидей,
Коңшу журтту дос дешкен айбыкпайын.

Булутубуз болүнбой жамгырлашбыз,
Бушаймандуу өмүрдө тагдырлашбыз.
Эки жиптен бир аркан эшилгендей,
Эки журттун тилеги жандырмаксыз.

Тамырлашып ортобуз аралашпыз.
Тынчтык тилеп Кудайдан санаалашпыз.
Топурагын кастарлап асыл жердин,
Тоо этегин байырлап талаалашпыз.

Таалим алып турмуштан сабакташбыз.
Дасторконго баш кошуп табакташбыз.
Болсо дагы улуттук чек аралар,
Болбосо дейм душмандык аяшпастык.

Улак тартып тойлордо такымдашбыз.
Учур келсе баш кошуп акылдашбыз.
Түрк тилинде сүйлөшүү аздык кылаар,
Түпкү энебиз бир чыгаар жатындашбыз.

*ТАШКЕНТ*
*Июнь*
*1999-ж.*

## КӨЧҮП ЖҮРГӨН САНААНЫН...

Көңүлдөгү көп санаа туруп калбай,
Көчүп жүрөт көктөгү булуттардай
Ийри кылыч чагылган морт сынгандай,
Ичтен канча мен сынам курупкал - ай.

Жылуу сөзгө магдырап чанда-чанда,
Жылытамын жүрөктү анда-санда
Кудай аткыр мынча не жашоо ширин,
Кумарына бир жолу канбасам да.

Күн нурунан канткенде түн соо калат,
Күлкү менен күйүттөн ким соо калат,
Абийириме кул болуп жүрсөм дагы,
Арын билбей соймондоп тил соо калат.

Көрк болобу тоолордо өзөнү жок
Көңүл кайда кирдебей кесели жок
Көк асманын дилимдин бүркөп турган,
Көчүп жүргөн санаанын эсеби жок.

*15-июнь*
*1999-ж.*



## ЖАЙКЫ КЕЧ

Чубалжып чачы мөңгүнүн,
Суу болуп агат сай менен
Туягын жанып зоолорго,
Туу жондон өтөт кайберен.

Булаңгыр тарткан чокулар,
Булуттар менен бир айыл
Кагазга тартып не кылам,
Каректен түшпөс чырайын.

Желеде туйлайт кулундар,
Көлөкө түшкөн маалда.
Чакасын алып бир келин,
Баратат кечки саанга.

Төбөдөн булут саландап,
Төрлөрдө калкыйт көлөкө.
Айрымач белди токунуп,
Ак мөңгү жатат береке.

*18-июнь*
*1999-ж.*

## КЕТКИМ КЕЛЕТ

Көңүл эрип турганда - дүйнө куттуу.
Көөдөн басып туралбайм үйдө куттуу.
Баскым келет жол менен жалгыз аяк,
Бадалдарды аралап жийде жыттуу.

Жылыбаса жан дилим ырлар менен,
Жылбай турса убакыт ылдам деген,
Жок изденип кетким бар улуу тоого,
Жоогасыны жайнаган кырлар менен.

Алыстадым достордон дос сыяктуу,
Алар үчүн дооматым жок сыяктуу.
Жылаң аяк жылкы айдап кетким келет,
Жыты аңкыган талаага боз шыбактуу.

Кымбаттыгы жашоонун баркынчалык,
Кыял минем мен дагы дартым жанып.
Жомоктогу деңизге кетким келет,
Жоголгонбу, билбеймин Алтын-Балык?

*21-июнь*
*1999-ж.*



## БИЛЕМБИ?

Көөдөнгө арзуу түнөбөй,
Көңүлдүн дартын билемби.
Өлүмдөн коркуп жүрбөсөм,
Өмүрдүн баркын билемби.

Сенделип жолдо калбасам,
Атымдын баркын билемби.
Сен-мен деп мени турбаса,
Катындын баркын билемби.

Мал айдап көчүп жүрбөсөм,
Өзөндүн баркын билемби.
Кейитип жанды турбаса,
Кеселдин дартын билемби.

Атанын сөзүн тыңдабай,
Акылдын баркын билемби.
Агаин-тууган эл күтпөй,
Жакындын баркын билемби.

Жамалын түндө төкпөсө
Жылдыздын баркын билемби.
Жамандык башка түшпөсө,
Турмуштун баркын билемби.

Бараар жайым топурак,
Жеримдин баркын билемби.
Бар кылып мени жараткан,
Теңирдин баркын билемби.

*29-июнь*
*1999-ж.*

## КИЧИНЕКЕЙ БАЛБАЙГА

Көрнамысты ар-намыс улабасын
Көчмөндөрдүн эрдигин Кудай алсын.
Жасоол болбой жатык бол дили таза,
Жакшылыктын арттырып шыбагасын.

Нагыз болгон Балбайдын Балбайлыгы,
Намыз болгон баатырдын бар байлыгы.
Эрдик кылса уруунун башчылары,
Эли тарткан түтөгөн жанкайгыны.

Өрүшүнө тирелип мал байлыгы,
Өзөнүнө коошпой дан байлыгы,
Чабыштарда үркөрдөй эл бөксөрүп,
Чачылыптыр кыргыздын сан байлыгы.

Жандан артык жан барбы-жандай таттуу,
Жанды кескен ар-намыс кандай катуу.
Атың сенин ойлонтот өткөндөрдү,
Аман жүрчү балакай, Балбай аттуу.

*22-июль*
*1999-ж.*



## БИР КУЧАКТАП

Жылдыздын дартын билет түн кучактап.
Жылытат Жер Энени Күн кучактап.
Ажарын көз алдыма тарталбаймын,
Ааламды кыялымда миң кучактап.

Коктомдүн келгенин айт гүл кучактап.
Көөдөндүн кеңдигин айт дил кучактап.
Түйшөлүп элесиме келтире албайм,
Түшүмдө Жаратканды бир кучактап.

*2-август*
*1999-ж.*

## АТ ЧАПКАНДА

Бастырып токулганы басмайылга,
Байгенин атын чаптым жаштайымда.
Кылкуйрук кыздан бетер ашык кылып,
Кырчын кез учуп өттү ат жалында.

Айылдан Чабдар атын чаап жүрдүм.
Абийирин туугандардын жаап жүрдүм.
Мемиреп чалкып жаткан кең өзөндүн,
Шамалын өзүм издеп таап жүрдүм.

Батасын карылардын алып жүрдүм.
Башымды тобокелге салып жүрдүм.
Марага мен жеткенсип аттан мурун,
Мактоонун жамгырына калып жүрдүм.

Мен чапсам Чабдар кашка чыгып келчү.
Башка бир бала чапса жыгып келчү.
Ал күнү чоң Күлүктүн багы ачылбай,
Ат ээси көр жемени угуп келчү.

Күйгөндөр мени издетип тапшырышчу
Күлүктү мага кайра чаптырышчу
Бакадай карылары айлыбыздын,
«Баланын багы бар» - деп жактырышчу.

Ошондо ат чуркады, ат чуркады.
Өзөндөп ат жалында бак чуркады.
Үстүндө мени коштоп учаар эле,
Үмүттүн көкөлөгөн ак шумкары.

*3-август*
*1999-ж.*



## КАЙРАН ӨМҮР

– Ошол жакта жашоо барбы - дегенге,
– Оокат барбы бүгүнкүдөй жегенге,
Жооп таппай кетчүлөрдүн биримин,
Жогу бардай табышмактуу теренге.

Мезгил жылса кылым кошуп кылымга,
Мээ чиркин ошол бойдон чынында.
Аалам сыры бир шишеге батканда,
Менин сырым жарайт беле тыгынга.
Кара чачым көп ойлордон агарып,
Кайран өмүр учураптыр чыгымга.

*6-август*
*1999-ж.*

## КЫЗ

Ким билген уул эмес, кыз болоорун,
Ким билген кандай жанга туш болоорун.
Билбеген чынар дагы чырпыгында,
Бир күнү бутагына куш коноорун.

Ай түшүп махабаттын талаасына,
Арулук азык болуп жан асылга,
Кыз деген жаңырган Ай ар үйдөгү
Кыйланын бүлүк салып санаасына.

*8-август*
*1999-ж.*



## КЕТПЕСЕК ЭКЕН АДАШЫП

Бир элге бир дубана жетээр эле,
Цыгандар бир кыдырып кетээр эле,
Кайдандыр ырчы келсе бир айылга,
Күн-түнү ырдап берчү бекер эле.

Таң атпай боз үйлөрдү чечээр эле
Малчылар конуш тандап көчөөр эле.
Байсалдуу сапар тилеп көчкөндөргө,
Башка айыл сый көрсөтчү бекер эле.

Кан жолдон жолоочулар өтөөр эле.
Каалаган үйгө түнөп кетээр эле.
Бар даамын дасторконго жая салып,
Бардыгы конок үчүн бекер эле.

Азыр кең мурдагыдан кырманыбыз.
Азыр көп мал-мүлкүбүз, жыйганыбыз.
Бөгөлүп боорукерлик, меймандостук,
Бөксөрүп баратпайбы ыйманыбыз.

Бул учур өтөөр-кетээр токтомокпу.
Бүгүнкү эртеңкиге окшомокпу.
Шоруна кайдыгерлик жеткен элдин,
Артынан бирөө издеп жоктомокпу...

Өмүргө толбосо да купулубуз,
Өзгөчө нукка түшкөн учурубуз.
Адашып эл чачылып кетпесе экен,
Ансыз да аз кыргыздын тукумубуз.

*9-август*
*1999-ж.*

## АДАМ ЖАНА БАЙЛЫК

Баймын деген жондуу бар акылы тың.
Баймын деген жолдуу бар жакыны тың.
Бактысына ишенип, ишенбеген.
Баймын деген тондуу бар катыны тың.

Мээнетим бар жанымды сыга берме.
Мезгилим бар суурулуп чыга берме.
Башты салып иштесем, акыл калчап,
Байлык деле көө сымак жуга берме.

Байлыктын да түрү көп миң сандаган.
Байлык мүмкүн ыйманың кир чалбаган.
Арбын болсун, аз болсун байлык кумар,
Адам барбы артынан чуркабаган.

*12-август*
*1999-ж.*



## МЕКЕН ЖӨНҮНДӨ

Ала-Тоодой кут берип чайпалбаган,
Алла-Таалам март белем байкалбаган.
Менчиги ушул элимдин Мекен аттуу,
Меники деп жат бирөө айталбаган.

Дит барбы баскынчыга кастык кылаар,
Дил барда балдарыма наздык кылаар,
Суук көздөн Мекенди коргой албай,
Сүйөм деген бир сөзүм аздык кылаар.

*12-август*
*1999-ж.*

## ДЕГЕН УЧУР

*Азил*

Бир ай ойноп он бир ай иштегенде,
Оозум толо ырыскы тиштегенде,
Жогорулап кызматым, сый көбөйүп,
Жоонойгондон жоонойгон ичке дене.

Базары көп бул заман шектүү беле,
Бараткансыйт ичкерип этүү дене.
Эркиндикте жумуш аз, дем алыш көп.
Элдин баары иш кылбай көптү беле?

Бир ай иштеп он бир ай «жыргаганда»,
Бекерчилик бийлигин чындаганда,
Заманында иш тандап көнгөн элим,
Зар болушту бу кезде ымдаганга.

«Алды-алдындан тал карма» - деген ушул.
Ар бечара тапканын жеген учур.
Капиталды жыйганча карын тойбой,
«Кайран элим не болот» - деген учур.
Өзөктөгү ар-намыс күйүп жанбай,
Өзү келбейт жылмайып кенен учур.

*15-август*
*1999-ж.*



## КӨҢҮЛ ДЕГЕН ӨЙДӨ–ЫЛДЫЙ

Күндө келбейт жакшылык ниет болбой,
Гүл жайнабайт уругун сээп койбой.
Жан дилиңе билинбей азык экен,
Жакшы көргөн кишинди өөп коймой.

Көркү кайда мүчөнүн соөк болбой,
Көркү кайда дайранын жээк болбой,
Көөнүң үчүн бир асыл дөөлөт окшойт,
Көзү түшкөн бирөөнү өөп коймой.

Кеп чыгарып акырын шоок кылбай,
Кетет экен бирөөлөр жооп кылбай,
Көңүл деген көңүлдөй болот беле,
Көргөнүнө ойдө-ылдый ооп турбай.

*20-август*
*1999-ж.*

## УУЛУМУН

Өз журтум ушул баш сыйган.
Өмүр күн ушул жаш сыйган.
Кул болдум аны жашырбайм,
Курсагым үчүн аш сыйган.

Туюкпу ичим ат сыйган,
Туугандан артык жат сыйган.
Көтөргүм келбейт мен дагы,
Көөдөндү муздак таш сыйган.

Артуудан-артуу бел сыйган,
Ата-Журт ушул эл сыйган.
Кол тийгис ушул тоолордун,
Койнуна Ысык-Көл сыйган.

Кадимки Ала-Тоо сыйган,
Кайберен жүрчү зоо сыйган.
Уулумун мен да Мекендин,
Уузун татып бой сунган.

*26-август*
*1999-ж.*



## СОО ЭМЕСМИН

Тоо бойлосом өзүмчө дөң болоормун.
Тон болбосом тондуууга жең болоормун.
Жаназыгым ырларым элге жетсе,
Жакшыларга ошондо тең болоормун.

Өтө күлүк болбосом, тай болоормун.
Өзөн болбой, балким сай болоормун.
Ата-Журттун чегинен ырым өтсө,
Айтматовдой китепке бай болоормун.

Тилегим ак, а бирок тоо эмесмин.
Тирелишип бирөөгө жоо эмесмин.
Атак менен байлыкка тойгон барбы,
Андай болсо мен деле соо эмесмин.

*2-сентябрь*
*1999-ж.*

## СОЛКУЛДАГАН ДЕНЕДЕ ТАЛ СЫЯКТУУ

Солкулдаган денеде тал сыяктуу,
Соолбосо таттуу дил бал сыяктуу.
Жарма ичсем да санаамда тынчтык болсо,
Жашаймын деп не кылам хан сыяктуу.

Топук кылган даамына чай сыяктуу.
Тоолук элим дайыма бай сыяктуу.
Суу ичсем да жан дүйнөм жарык болсо,
Сулуу болуп не кылам ай сыяктуу.

*3-сентябрь*
*1999-ж.*



## КЕТПЕСЕ ЭКЕН

Кышта эңсеймин жабыркап жайдын демин,
Кыял минсем жарашат айдың көңүл.
Түнөп калган булуттай тоо койнуна,
Түгөнобү чиркин-ай кайгым менин.

Эргибесең кайда экен шаттык көңүл,
Эстебесең кайда экен жаштык көңүл,
Сүрөт кылып тарталбай кыйналамын,
Сүйөм жеген жүрөктүн мастык кебин.

Кангып кетип арзуунун өлкөсүнө,
Кабылдымбы көңүлдүн эркесине.
Махабаттын мастыгы кетпесе экен,
Көп санаага кошулуп эртесинде.

*3-сентябрь*
*1999-ж.*

## КАНДАЙ АЗАП

Ким элем тагдырыма таарынгыдай.
Мен үчүн тактап берген баарын Кудай.
Жеген-ичкен керегим болуп турса,
Дагы эмне бар экен зарылгыдай.

Мага дайын багытым, баратканым.
Талыганча учурамын канаттарым.
Өмүр деген буйруктуу, жашоо кызык,
Өзү билээр ар жагын Жаратканым.

Тобо керек антсе да мендейлерге.
Тоскоол керек ынсапсыз дердейгенге.
Ыйкы-тыйкы бул жашоо кандай азап,
Ыйман кирбей жүрөгү көндөйлөргө.

*16-сентябрь*
*1999-ж.*



## ЖАНЫМ КУРМАН

Азуусу жок санаага чайналамын.
Арканы жок үмүткө байланамын.
Кучагымды толтурган жашоо десең,
Кумарынан ошонун айланамын.

Бассам-турсам күнөөгө малынамын.
Баарын билген Бироөго жалынамын.
Таттуулардын таттуусу өмүр десең,
Тамшандырган даамынан кагыламын.

Келбей жүрсөм келгенге сагындырган.
Кереметтүү күчүнө багындырган.
Мекен деген баарынан кымбат болсо,
Мээримине ошонун жаным курман.

*16-сентябрь*
*1999-ж.*

## ЖАКШЫ СӨЗ

Суук көздөн дилиме сук киргенсийт.
Сурку качкан сөздөрдөн жут киргенсийт.
Жакшы адамдар аттаса босогомду,
Жарык маанай төгүлүп кут киргенсийт.

Жалаа сөзгө чыдамым баш көтөргүс.
Жаман сөзгө чыдамым жат көтөргүс.
Төрөлгөндөн өлгөнчө азык болоор,
Дөөлөт экен жакшы сөз ат көтөргүс.

*19-сентябрь*
*1999-ж.*



## КУПЛЕТТЕР

Ай-жылдыз пири болсо сулуулуктун,
Акындар жүзү болот бир улуттун.
Аз элден азаматтар арбын чыкса,
Тең болот балдарына улуу журттун.

*20-сентябрь*
*1999-ж.*

* * *

Өтө кыска өтүптүр бир узундан,
Жеңилиптир бир жакшы тили узундан.
Жакшы жүрөт боксорбой жакшы бойдон,
Жаман жүрөт шерденип тымызындан.

*20-сентябрь*
*1999-ж.*

## КАЙТАЛАЙБЫЗ

Өскөнүн айт, сакалдын ээк тандап.
Өскөнүн айт, бадалдын жээк тандап.
Тулпар өлсө артында туяк калып,
Тукум кууйт турбайбы сөөк тандап.

Чыгат экен алсыз чөп ташты жарып.
Чыгат экен курч акыл башты жарып.
Жүз жыл бою катылган сыр айтылаар,
Жүрөк деген керемет затты жарып.

Ары-бери турмушта чайпалабыз.
Ар кимибиз эстүүдөй байкалабыз.
Көсөмдөр аз, көпчүлүк карапайым,
Көргөн менен билгенди кайталайбыз.

*23-сентябрь*
*1999-ж.*



## БЕТ АЛДЫМДА БЕШ ЖЫЛДЫК ПЛАН ЭЛЕ

Бет алдымда беш жылдык план эле.
План менен жүрөгүм ылаң эле.
Темир колдуу партия бийлик кылып,
Тескегендер өзүнчө клан эле.

План үчүн мен дагы «тажаал» элем.
Ыкшоолорду демитип кажаар элем.
Жандырбастан чыйратып намысымды,
Жанды сыгып, тиштенип жашаар элем.

Жыйындарда үргүлөп уктаар элем.
Жыла басып кетүүгө куштар элем.
Узак иштеп түн ичи үйгө келип,
Уктап калган баламды жыттаар элем.

Чолосу жок жылдарда жаш болчумун.
Чоочугансып кай бирде мас болчумун.
Тормозумду ичимден бекем басып,
Той-топурда мен дагы аз болчумун.

Бет алдымда беш жылдык план эле.
План менен жүрөгүм ылаң эле.
Өөдө жактын дегенин ыйык тутуп,
Өз ойлорум басылып тураар эле,
Өз алдынча учууга кумар эле.

*24-сентябрь*
*1999-ж.*

## «ЖЫРГАЛ»

*Бангилик жонундо ой*

Кереметке малынып уюп жаттым.
Кең дүйнөгө бой таштап сыйып жаттым.
Жагымдуу бир оордук кыбыратпай,
Жан эриткен жыргалды туюп жаттым.

Дарынын күчү кайтты, эске келдим.
Дабышым пайда болуп сөзгө келдим.
Эркимди бир сындырып союлганда,
Экинчи «мас» болууну көксөбөдүм.

Түшүндүм банги заттын пайда экенин.
Дарттуугa даба болоор айла экенин.
Түшүндүм кыйналганда укол алып,
Тамыры бул «жыргалдын» кайда экенин.
Түшүндүм бул бангилик — булак эмес,
Эпкиндеп агып жаткан дайра экенин.

*26-сентябрь*
*1999-ж.*



## КЫЯЛ МИНСЕМ

Башты салбай мезгилдин өкүмүнө,
Бала бойдон жүргөнсүйм сезимимде.
Асыл ойго батканда термелемин,
Айга илинген кыялдын бешигинде.

Кыял минсем болбосту болтурамын.
Үмүт менен бош жерин толтурамын.
Тирүү жүрүп жыргалды ким эңсебейт,
Тилек кылып мен дагы олтурамын.

*2-октябрь*
*1999-ж.*

## КУПЛЕТТЕР

Ой-максатым озүмо каруу окшойт.
Ошо менен жан дүйном аруу окшойт.
Жутуп коер аш эмес санаа деген,
Жумурумду өйкогон таруу окшойт.

*2-октябрь*
*1999-ж.*

* * *

Баткан күндор жолумдун эң узуну.
Байкагандай болдумбу мен ушуну.
Боегуна канбаган омүр шашат,
Болбойт окшойт жашоонун жон учуру.

*2-октябрь*
*1999-ж.*

* * *

Каймак кайда казанын сүтко толбой.
Кайрат кайда билегиң күчко толбой.
Куруп кетмек бул дүйно, омүр дагы,
Кумарга бай кыялдар ичке толбой.

*2-октябрь*
*1999-ж.*



## СУЛУУ ЖАЗГА КАЙРЫЛУУ

Теребелди балкыткан жамалыңдан.
Тирүүлүкко чакырган шамалыңдан.
Жамгырыңа туш кылсаң чагылгандуу,
Жакшылыгың ошодур мага кылган.

Санааркатып кеч кайтса кышың дайым,
Сайраганын унуткан кушуңдаймын.
Жаштыгымды сагынам сени тосуп,
Жаман корбо мен деген ушундаймын.

*4-октябрь*
*1999-ж.*

## ӨТҮП КЕТКЕН КҮН КАРЫП

*(Тамашалуу ыр)*

Жүрүп-жүрүп кушумду кармадымбы,
Жүрөгүмө чок салган жалжалымды.
Бешенеме табылган сен окшойсуң,
Бергим келет бүтүндой мал-жанымды.

Жүрүп-жүрүп таптымбы оң жолумду,
Жүрөк деген кай бирде олжолуубу?
Үмүтүмдү бай кылган сен окшойсуң,
Үн дебестен бергим бар колдогумду.

Жүрүп-жүрүп жүрөгүм чогосуңбу,
Жүдөө тартып жазмышка коносуңбу,
Таалайыма кабылган сендей гүлго,
Тапшырайын деп жүрөм мен өзүмдү.

Бары-жогум, мал жаным,
Баары сендик жалжалым.
Өмүр деген жол кыска,
Өзүң билгин ар жагын.

Арзуу буйрук, танбагын.
Азабына калбагын.
Өтүп кетсе күн карып,
Өзүң билгин ар жагын.
Өмүр деген арман ыр.

*7-октябрь*
*1999-ж.*



## КЫЗМАТТАН КЕТКЕНДЕ

Куп болду дейт ичинен кектүү достор.
Кулак түрөт «кантет» деп шектүү достор.
Кенен-кесир сүйлөшүп чай үстүндө,
Келип турса канакей эстүү достор.

Жакшы деген достор да өзгөрүлмө.
Жакшылыгы көңүлдүн дептеринде.
Суусар тебетей кийгизип чоң болгондо,
Сурап койсо болбойбу кеткенимде.

Баш керекпи досторго, иш керекпи,
Барчылыкта жылмайган жүз керекпи?
Жыгылганды ичинен табалабай,
Жылуу сүйлөп коюуга күч керекпи?

*7-октябрь*
*1999-ж.*

## ЭЛ ЖАНА МЕН

Турмуш кээде туз басып жараатыма,
Туткун болду кырчын кез мал артында.
Кабылбасам билимдин кең жолуна,
Каруу-күчтүү ким бермек канатыма.

Жар башында талпынып турганымда.
Жакшы адамдар дем берди ырларыма.
Эл деп жүрүп мен дагы тына элекмин,
Эмне жетпейт болбосо бир жаныма.

Кыйын жолдо алысты болжоп келем.
Кыйшандабай ниетти ондоп келем.
Эл дегенге мен кантип теңелемин,
Эл деген бир бийиктик кол жетпеген.

*8-октябрь*
*1999-ж.*



## ӨР ТАЯНГАН ӨМҮРҮМ

Майданында турмуштун башым менин.
Марасына жете элек жашым менин.
Өр таянган күлүгүм кашаңдаса,
Өйдо карай кулайбы ташым менин?

Күүлонсом да азыр мен кашаңдаймын.
Күйүкконүн коодондүн басалбаймын.
Делбиретип коңүлдү жаш кылсам да,
Дене-боюм салмактуу, жашарбаймын.

*10-октябрь*
*1999-ж.*

## ЖАҢЫЛУУ КӨП

Беделдүүнүн кадырын жамынбадым.
Безеленип мансапка чамынбадым.
Көрөгүчтүк дээримде болбогоон соң,
Көп окшойбу менин да жаңылганым.

Чаңкаганда суу ичсем, даам башка.
Чанды серпкен күздөгү жаан башка.
Чаласы көп иштердин, айта корбо,
Чама барбы бардыгын баамдашка.

Бассам-турсам кетирип каталарды,
Кыркка илинбей бат эле чач агарды.
Тунгуюкка кептелип нечен ирет,
Турмуш мени жакшы эле такалады.

Жылытпаса абаны күн күн эмес.
Жылдыздары жанбаса түн түн эмес.
Жаңылуу көп, ушундан жашоо кызык,
Жаса баспай жүргөн ким? Мүмкүн эмес...

*10-октябрь*
*1999-ж.*



## БОЛБОЙТ ЭКЕН

Таалайымды мээнеттен курадымбы,
Ташка салдым тайгылбас курагымды.
Жетип барып доолотко аздыр-коптур,
Жетимдердин башынан сыладымбы?
Ой-тилекти убакыт оңдойт экен,
Ойлогондой баарысы болбойт экен.

Бийлик десе ушунча кумармынбы,
Бийик тоону эңсеген улармынбы,
Карбаластап жүргөндө чоң болом деп,
Карыптардын көңүлүн сурадымбы?
Катаал мезгил кантсе да оңдойт экен.
Каалагандай баарысы болбойт экен.

Дүнүйөнү мен дагы жыйнадымбы,
Түйшүгүнө жанымды кыйнадымбы,
Эңшерилди ден-соолук элди баккан,
Эң биринчи өзүмдү сыйладымбы?
Адал ишти аракет оңдойт экен,
Асыл жанды кыйнаган болбойт экен.

Жетимдикти кордук элем, кор болдумбу,
Жеткенсидим максатка, зор болдумбу,
Арбын иштеп, оокатым тың болсо да,
Асты менен дилимди оңдодумбу?
Бак-таалай ээрчип алса колдойт экен.
Бардыгы ойлогондой болбойт экен.

*13-октябрь*
*1999-ж.*

## ӨЗҮМӨ СУРОО

Балдарымды жетилген жаш деп кондум.
Кол жеткенге коз тойбой аз деп кондум.
Тирүү жүрүп жумурду ким сыйлабайт,
Тишке илинген насипти аш деп кондум.
Ыйманыма кай бирде камчы баскан,
Ынсабымды мынча не аздектеймин?

Жашоо күндүн бергенин аз деп келдим.
Жаштыгымды сооротпой таштап келдим.
Калтар сындуу кубулган үмүтүмдү,
Караан кылып алдыма баштап келдим.
Көктү сермеп бир учу жерде ойногон,
Коңүлүмдү мынча не аздектеймин?

Көңүл сынса мен сынып аксап келдим.
Коодонүмо таш басып какшап келдим.
Калкып учкан булуттай жылдарымдан
Кабар албай келбеске таштап келдим.
Ызаланган сезимди махабаттан,
Ырга кошуп мынча не аздектеймин?

*14-октябрь*
*1999-ж.*



## БАСКАН ЖОЛ

Жашты уурдаган кечеги доор болду.
Жаңы доорум эскиден оор болду.
Таалай издеп чет элден жаштарыбыз,
Таш арткандай далысы жоор болду.
Тагдыр деген кыйын го башка түшсо,
Тандап алган окшойбуз оор жолду...

Шоонадай ичкертип жоондорду,
Шордуулары жайнаган коом болду.
Үрпоңдогон эл корксо, мен да корком,
Үмүттордүн булагы соолгонбу?
Басып откон а бирок, менин элим,
Мындан жаман канча бир доорлорду.
Жакшылыкты келет деп боолгойлу.

*14-октябрь*
*1999-ж.*

## СЫГЫП БЕРЕМ

Жаным барда жашоо бар бактылуумун.
Жаратканды танбаймын, нак кулумун.
Ысык жандын дабасы аз келгенсип,
Ышкы деген илээшкер дартка урундум.
Көк асманга тап коюп, ыкчам аккан,
Көбүк черткен дайрадай акбуурулмун.

Эгизимин тагдырдын, удаасымын.
Эне-атамдын калтырган мурасымын.
Азабы көп өмүрдүн ар жагында,
Аздыр-көптүр из калса ыраазымын.
Ал анткени мен элге сыгып берем,
Асыл жандын ыр деген гүлазыгын.

*15-октябрь*
*1999-ж.*



## ОРТОДОГУ КӨПҮРӨМ

Ушул дүйнө убактылуу мекеним..
Учур келсе мекенимден кетээрмин.
Жерге берип жедеп бүткөн денемди,
Жетээр жайга тобокел деп жетээрмин.

Эх, дейсиң да, оңой бекен айрылуу.
Эч бирөөгө эч болбогон кайрылуу.
Ажал мүмкүн жакшы жайга түш кылаар,
Ажыратып бул жашоодон кайгылуу...

Түз качырган пенде барбы өлүмгө,
Мунун өзү коркунучтуу демилге.
Атаганат, ооз ачпайт эч бирөө,
Ач ажалдын жакшылыгы жөнүндө.

Гүлзар багым кууragансып четинен,
Күндө кеткен күндөрүмө окүнөм.
Арга барбы бул дүйнөдөн кетпеске,
Ажал болсо ортодогу көпүрөм.

*16-октябрь*
*1999-ж.*

## «НОЙОН»

Мендейлердин баарысы мендей дебе.
Мендейлер көп жүрүшөт өлбөй деле.
Жолборс болдуң чамынып кызматында,
Жолуң болгур ары жагың көндөй беле...

Теңелбедим мен дагы сендей эрге,
Тепки жеген мен жүрөм өлбөй эле.
Келиптир дейт ордуңа бир азамат,
Келтегиңе чыдаган мендей эле.

Мезгил учат турбайбы желдей эле.
Сендейлердин эркине көнбөй эле.
Жүрөгүңдү канатып бийлик самап,
Жүрсөң керек «нойонум» өлбөй эле.
Кемчиликке окшойбу, аны билбейм,
Кекиртегиң кол баткан жеңдей эле.

*17-октябрь*
*1999-ж.*



## ИНДИЯ ЖЕРГЕСИНДЕ

### ДЕЛИ

Дели менен көрүштүм башымды ийип.
Дели тосту күзүндө жашыл кийип.
Магдыраган аптапка шаар жатат,
Максатына жеткендей асыл бийик.

Дели деген Дели да күнү таптуу.
Достор менен жолуктум дили таттуу.
Жунглинин ичинде конок үйү,
Тосуп алды илимпоз Синх аттуу.

Көрүп чыктым базарын жайып салма.
Көз кырымды агыттым зайыптарга.
Келишкен бир сулуусун көргүм келди,
Кечирип кой окурман, айыптаба.

Кайда барба кылкылдап жайнаган эл.
Колго тийген унаасын айдаган эл.
Керегинче чалкытып каректерди,
Келгендердин көңүлүн байлаган эл.

Жашоо-шартын бир көрүп айтыш кыйын.
Жазганым жок байлыгын, байкуштугун.
Бей-бечара жок эмес, кайда болбойт,
Беттеп алган жагынан кайтыш кыйын.

Индостанды биринчи быйыл көрдүм.
Илбериңки достордун сыйын көрдүм.
Касиеттүү жаныбар, ыйык деген,
Кабыргасы каркайган уюн көрдүм.
Үй тилиндей аз жерге батып турган,
Ушул элди ичимден кыйын дедим.

*23-октябрь*
*1999-ж.*

## ГИМАЛАЙДА

Гиндикушка чыгынып баралбадым.
Гималайдын этегин араладым.
Сүротүно жуурулуп сулуулуктун,
Сүт тамырын козгодум санаалардын.

Эверестке мен жетип баралбадым.
Этек жагын болгону араладым.
Даарып турган тоолорго таазим кылып,
Дарыладым коңүлдүн жараларын.

Пилге минип алыска кете албадым.
Рерихтин тоосуна жете албадым.
Кай жеринде болбоюн сыйын корүп,
Кеткенимче кыдырып, эс албадым.

Бир коргонго Гималай чалкып жатты.
Берекеси каректе балкып жатты.
Ала-Тоонун аркайган элестери,
Алыс туруп озүнө тартып жатты.
Ак булуту салаңдап калкып жатты.

*Шымла шаары*
*25-октябрь*
*1999-ж.*



## МАНАС КӨЧӨСҮ

Сыйынып тагдырыма жетелеген,
Сыйынып сыймыгыма кокологон,
Бараттым индустардын арасында,
Бабамдын атындагы кочо менен.

Сыйынаар бироо болсо элимдеги,
Сыймыкты болүптүр Дели жери,
Ызаттап индус достор коштоп жүрсо,
Ырысым тоодой экен менин деги.

Ичке катып доордун тамырларын,
Изи даана тарыхта Бабурлардын.
Басып жүрүп түшүндүм кочосүндо,
Манас аты дүйнөго жаңырганын.

*Дели. Индия.*
*27-октябрь*
*1999-ж.*

## ЭЛ КЫЛДАТ

Отоо чөпкө тең болсо бийиктигим,
Ойлоп корчү мен кимге сүйүктүүмүн.
Жакшысың дейт пайдамды коргон бироо,
Жаман дебей көңүлгө түйүп жүрдүм.

Дарактарга теңелсе бийиктигим,
Далайларга мен дагы сүйүктүүмүн.
Жылуу созүн арнаса жакшы бироо,
Жыргалына балкылдап ийип жүрдүм.

Булуту бар коңүлдүн чулгап турган.
Бузуку коп ортону булгап турган.
Мен озүмдү акмын деп айталбаймын.
Мезгил элек, эл кылдат ылгап турган.

*3-ноябрь*
*1999-ж.*



## АТЫҢ СЕНИН ЖУПУНУ

Айып корбо, атың сенин жупуну.
Атыңда жок сулуулуктун кыпыны.
Сени корсом эстей берем дел болуп,
Сезимдеги айперини утуру.

Ашык болсо ак жүзүно миң киши,
Алоолонтоор делебиңди бир киши.
Жатка түшпой мага түшүп калсачы,
Жалжылдаган карегиңдин дүрбүсү.

Корүп билбей сүйо аламбы башканы,
Кокко умтулат камыш деле саздагы.
Эрке жүрок ээликкенин басалбай,
Эпкиндеймин тоо суусундай жаздагы.

Сулуу эмес, атың сенин жупуну,
Сулуулуктун атында жок кыпыны.
Жок дей албайм, үзүлбоптүр мен үчүн,
Жомоктогу перилердин тукуму.

*4-ноябрь*
*1999-ж.*

## ОЙ ЖАНА ААЛАМ

Жетпеген акыл-кыйын дарт.
Жеткенге адам сыйынбайт.
Ааламга кыял чарпылып,
Агымы ойдун тыйылбайт.
Керемет жердин үстүнө,
Кең асман кулап жыгылбайт.
Күлүндөп жарык таң атып,
Күлкүсү гана угулбайт.

Каректер жанган от болот.
Каруу-күч ичке топтолот.
Жамгырдын пири чагылган,
Жарк этип күйүп жок болот.
Жылмыңдап түндө дидары,
Жылдыздар гана шоктонот.
Көргөндүн баары өзгөрмө,
Көңүл ай, кантип ток болот?

*5-ноябрь*
*1999-ж.*



## ӨЛГӨН ЖҮРӨК

*(Советтик жетекчинин арманы)*

Корккондон кызыл өңүм бопбоз болуп,
Коендун турпатына окшош болуп,
Жүрөгүм эчак эле өлгөн экен,
Жүрөмүн курчтугумду жоктоп коюп.

«Бюродо маселеңди карайм» - десе,
Бүшүркөп, ойго түшчү далай нерсе.
Жүрөгүм ошондо эле өлсө керек,
Мындайлар көп болчу эле санай келсе.

Ой басчу текшерүүчү келет десе,
Оюма түшпөй калчу болок нерсе.
Жүгүрүп чай даярдап, жай даярдап,
Жүрөгүм өлгөн окшойт, өлөт десе.

Өйдө жак жүгүр десе, жүгүрчүмүн.
Өзүмдүн жантериме киринчүмүн.
Беш жылдык планымды аткарганча,
Беш жолу өлүп кайра тирилчүмүн.

Жүрөктүн кыйнап турса мыкчыганы,
Кимдердин чыкпайт экен чыкчу жаны.
Маанайды наам берип көтөрүшчү,
Мага окшош өндүрүшкө шыктууларды.

Келбетим көзгө даана, нойондуку,
Жүрөгүм сереңдеген коендуку.
Өттү өмүр, баркы кандай өзүм билбейм,
Өлгөндөн калган жашоо тоеорлукпу?
Өлгөндөн калган жүрөк коендуку...

*6-ноябрь*
*1999-ж.*

## ЭЛ КЫЛДАТ

Отоо чопко тең болсо бийиктигим,
Ойлоп корчү мен кимге сүйүктүүмүн.
Жакшысың дейт пайдамды коргон бироо,
Жаман дебей коңулго түйүп жүрдүм.

Дарактарга теңелсе бийиктигим,
Далайларга мен дагы сүйүктүүмүн.
Жылуу созүн арнаса жакшы бироо,
Жыргалына балкылдап ийип жүрдүм.

Булуту бар коңулдүн чулгап турган.
Бузуку коп ортону булгап турган.
Мен озүмдү акмын деп айталбаймын.
Мезгил элек, эл кылдат ылгап турган.

*3-ноябрь*
*1999-ж.*



## АТЫҢ СЕНИН ЖУПУНУ

Айып корбо, атың сенин жупуну.
Атыңда жок сулуулуктун кыпыны.
Сени корсом эстей берем дел болуп,
Сезимдеги айперини утуру.

Ашык болсо ак жүзүңо миң киши,
Алоолонтоор делебиңди бир киши.
Жатка түшпой мага түшүп калсачы,
Жалжылдаган карегиңдин дүрбүсү.

Корүп билбей сүйо аламбы башканы,
Кокко умтулат камыш деле саздагы.
Эрке жүрок ээликкенин басалбай,
Эпкиндеймин тоо суусундай жаздагы.

Сулуу эмес, атың сенин жупуну,
Сулуулуктун атыңда жок кыпыны.
Жок дей албайм, үзүлбоптүр мен үчүн,
Жомоктогу перилердин тукуму.

*4-ноябрь*
*1999-ж.*

## БУЛ САПТАР

Жалгызмын дебейм элим бар.
Жардымын дебейм өмүр бар.
Шойкомдуу башка не келбейт,
Шоруна калаар өлүм бар.

Тиктебей койбойм көзүм бар.
Тилимди катпайм сөзүм бар.
Жанымдын жандай шериги,
Жаш бойдон калаар сезим бар.

Тойбодум дебейм, ынсап бар.
Тойгузса тоер курсак бар.
Жүрсө дейм элдин дилинде,
Жүрөктөн тамган бул саптар.

*7-ноябрь*
*1999-ж.*



## УБАКЫТ

Суу экен да тынымсыз кыймылдаган.
Тоо экен да ордунан бир жылбаган.
Уурутунан оптүмбү, билбей калдым,
Убакытты карачы жылмыңдаган.

*25-ноябрь*
*1999-ж.*

### УЙКУ

Уктабасам кумарым жасылбаган,
Уйкум менин таттуубу асыл жандан?
Коз илинсе суналган олук болуп,
Кордо жатам ар туну казылбаган.

*26-ноябрь*
*1999-ж.*



### АБИЙИР

Ак сүт болсо абийирим тогулбогон,
Тогулгону тең окшойт олум менен.
Өтөөр болсом омурдон арсыз болуп,
Өлук жүрот дегиле комулбогон.

*26-ноябрь*
*1999-ж.*

## ЖҮРӨК

Жоо болуптур бир көзүм, бир көзүмө,
Жоболондуу тирүүлүк дүйнөсүндө.
Албууттанып тынчыбай жүрөк жалгыз,
Атаандаш жок тең келээр бир өзүнө.
Жүз жыл бою соксо да арманга жык,
Жүрөк деле жетпептир мүдөөсүнө.

*26-ноябрь
1999-ж.*



## КУРУСУН

Жамандыкта курчуган тил курусун.
Жайдак калган ыймандан дил курусун.
Каралашаар жакының душман болуп,
Кабыргаңа таш баткан күн курусун.

Корнамыска сүйрөлгөн салт курусун.
Козү өткөндө кор болгон даңк курусун.
Өзөн толгон байлыгын сел алгандай,
Өгөп турган ичтеги дарт курусун.

Жанды жеген жалаалуу сөз курусун.
Жаралгандан сугалак көз курусун.
Ой болбосо сойлоок тил кантээр эле,
Ооз билет болгонун жеп турушун.

Пайдасы жок, коркү бар каш курусун.
Батып турган санаага баш курусун.
Тандап ичип дарт менен ооруганда,
Тамагыңдан өтпөгөн аш курусун.

*2-декабрь
1999-ж.*

## БАЛАЛЫГЫМ

Балалык батпай калган жылдызымбы,
Балалык бак даарыган турмушумбу,
Дөөлөттүү болуптурмун ошол кезде,
Түшөнүп жатып жүрүп курмушуну.

*5-декабрь*
*1999-ж.*



## ЖЕР ЖАНА МЕН

Жер деле бай тоолорго, талааларга,
Эл деле бай турак-жай, калааларга.
Кара жерге калк сыйбай кетеби деп,
Кайран башым толтура санааларга.

Ой деле жок чарчап олсо деген,
Ойрон болсо, башкасын корсом деген.
Жерге бирок, коз салсак кең ааламдан,
Жер деле бир кыпындай нерсе белем.

Жер бетинде мен дагы кыпындаймын,
Кыпын болуп мынча не кыпылдаймын?
Ой токтобойт, жер чакан, аалам чексиз,
Ошондо го, ойлордон кутулбаймын.

*5-декабрь*
*1999-ж.*

## ТАШ МЕНЕН СУУДА БАЙЛЫГЫМ

Топурак болсо таш болбой,
Томпоюп тоолор баз болмок.
Өзөндүн ичин жаңырткан,
Өркөчтүү суулар аз болмок.
Жыбылжып агып булактар,
Жылганын баары саз болмок.

Аркайган зоолор болбосо,
Аң улап мерген чыкмакпы,
Аскасыз жалпак дөңдөрдү,
Айланып бүркүт учмакпы,
Ала-Тоо бийик болбосо,
Атагын дүйнө укмакпы...

Суурулуп тоодон ажыдаар,
Суулардын тордо куйругу.
Куттуу жер тийип энчиге,
Кудайдын ушул буйругу.
Тоо-ташта жүргөн элимдин,
Тоолорго тете сыймыгы.

Жабагы тайдай эркиндик,
Жал-куйруктуу ат болоор.
Жарышып аккан суулары,
Жамбыга бергис зат болоор.
Текейден арзан таштарын,
Теңгече баалаар чак болоор.
Баркталып ырым ошондо,
Балтага мүмкүн сап болоор...

*6-декабрь*
*1999-ж.*



## ӨМҮР САБАК

Өмүрдүн мектебинде өмүр сабак.
Өтүлбөйт ал мектепте жеңил сабак.
Желкеңден түйшүк басып коргошундай,
Жетпейсиң ойлогонго көңүл самап...

*13-декабрь*
*1999-ж.*

## КАЙРАТЫМДЫ МЫЖЫГЫП БУУП ТУРБАЙ

Кайратымды мыжыгып бууп турбай,
Кара зилин өзөктүн жууп турбай,
Асылдыгын бироонун сезет белем,
Арам ойду коңүлдөн кууп турбай.

*18-декабрь*
*1999-ж.*



## ЖЕРДЕН БАШКА ЖЕР БАРДЫР

Жылдыздардын артында жылдыз бардыр.
Жылдыз бетин тордогон турмуш бардыр.
Жашап коргон эбактан тоо койнунда,
Жалпак беттүү бизге окшош кыргыз бардыр.

Аска-таштар качандыр кумга айланаар.
Аскар тоолор басылып кырга айланаар.
Адам дагы конуш таап бөлөк жайдан,
Айткандарым а балким, чынга айланаар.

*20-декабрь*
*1999-ж.*

## БАГЫМ УШУЛ

Баскан жолум кызматтын тепкичинде,
Башым бышты турмуштун тепкисине.
Арманым жок Кудайга менин дагы,
Ата болуп жүрөмүн торт кишиге.

Тошоп турса балдарым урмат-сыйын,
Тобом кокко жеткенсип турмакчымын.
Балдар бирок балдарын сүйот экен,
Багым ушул... эмне кылмакчымын...

*21-декабрь*
*1999-ж.*



## КУР КАЙГЫ

Жетпегенге умтулуп жетемин деп,
Жеми болдум азаптын нечен ирет.
Жаралгандан аярлуу назик кылып,
Жанды Кудай бербептир бекемирээк.

Мээрими жок Күн барбы жылмайбаган,
Мезгил барбы ордунан жылбай калган.
Жарык дүйно түнорүп калмак беле,
Жашты берсе табигат улгайбаган?
Бүтүн нерсе бар бекен сынбай калган?

*25-декабрь*
*1999-ж.*

## ЧУБАЛЖЫЙТ БАСЫП ӨТКӨН АРАЛЫГЫМ

Чубалжыйт басып откон аралыгым.
Чуркабай калып кетти балалыгым.
Чаңкайган кок асманым бүрколгондой,
Чачтарым мынча неге ала-буурул?

*28-декабрь*
*1999-ж.*



## СОЮЗ ЖАНА МЕН

*(Жазуучулар Союзунун кийинки жылдардагы абалы жонүндо соз)*

Атагы чоң Союзду жакыр дешет.
Аты очобү бир күнү такыр дешет.
Атагы жок, наамы жок бирoo келип,
Ал Союзду башкарып жатыр дешет.

Кадыр-баркы Союздун тыйын дешет.
Кармап туруу бул шартта кыйын дешет.
Жазуучулар оз ара кажылашып,
Жашап бүткон бечара уюм дешет.

Өкмоттү карабай кетти дешет.
Убалына онордүн жетти дешет.
Таланттуунун бир жакшы китебинен,
Бир ботолко самогон оттү дешет.

Наамы жоктор айтышат: – Союз керек.
Наамы барлар үн дешпейт: – Жоюш керек.
Маарекелер кантсе да отүп жатат,
Каптап барып сыйына тоюш керек.

Акын олсо ардактап коюш керек,
Ана ошондо маркумга Союз керек.
Эртели-кеч турмушка зарыл болсо,
Эмне үчүн Союзду жоюш керек.

Болбосо да ишимди тескегендер.
Болуп жатат откондү коксогондор.
Кыйын кезде Союзду бакты эле деп,
Элден чыгаар мени да эстегендер.

Ордосу экен бул Союз ойчулдардын.
Ой боксорсо мен кантип толтурамын.
Ыйык жайдын очүрбой коломтосун,
Ызат кылып торүндо олтурамын.

*28-декабрь*
*1999-ж.*

## ОЙДОГУ ТАМЧЫЛАР

Толгоосу жанган буралат.
Түрмөгү жанган чубалат.
Оодон чыгып сөз кетсе,
Ок жетпейт экен кубалап.

Сан жылдыздар сандан көп.
Санаалар менде андан көп.
Бура тартаар чамам жок,
Бул дүйнөнү жалган деп.

Жазылып калган окулат.
Жароокер дилден токулат.
Табият берген ыр дары,
Тартканча жанды топурак.

Бирине-бири жуп болуп,
Бирине-бири кут болуп,
Катын менен эркекке,
Калыптыр дүйнө жык толуп.

*28-декабрь*
*1999-ж.*



## КУДАЙ ДЕЙМ

Кара ношор тер агып,
Кыйналганда Кудай дейм.
Каректерден жаш кулап,
Ыйлаганда Кудай дейм.
Кабатыр жүрөк селт этип,
Туйлаганда Кудай дейм.

Өрөк сөзү бирөөнүн,
Чолуп кетсе Кудай дейм.
Оор санаа көңүлгө,
Толуп кетсе Кудай дейм.
Абийирдин кырын наадандар,
Жонуп кетсе Кудай дейм.

Калың журтум тынчтыкты,
Көксөп турса Кудай дейм.
Кайран курсак тоюнбай,
Өксөп турса Кудай дейм.
Акча деген намысты,
Тепсеп турса Кудай дейм.

Ай тободон жаңырса,
Аман кордум, Кудай дейм.
Азат берген элиме,
Заман кордум, Кудай дейм.
Жоболондуу учурду,
Жаман кордум, Кудай дейм.

*29-декабрь*
*1999-ж.*

## ШАЙЛООЧУЛАРГА

Жылдан өткөн жыл болот.
Пулдан өткөн пул болот.
Чөйчөгү куурап тургандар,
Чөнтөктүүгө кул болот.

Кай бироолор сак болот.
Кай бироолор так болот.
Жакшы сыйлап жонотсо,
Жаактары жап болот.

Көнүккөн эмес айдоого,
Көпчүлүк келбейт шайлоого.
Чыгаандаары тушалып,
Чыгып келет тайжорго.

Камчы саптык ыргайды,
Карагай деп турбайбы.
Бакан болбос ыргайды,
Баш болот деп турбайбы.

Укуруктай четинден,
Устун жасайт окшойбу,
Уяты жок чеңгелден,
Муштум жасайт окшойбу.

Качкор тандаар маалда,
Козуларын мактаса,
Майданы көп шайлоодо,
Майдалангдык таптаза.

Ар бир уруу өзүнчө,
Өлкө болду деп уктум.
Эпчилдери жол баштап,
Серке болду деп уктум.



Карылардын элдеги,
Калыстыгы кайда экен.
Арамдыктан жаштардын,
Алыстыгы кайда экен.

Шакаба эмес, ыр жаздым,
Шайлоочуну чымчылап.
Эриш-аркак болсо экен,
Эркиндик менен ынтымак.

## ТАГДЫР КАНДАЙ?

Жылуу дебейм тонумду кийбей туруп.
Жыргал дебейм жашоону сүйбөй туруп.
Жоноткон үн билбеймин Жаратkандын,
Жазымышты мандайга чийбей туруп.

Күлкү кайда жүрогүм сүйүнбосо,
Күнүм жарык, кабагым түйүлбосо.
Тагдырына таарынуу жондүү ишпи,
Таалай-багы мандайга чийилбесе.

Тагдыр чыны сурабайт макулдукту.
Мага берген мисалы акындыкты.
Бороондогон күндордо жолдо калбай,
Болсо экен дейм минээрге атым мыкты.

*2-январь*
*2000-ж.*



## КЫЯЛЫМ

Тоолордун болот кайкысы,
Жоллордун болот кайчысы.
Айланып кетсин эстүүдон,
Адамдын болот тайкысы.

Суктун кырда жойкусу.
Сулуунун болот сойкусу.
Сезимдин жоосу коркунуч,
Селейте чаап койчусу...

Канымда менин кыялым,
Канткенде аны тыямын.
Тентек тил сайрап, дил эргип,
Териме араң сыямын.

Өзүмдү-озүм жекирип,
Өлгүдой кээде уянмын.
Жашагым келбей кеткенде,
Жанымды кантип кыямын?

*3-январь*
*2000-ж.*

## ТУУГАН ЭЛЕ, АЛ УРГАН

Жол тосоордун байкадым бузулушун.
Жолуң болгур койбоду ушунусун.
Беш жыл окуп келди эле укук таанып,
Бети калың макоону кусур урсун.

Жылмандаган ал урган тууган эле.
«Жылдыз» алып кызматын жууган эле.
Мыйзам тонун жамынган бөлтүрүгүн,
«Мыкты чыкты балам» дейт куруган эне.

Ара жолдо бирөөнү чыркыратып,
Айдоочунун жүрөгүн зыркыратып,
Соолотүно манчыркап жолдо турса,
Сөкпогон ким андайды шыркыратып.

Досторуна кесиптеш кеп келтирип,
Доо арттырып мыйзамга шек келтирип,
Жакшымын деп жүргондүр ал тууганым,
Жамандыкка уятын бет келтирип...

*3-январь*
*2000-ж.*



## ҮМҮТТӨГҮ КЕЛЕЧЕК

Үй салдым үмүтүмдүн алкагына.
Үстү кок, жашыл тоонун чалкагына.
Дуулдап мотор минген кыргыз жүрот,
Туу белде булут сүртүп калпагына.

Элестеп келечекти турганымда,
Эреркеп батып кетем жыргалына.
Жыргалы ушу эмеспи Ата Журттун,
Жылкы айдап балдар оссо кырларында.

Ушу элдин болсо болоор оркүнү кең,
Улуттун жүзүн ачкан көркү менен.
Ал күнго мен жетпесем элим жетээр,
Адал иш, ак тилектин эрки менен.

Ынсабын агытпаган, ноктологон,
Ызылдап кор дүйнөнү топтобогон,
Аруу дил болочоктун элин көрөм,
Алеби азыркыга окшобогон.

*4-январь*
*2000-ж.*

## АКЫН ЖАЗАТ

Жазгандын жан азыгын түшүнгон бар.
Жакшы ырга жанын тошөп үзүлгөн бар.
Дүрт этээр май тамызып жүрөкторго,
Дүйнөдо акын деген күжүрмөн бар.

Жамандын жакшы билет тар дүйнөсүн.
Жакшынын жаман билбейт жан дүйнөсүн.
Азабын өзүнө алып акын жазат,
Адамдын ичиндеги зар дүйносүн.

*5-январь*
*2000-ж.*



## АКЧА ЖЕТПЕЙТ БААРЫНА

Байлык ширин, мен дагы тапсам деймин.
Балдарымды кор кылбай баскам деймин.
Желкем минтип мээнеттен жоор болду,
Жетээр эмес баарына акчам менин.

Атам деле акчадан олгон эмес.
Акча сурап ар кимден конгон эмес.
Таап бер деп карыздап жүргондор коп,
Тапкандары бироодон кем деле эмес.

Жегенге бар, ичээр суу жалаң эмес.
Жер оодарып тентиген заман эмес.
Капчык толгон алтыным болбосо да,
Канаат кылам, турмушум жаман эмес.

*7-январь*
*2000-ж.*

## КИМГЕ КЕРЕК?

Сүйөнүч керек алсыраган неченге.
Сүйүү керек Ала-Тоодой мекенге.
Кимге керек тынчтык деген бийик соз,
Кенен басып жүрө албасам кочомдо?

*7-январь*
*2000-ж.*



## ЖЕР ЖАРАЛЫП

Тоолорун суулар басып чогөрүптүр,
Суулардан тоолор бошоп көгөрүптүр.
Боркулдап аталадай, таш каймактап,
Боздоп ыйлап Жер-Эне төролүптүр.

Газ болгон дейт, ошол жер желге окшогон.
Жер торолүп толгоодон шолоктогон.
Эки аяктап жүро албай калтаңдашып,
Төрт аяктуу эл болгон, элге окшогон.

Кенен толуп Теңирдин купулуна,
Кереметке болонүп учурунда,
Мекен болуп калыптыр Жер-Энебиз,
Мээрин тошөп адамдын тукумуна.

*8-январь*
*2000-ж.*

## АЙТСАҢЧЫ

Сезимден сезим тутатынып,
Өрт болгонун айтсаңчы.
Сен дегенде эки коз,
Торт болгонун айтсаңчы.

Ушак-айың токтобой,
Курчуганын айтсаңчы.
Урчук созго коңүлдүн,
Тырчыганын айтсаңчы.

Кайран жүрок бир создон,
Селт эткенин айтсаңчы.
Каректерден суу мончок,
Молт эткенин айтсаңчы.

Тилегеним таш болуп,
Коргонүмдү айтсаңчы.
Тирүү жүрүп сен үчүн,
Өлгонүмдү айтсаңчы.

Кыйшаң тагдыр жетелеп,
Багынтканын айтсаңчы.
Кылтак салып сезимге,
Сагынтканын айтсаңчы.

Ойго жетпей мендейдин,
Кур калганын айтсаңчы.
Опол тоодой армандан,
Ыр калганын айтсаңчы.

*11-январь*
*2000-ж.*



## УБАРАМЫН

Өмүр кайда жүргүдой өлгүс болуп,
Өкүмүно олүмдүн конгүс болуп.
Эси жокко кор болуп жашаганча,
Эл кыдырып кеткен оң дербиш болуп.

Келесоого жакканча жакшы болуп,
Кеме жасап түшкон оң ташты жонуп.
Желкелеген бироого кор болгончо,
Жер кыдырып кеткен оң бакшы болуп.

Калем кармап мен дагы курал алдым,
Кангып жүргон дербиштей убарамын.
Үйдон чыкпай кыдырып ыр дүйнону,
Үн чыгарбай ак урган дубанамын.

*18-январь*
*2000-ж.*

## МЕЗГИЛ ЖАНА МЕН

Бырыштарым жылдардын жыйындысы,
Бырышпаган мезгилдин кыйындысы.
Кудай менен иши жок күндор учат,
Келбейт экен бироого сыйынгысы.

Сурап жесем ырыскым жарты нандай,
Сурку качкан турмуштун баркы кандай.
Санаам менин, мезгилди коштоп учат,
Заманынан ок жеген каркырадай.

*31-январь*
*2000-ж.*



## БОЛУШ ЧЕРТСИН

*(Комузчу Болуш Мадазимовго арнап)*

Болуш чертсин күүлордү, Болуш чертсин,
Боор эттин кылдарын чолуп чертсин.
Ыйын чертсе канакей булуттардын,
Ысык-Колдүн боксоосү толуп кетсин.

Саринжидей жетимдин мунун чертсин.
Курманбектей баатырдын кунун чертсин.
Батаар күндүн нурунан кыл жасатып,
Баео түндүн уюган сырын чертсин.

Калмурзанын Саткындай жарын чертсин.
Курманжандай эненин зарын чертсин.
Алла Таалам жар болуп сактап келген,
Аз кыргыздын намысын, арын чертсин.

*2-январь*
*2000-ж.*

## МЕНМЕНСИНҮҮ

Ыңсап деген кургабас кашык сындуу,
Ыйман деген дилдеги азык сындуу.
Ээлеп алса коодондү менменсинүү,
Энкейтпеген ичтеги казык сындуу.

Жоош чыгат жүүндүн боштугунан.
Жорук чыгат кыялдын шоктугунан.
Тенине албай бироолор эстүүсүнот,
Теренирээк акылдын жоктугунан.

*3-февраль*
*2000-ж.*



## ГАРМОНИЯ

Түркой эмес азыраак далдырама.
Түшүнгончо созүңо жалдырама.
Татып алса жүз грамм менин байкем,
Таш жолдогу араба, калдырама.

Кабактары озгорүп коз ирмемде,
Кайран женем жеринен безилдеме.
Соолотү зор агамдын үн дебеген,
Соз деп койбойт женемдин созүн деле.

Эртели-кеч кам корүп мал-жанына,
Эки кабат балдарга салган уя.
Эрегишип, кай бирде эзилишип,
Эркек-аял ушундай гармония.

*4-февраль*
*2000-ж.*

## ИТ КАЛДЫ ЭЛЕ

Тартышаар тагдыр менен күч бар беле,
Тапканы эне-атамдын бүт калды эле.
Каңгыган менден бетер жетим болуп,
Кайтарып ээн тамды ит калды эле.

Каңшылап ээн үйдө ит калды эле.
Казыкта ит байлаган жип калды эле.
Ийрилип ичин тартып мени кыйбай,
Ичилбей итаякта сүт калды эле.

Айбаным калган эле жазыгы жок.
Астында сүттөн болок азыгы жок.
Ээн там турган экен кийин келсем,
Ит эмес, ит байлаарга казыгы жок.

Үстү чатыр айылда там бар эле.
Үй кайтарган макулук жан бар эле.
Мөгдөп кетем кай бирде аны ойлосом,
Менде кандай ошондо ал бар эле...
Эл аралап мен кеттим таалай издеп,
Ээн үйдө жалгыз ит калган эле...

*5-февраль*
*2000-ж.*



## ЧЫГЫП ТУРСА КЫЙЫНДАР

Өткөн чак түгөнбөгөн жомок болоор.
Учур чак убактылуу конок болоор.
Дагы бир айкөл чыкса Манас сындуу,
Далайга таянаар тоо, омок болоор.

Аруу дил акыл-ойду тунук кылаар.
Асыл ой адамдарды улук кылаар.
Кыйындар чыгып турса Чыңгыз сындуу,
Кыргызды аты өчпөгөн улут кылаар.

*9-февраль*
*2000-ж.*

## МЕНИН ИЗИМ УРПАКТАР

Жаратылыш түптүү дарак бүтүндөй,
Бүтүндүгүн жүргөнмүсүймүн түшүнбөй.
Жашап өтөөр торолбогон жан канча,
Жазды күтүп ачылбаган бүчүрдөй.
Жерде калаар менин изим урпактар,
Желге сиңип кетсем дагы түтүндөй.
Канат, бутак жайылгансып баратат,
Калса экен оо, биздин тукум үзүлбөй.
Ар-намыстуу азаматы көп болсо,
Аталардын бийик наамын түшүрбөй.

*12-февраль*
*2000-ж.*



## ЖҮГҮНГӨНДӨН НЕ ПАЙДА

Түндүк болуп бере албайт таш ийилип.
Түпкүч болуп бере албайт каш ийилип.
Жүрөк ыйлап турбаса чындык үчүн,
Жүгүнгөндөн не пайда баш ийилип.

Багван ыйлайт аңгекке суу түшкөндө.
Баатыр ыйлайт колунан туу түшкөндө.
Эрдин эри сыналат майтарылбай,
Эл башына тополоң чуу түшкөндө.

*14-февраль*
*2000-ж.*

## КУШУН МИНДИМ УБАКЫТТЫН

Бошобой күнүмдүктүн кумарынан,
Багымды издеп жүрүп Күн алдынан.
От куйрук кушун миндим убакыттын,
Артымда из калаар деп чубалжыган.

*15-февраль*
*2000-ж.*





## КАРДЫ КЕЧИП

Жумурткага окшотуп доболорду,
Жумшак куту асмандын себеледи.
Кусаланган булуттун ак мамыгын,
Кумарланып аягым тебеледи.

Баш көтөрүп булутка салам айттым,
Баео желге чулганып аралаштым.
«Канча дагы кыш келет»-деп ойлонбой,
Карды кечип жумушка бара жаттым.

*15-февраль*
*2000-ж.*



## БИЛГЕНИН АЙТ

Кыялдын кырдан соккон шамалын айт.
Ойлордун опурталдуу амалын айт.
Сүрөтү боек менен тартылбаган,
Сүйүүнүн элесте жок жамалын айт.

Көңүлдүн жоодураган гүлдөрүн айт.
Санаанын көчүп-конуп жүргөнүн айт.
Элеси каректерге илинбеген,
Элжиреп жандүйнөңдүн күлгөнүн айт.
Кубанып же кайгырып турсаң деле,
Кудаанын бары-жокту билгенин айт.

*15-февраль*
*2000-ж.*



## ЧЫНДЫК КАЙДА?

Чындыктын чыккан болсом алкагынан,
Жалганды басып турам жалпагынан.
Бир көрүп чындыкты да тааный албайм,
Кыргызды тааныгандай калпагынан.

Жалгандын чыгып кетсем алкагынан,
Акыйкат түшүп бербейт жалпагынан.
Анткени адамдар аз арабызда,
Абийирин бетке кармап калка кылган.

Элде көп акыйкатчыл биз дегендер,
Пайдасын чөнтөгүнө издегендер.
Антсе да табат экен туура жолду,
Ак дилин адал ишке түздөгөндөр.

Кылайган таңды тосуп атаарында,
Кызарган Күндү узатып батаарында.
Тизгиндеп жашоо күндүн бир чындыгын,
Тирүүлөр бара жатат сапарында.
Мээнеттен дөөлөт издеп жүргөнүм чын,
Мен дагы ошолордун катарында.

## ЖАШ АРКЫЛУУ

Тоолорго чыккан сындуу доң аркылуу,
Балдарым бойго жетти мен аркылуу.
Талпынып уча берсин барчын куштар,
Таалайын таап алаар эл аркылуу.

Чокуга чыккан сындуу кыр аркылуу,
Шыгы бар акын болот ыр аркылуу.
Ыр дагы сезим кылын чыңап отот,
Тогундай электрдин зым аркылуу.

Аскалар бийик болсо таш аркылуу,
Адамдар бийик болот баш аркылуу.
Өмүрлөр бийик болбой, узун болсо,
Өлүмгө такай бербей жаш аркылуу.

*23-февраль*
*2000-ж.*



## ЭЛДЕН БӨЛӨК ЭМНЕМ БАР

Корүп жүром мен дагы эл дегенди,
Козү тирүү жайнаган пенделерди.
Таразалап акыл-эс, мээнетимди,
Тарбиялап койду го мен дегенди.

Элден болок эмнем бар, эл деп келем,
Эл муңкайса, мен сыздап моргдоп келем.
Үшкүрүгүн учурдун уккум келбей,
Үмүт менен жүрокту эмдеп келем.

*23-февраль*
*2000-ж.*

## БААРЫ ЖАКШЫ БОЛГОНДО

Ар бирөөгө берилсе акыл даана,
Акыл кетмек чабыттап закымдарга.
Ымаласы тың болуп бири-бирине,
Ыр-чыры жок жашамак катын-бала.

Даана болуу ар кимге милдет беле,
Дабдыр болуу кимгедир илдет беле.
Жалпы адамзат акылдуу болуп кетсе,
Жакшылыгын Теңирдин билмек беле.
Жапыз ойлуу арада жок болсо эгер,
Жакшыларга жакшылар күлмөк беле.
Күлкүсүнөн айрылып сынчы бирөө,
Күүдөн калган текедей жүрмөк беле.
Кыжы-кужу болбосо пенде чиркин,
Кызыгы жок өмүрдү сүрмөк беле...

*28-февраль*
*2000-ж.*



## КАТКАЛАҢ КЫШТА

Каткалаң кышта жер өзү,
Карчайып тоңот денеси.
Далдайып конгон каргалар,
Дарактын окшойт момосу.

Булуттун бугу чечилбей,
Сууктун мизи кетилбей.
Балтадан корккон жалгыз тал,
Сербейип турат жетимдей.

*1-март*
*2000-ж.*

## ШУМ ТАГДЫР

Жолоочу болсоң жол тагдыр.
Жолунду тапкан кол тагдыр.
Жетпесе акыл бироого,
Жетелеп кетээр шор тагдыр.

Адамда болбойт кур тагдыр.
Армандуу жанга муң тагдыр.
Өзөнүн аккан өмүрдүн,
Өлгөнчө чайкайт шум тагдыр.

*2-март*
*2000-ж.*



## ОЙ ӨЧПӨСҮН

Ойлор учат алдына күлүк салбай,
Ой кетеби ойлорго бүлүк салбай.
Жүк артканын карачы санаалардын,
Жүром неге боорумду тилип салбай.

Жара тилсем боорумду эзе бербей,
Жаным чиркин тынчымак безеленбей.
Өмүрдүн бир тазасын сүрмөк элем,
Өзүмдү-озүм күноокөр сезе бербей.

Ой кемесин алыска айдап салып,
Үмүт боосун жетпеске байлап салып.
Жүдөткөнүн карачы убайымдын,
Жүрөгүмдү ичинен жайлап салып.

Ой очкондо  мен дагы очот окшойм.
Ойлогонго качандыр жетет окшойм.
Жабыркатып турбаса туздуу санаа,
Жаратканды тааныбай кетет окшойм.

*2-март*
*2000-ж.*

## ЖАНЫМ СЕЗЕТ

Өлбөгөнгө билемин жаз келээлин.
Өркөчтөгөн суулардын мас келээрин.
Жаным сезип турат го кантсе дагы,
Жакшы күндөр ушунтип аз келээрин.

Сулуу кыздай жалт карап жаз кетээрин.
Суулар ташып буурадай мас кетээрин.
Жаным сезип турат го кантсе дагы,
Жазды коштоп үмүттүн жаш кетээрин.
Көңүл сыздап кай бирде такаат кылбай,
Көкүрөктө эрибей таш кетээрин...

*6-март*
*2000-ж.*



## КОММУНИЗМ КЕЛСЕ КЕРЕК

Батыштан чыкмак беле күн ошондо,
Байлыктын башы болоор дил ошондо.
Кутулуп айбандыктан адам аттуу,
Кудайга жетип турaар үн ошондо.

Азыр дил бөрү сымак, түлкү сымак,
Ар кимге өлүп тапкан мүлкү кымбат.
Акчанын кулу болбой качандыр бир,
Адамга болсо болоор күлкү кымбат.

Уяздай аппак эмес жарык дүйнө,
Убайым чулгап турган карып дүйнө.
Келечек коммунизм келсе керек,
Келгенде жалган эмес анык дүйнө.

*7-март*
*2000-ж.*

## КЫЗЫМА КААЛОО

*Нуризатка*

Ызаттуу болуш — жарашык.
Ыймандуу болуш — жаназык.
Билемин баарын деп жүрүп.
Билимден калба адашып.
Ыкыбал жолуң бар болсо,
Ырыскы келет жанашып.
Акыры ишиң оңолот,
Аракет кылсаң жан ачып.

Болоттой болуп ийилип,
Бойдогу намыс серпилме.
Жалкоолук жакка суналат,
Жаныңды койсоң эркине.
Мекениң алкайт бир күнү,
Мээнетиң менен оркүндө.
Калды эле атаң жаш эмес,
Карап жүр кээде торкүнгө.

*8-март*
*2000-ж.*



## ЭЛЕСТЕЙМ

Көңүл десе бушайман дилди элестейм.
Өмүр десе жайнаган гүлдү элестейм.
Арзуу десе бир сулуу эстен кетпейт,
Андан бөлөк мен деген кимди элестейм.

Катуу десе сайдагы ташты элестейм.
Жумшак десе балкылдак сазды элестейм.
Сук арттырып келгенче арбап турган,
Сулуу десе суйкайган жазды элестейм.

Суудан корксом каптаган селди элестейм.
Чуудан корксом кыжынган элди элестейм.
Эртели-кеч оюма ажал түшсө,
Эң биринчи казылган көрдү элестейм.

*8-март*
*2000-ж.*

## УБАКЫТКА КАЙРЫЛУУ

Ким элең сен кылчайып кайрылгыдай.
Ким элем мен өзүңдөн айрылгыдай.
Күтүүгө чамаң жок, айлаң да жок,
Күлүк жок кууп жетээр Тайбуурулдай.

Кантесиң узап кеттиң айлаң калбай.
Кантейин калып кеттим байлангандай.
Ойлосом калган жашты көктү карап,
Керилип бир сындырым Ай калгандай.

*9-март*
*2000-ж.*



## ЗАМАН ЖӨНҮНДӨ ОЙЛОР

1

Тирүү жүрүп ичинде тирүүлөрдүн,
Тирүүлүктүн буйруктуу күнү көрдүм.
Түгөнбөгөн ойлор көп, үмүт жалгыз,
Күнү-түнү ошондон түңүлбөдүм.

Заман деген үй эмес урап калган,
Келе жатат бир заман сураптпаган.
Сураптастан мен дагы ээрчип жүрөм,
Суу куйруктуу үмүттү булактаган.

2

Куту качып ыйлаган заман кантет,
Кудай менен иши жок адам кантет.
Кежендесем учурга наалат айтып,
Келечектен үмүткор балам кантет.

Ушак-айың жүдөтсө Чыңгыз кантет,
Убайымга бөлөнгөн турмуш кантет.
Өзгөлөргө баш уруп, өзүн кордоп,
Өзөгүнө таш каткан кыргыз кантет.

3

Доорлордон доо калбас аян калаар.
Аталардан асыл ой, баян калаар.
Өткөн заман өзүнчө тажрыйба,
Өсүп-өнөөр ошого таянгандар.

Аракеттер максатка жуурулганда,
Аруу тилек арамдан суурулганда,
Жакшы заман айныбай келди дей бер,
Жаман ойлор жай таппай куурулганда.

4

Аккан дайра, суу куйбай көл жашайбы,
Акылынан адашкан эл жашайбы,

Сабырыңды өлгөнчө сынай берме,
Заман чиркин мынча не беймазалуу?

5

Өмүрдү мен тагдырга кошоктодум,
Көңүлдү көйгөйлордон бошотподум.
Мээнеттин катуулугун айта көрбө,
Мен деле тирүү жүрүп «тозоктомун».

*Март*
*2000-ж.*



## БООРДОШМУН

Кылым менен азыркы доордошмун,
Кыргыз менен бир журтмун, коомдошмун.
Алты канат боз үйдөй томпок жердин,
Алты миллиард элине боордошмун.
Дал ошончо жүроктөн сүйүү тамса,
Дүйносү экен бул жарык соолбостун.

*14-март*
*2000-ж.*

## ЭРДИК КЕРЕК

Ташты жанчкан бар болсо кумдай кылып,
Кумду жанчкан табылаар ундай кылып.
Жалжак ооз, жалпак тил оңой конот,
Жалган кепти айтканга чындай кылып.

Болочоктуу өлкөгө теңдик керек,
Боорукерлик кылганга кеңдик керек.
Чырдан коркпой жалганды четке кагып,
Чындык сөздү айтууга эрдик керек.

*15-март*
*2000-ж.*



## ЫРЫМ МЕНЕН

Ар бир күнүм мезгилдин айдоосунда.
Алтын башым тагдырдын байлоосунда.
Жакшы ат минип, жан багып жүрө аламбы,
Жаштык деген өмүрдүн жайлоосунда?

Кор болбоско умтулуп кайран жаным,
Коргошун ок учпаган майдандамын.
Ышкысы көп убакта мээнет басып,
Ырым менен жаштыкты сайрандадым.

*17-март*
*2000-ж.*

## КАРГА

Бою балкып, сууктан жадабаган,
Бок чокуса кумары тарабаган.
Санда жок деп байкушту кыргый теппей,
Салпакташат каргалар алабарман.

Милдети коп жумушка жарабаган,
Министрди киши деп санабаган.
Сөзү күчтүү өзүндө дымагы жок.
Сүйлогондор канча коп алабарман.

*18-март*
*2000-ж.*



## ЭЛГЕ БЕРСЕМ

Жер тартып кучагына ала электе,
Жез тырмак ажал колун сала электе,
Жүгүндөп жакшы ойлорду элге берсем,
Жүрогүм сокконунан кала электе.

Кор тартып топуракка бара электе,
Коз жашы балдарымдын тама электе,
Толтуруп ыр дүйнонү кетким келет,
Толгоосу кумарымдын жана электе.

*20-март*
*2000-ж.*

## БИЛИМ ЖӨНҮНДӨ

Нысабымды жыргатпайм сарандыктан.
Нымдалбаган нанымды араң жутам.
Билгениме тобо дейм, билим алып,
Билимсизге бул дүйнө карангы там.

Сабырдуулук кыялды жеңет бекен,
Сараң ойлор ушунча керек бекен.
Акыл даана, жетиштүү билим болсо,
Он сегиз миң ааламды элестетем.

Жылып-жылып замана көчө берет,
Жылдар кууп жылдарды кете берет.
Бийиктигин бир элдин көрсөтүүгө,
Билимдүүнүн билими өтө керек.

Байкуштардын толсо деп супурасы,
Байлык кайда жолундан учурачу?
Өргө тартып сүйрөгөн билим экен,
Өмүрдөгү байлыктын нукурасы.

*20-март*
*2000-ж.*



## ТАРЫХ ЖӨНҮНДӨ

Тескебейм баскан изин аталардын.
Тарыхтын оңдоп болбойт каталарын.
Бүгүн мен түкүрүнсөм өткөн күнгө,
Эртең мен ким бирөөгө шакабамын.

Күндөрдүн күбөсүмүн чыгып-баткан.
Күндөр жок чыкпай калып дымып жаткан.
Көрбөдүм убакыттын кең жолунан,
Тарыхтын арабасын сынып жаткан.

Жашоо үчүн жашаганым анык тыр.
Жарык дүйнө бизге буйруп калыптыр.
Белгисизге аалам сиңип кеткенче,
Бирин койбой жазып турар тарыхтыр.

*21-март*
*2000-ж.*

## ЧЫКЧУ ЖАН

Чыгалбай жүрсө чыкчу жан,
Чырмаган аны ышкы бар.
Ажайып дүйнө жөн эмес,
Арзуудан бүткөн ыктымал.

Азапта дайым чыкчу жан,
Арманын барбы укчу жан.
Жан деген ысык өзгөчө,
Жалындан бүткөн ыктымал.

Түбөлүк эмес чыкчу жан,
Түнөктөн качаар куш сымал.
Жел болуп жашап жүрөктө,
Жел менен кетээр ыктымал.

*2-апрель*
*2000-ж.*



## КОРКСОҢЧУ УБАЛЫМДАН

Ойлорумду айтам деп ойлорумду,
Ойдогуну айталбай койбодумбу.
Моюн сунуп жылдыздуу дидарыңа,
Мококтукка бир жолу тойбодумбу.

Көңүл самап турганда жамалыңды,
Көздү жумуп алдыңа баралдымбы.
Бушаймандуу ойлорду серпип салып,
Булут минип куусам дейм караанынды.

Жооп издеп дилиме кубандырган,
Жолдо жүрөм кыйры жок чубалжыган.
Кордугуңа көңгүдөй күнөөм кайсы,
Коркпойсуңбу бироонүн убалынан.

Жок издеп улам-улам,
Жолдомун чубалжыган.
Корунаар күнөөм барбы,
Корксоңчу убалымдан.

*4-апрель*
*2000-ж.*

## КАРГЫШ ЖАНА МАХАБАТ

### I-БӨЛҮМ

Эл ичинен эр кордум баспай калган.
Жер бетинен жер көрдүм сазга айланган.
Жылуу жүздүү адамдар аз көрүндү,
Жылмайганда кабагы жазга айланган.

Коодон толо зил болсо — караңгылык.
Көмөлөтүп жакшыны жаман кылып.
Кесепетке бет келсе эл качабы,
Кетмейинче ордунан заман жылып.

Жаңы заман кабагын түйүп келди.
Жал куйругу өрт болуп күйүп келди.
Аты жакшы теңчилик Союз берген,
Ашып кетти кайрылбай бийик белди.

Учпай келди эркиндик тоок болуп.
Учур менен жуурулбай коолтонуп.
Мал менен мүлк жоголуп ортодогу,
Май чайнаган ким дейсиң ооз толуп.

Бийлик калды: акыл-эс мээдеги,
Соо болсо экен данектер зээндеги.
Кем болбосо дейсиң да балдарыбыз,
Келе жаткан замандын ээлери.

Кылгырып көп ойлонуп үй жонүндө,
Кысынып кат жазалбай сүйгөнүнө.
Талаалап кызмат өтөп Ата Журтка,
Бир солдат жүргөн эле Чүй жеринде.

Кызматы ыйык милдет сыяктанып,
Карманып өзүн-өзү уяткарып,
Жайды-жай алачыкта конуп-түнөп,
Жаш жоокер күн өткөрөт пияз багып.



Командир чанда келет кабар алып,
Колунан кожоюндун «навар» алып,
Амалдуу фермер дагы көнгөн эле,
Арзан күч, эки аяктуу товар алып.

Жок дебей тилалчаактык башы менен,
Жыйырмага илинбеген жашы менен,
Жер карап олтуралбай иштеп жүрдү,
Жегенге болбосо да ашы кенен.

Бир күнү ооругандыр тиши катуу.
Бир күнү бурагандыр ичи катуу.
Жабыркап чыдап келет ишке көнүп,
Жага албай кожоюнга мизи катуу.

Иштетип каралбаган ээн жерди,
Ишбилги ишинде жок өөн жери.
«Дядя Альберт»-деп коюшат кожоюнду,
Жанында бирге жүргөн жээндери.

Окууда жалгыз кызы келип-кетме,
Булардын алы-жайын көрүп кетме,
Кут кирип, Лиза кирсе алачыкка,
Кулпунтуп көңүл жазын берип кетме.

Ал кызды Улан — солдат сыйлап турчу.
Көздөрү көздөрүнөн кыйгап турчу.
Альберттин тоң сөздөрүн уккан сайын,
Жаш жигит жан дүйнөсүн кыйнап турчу.

Жүргөндө жүүнү бошоп, жоош болуп,
Жүрөгү алде неден коолтонуп,
Кожоюн жок. Бир күнү кетип калат,
Коңшу айылда тамаша-шоок болуп.

Кер-мур сөздөр айтылып ана ошондо,
Келтек менен «эмделет» бала ошондо.
Жаш кулундай чыңырып, бөрү талап.
Жараат алат айыкпас дал ошондо.

«Өкүмдардын» бийлигин билсин дешип,
Өтүк менен тепкилеп күрсүлдөшүп.
Өчү бардай «ийлешет» дядя-жээндер,
Өмүр бою унутпай жүрсүн дешип.

Муну көргөн назик кыз чебеленип,
Карай албай көз жашы тегеренип,
Жатып калат шолоктоп алачыкта,
Жан-жүрөгү ызага тебеленип.

Мөндүр уруп даректын мөмөсүнө,
Мөгдөп ыйлап даттанап энесине,
Өзөгүнө чок түшүп наадандыктан,
Өчпөй турган так калат элесинде.

Кымбат барбы өмүрдө жандан бөлөк,
Кыйналганда кымбат жок андан бөлөк,
Көңүл өлүп гүл сезим тебеленсе,
Көтөрүүгө баарысын дарман керек.

Аскердик иш болсочу сүйгөн кесип,
Алыс жакта жүргөндө үйдөн безип,
Жаш баланын жегени келтек болуп,
Жаны күйүп качыптыр Чүйдөн безип.

Омурткадан буралып очорулуп,
Ой-дүйнөсү ордунан көторулуп,
Ош тарапка жөнөптүр даван ашып,
Ойрумада озондоп мотор улуп.

Оңой болбой дарттууга даван ашмак,
Олтуралбай бир жайга чабалактап,
Топон сууга чөкчүдөй көңүл калкыйт,
Толкундары ызанын жабалактап.

Тагдыр кыйнап баланы жектегенсип,
Тар дүйнөдө орун жок, кет дегенсип.
Көксөп келет эненин кең мээримин,
Көңүлүнө бир нерсе жетпегенсип.

Шофер дагы тез жүрүп карашалап,
Шордуу жанды өлүмдөн арачалап,
Оорукана туш келип, таштап кетет,
Орто жолго таштабай карасанап.

Тагдыр чиркин тарткандыр оң жолуна,
Таалай-багы жөнөтпөй кор болууга,
Кеселкана дарылайт райондук,
Кетмен-Төбө жеринин борборунда.



Көп күн жатып өңүнөн азган экен.
Командирге болгонун жазган экен.
Канатпайын энемдин жүрөгүн деп,
Кат жөнөтпөй ызасын баскан экен.

Кордогондун залалы ташкын болуп,
Командирдин ниети аксым болуп,
Зарыл болгон кагаздар күчкө кирип,
Запкы көргөн аталат качкын болуп.

Алай жакта жүргөн го качкын дешип,
Ата Журттун душманы саткын дешип,
Жүрөк өлчү сөз менен үшүн алып,
Жүдөтүптүр энесин тапкын дешип.

Кесепеттүү жараатты врач билип,
Кетпеген соң жоокерге кубат кирип,
Багыт берет Бишкектен дарылан деп,
Башталаарда үстүнөн сурак жүрүп.

Ой түшүп ордосу кең санаасына,
Ок тийип учаарында канатына,
Аскердик госпиталда көпкө жатты,
Арга издеп айыкпаган жараатына.

Курал тутпай колуна солдат болуп,
Колтук кысаар, тапканы балдак болуп,
Экиленген командир, каматам деп,
Эттен түшөт бечара арбак болуп.

Жата берип жарааттан жылыш болбой,
Догдурлардан үмүтөөр сунуш болбой,
Майып болот биринчи группадагы,
Ок жаңылбай майданда уруш болбой.

Афган жакка барсачы чоң согушка,
Араң жашы жетти эле он тогузга.
Тагдыр түртүп колуна наадандардын,
Такап койду баланы кор болушка.

## II-БӨЛҮМ

Нойон эле кожоюн талаасында,
Не калды экен «баатырдын» санаасында?
Ырыс-кутум акча деп, Сибирь жакка,
Пияз жүктөп кеткендир «Камазына».

– Корко бербе, мен сени түшүном деп,
Коогасы жок баарысын бүтүрөм деп.
Майор досун тынчытып кеткен эле,
Олтурбастан алдында бүжүрөндөп.

Майор дагы бул ишке аяр карап,
Алды-артын тазалап даярданат.
Жоболонду күчөтпөй анча терең,
Жогору жакка болокчо баяндалат.

Кожоюн да далайга безеленмек,
Коога басып жүрөгүн эзе бермек,
Анткен менен органда достору коп,
Арт жагынан турушат козомолдоп.

Мыйзам жакшы, кимгедир мыйзам жаман,
Мыйзамды да ыйлатат кыйшаң заман.
Жан кыйнаган зомбулук ишти жасап,
Жакшылыктын алкымын кыйсаң жаман...

Колдоо күтүп белгилүү жолдоштордон,
Коогаландын аягын болжошпогон,
Майор менен кожоюн баарын ойлоп,
«Майып болсо кантет»-деп ойлошпогон.

Байкуш бурул, энеси карызданып,
Барсамбы деп, ажого арызданып,
Катуу келип, борбордон мокой түштү.
«Кайсы эшикти түртөм» деп намыстанып.

Кыйналса да жаш майып жабырына,
Кайрат берип алпейим сабырына,
– Коп кейибе, апаке, кетели,-дейт,
Коно түшүп үмүткор тагдырына.



– Кайгы кошпой бул жерде кайгыбызга,
Кайтсак кайттык,-дейт эне, айлыбызга,
– Алла Таалам бар болсо айдап келээр,
Ал айбанды бир күнү алдыбызга.

– Жок турбайбы мындайда оңой айла,
Жоболондоп не кылам, болоор айла,
Аман жүрсө жалгызым оңолоор,-деп
Алып кетет баласын Чоң-Алайга.

## III-БӨЛҮМ

Чалкып жаткан Алайга калың малдуу,
Чамасы чак жан кетет жарым жандуу.
Бир күндөн соң ал жаткан палатага,
Бир кыз кирет жүгү бар камылгалуу.

Бир колунда тамак-аш, дүйүм нече,
Бир колунда жигитке кийим-кече,
Келет беле ал кургур кеч да болсо,
Коңүлүнө бир чечим түйүлбөсө.

Көздөр айтып мындайда жан-жагынан,
Тили катып бошобой таңдайынан,
Лиза турат селейип босогодо,
Жалп деп өчүп жылдызы маңдайынан.

Кеселмандар кыз менен даамдашып,
Келген жөнүн сөзүнөн баамдашып,
Ошол кызды жөнөтөт ак жол тилеп,
Олтурган соң бир азга баарлашып.

Аруу дилин үмүткө улаштырып,
Алгачкы ирет үйүнөн ыраак чыгып,
Аэропорттон Ошко учуп чай кайнамда,
Алай жакка жөнөптүр сураштырып.

Такси жалдайт түн ичи, шашкан кезде,
Талдыкты ашат сулуу таң аткан кезде,
Түшкө жетпей Уландын үйүн табат,
Түлөө берип айлына жаткан кезде.

Каршы чыккан ойлордун ташын чагып,
Кайдасың-деп, тилегим — асыл багыт.
Үйгө кирди толтура мейманы коп,
Үмүт толгон коздорү жашылданып.

Мындай иштн Улан да коро электир,
Мындай бироо бул жакка келелектир.
Тааный албай турганда кыздын онүн,
Таазим кылып алдына чоголоптүр.

Күкүк болуп ошондо дил сүйлоптүр,
Күн корбогон тандагы гүл сүйлоптүр.
Бушманы коп жигиттин демин козгоп,
Бут алдына жыгылып ким сүйлоптүр?

Мунун баарын келген эл байкап турду.
Мундуу үйдү аруулук чайкап турду.
Дирилдеген бир кыздын оттой созү,
Дил-сезимин канчанын жайпап турду.

— Кечирип кой атамдын айбандыгын,
Адамдыктан биз үчүн тайгандыгын.
Жамандыгын сен эмес, мен кечирбейм,
Жакшылыктан бир жолу айлангырдын.

Апам калды санааркап сени ойлогон,
«Алыс кетти бопом»-деп мени ойлогон,
Таежем бар Мюнхенде бизди күткон,
Сен экообүз жонүндо кең ойлогон.

— Кантсек дагы озүндү дарылайбыз,
Каржы жетет барганга, зарылбайбыз,
Өтсоң эгер ушунтип балдак сүйроп,
Өмүр бою кайгыдан арылбайбыз.

— Баш урбагам эч качан болокко мен,
Байкуш гана тагдырга конот экен.
Кол кармашып баралы барчу жакка,
Коркпойлучу илээшкен колокодон.

— Кагылайын Кудайдан. Жологондон!
— Кагылайын сендейди торогондон!



Карыялар тордогү алкап кирди,
Кебин тыңдап Лизанын тереңдеген.

— Тургузгула эй, бул кызды чоголотпой,
Ак тилегин бироонүн тебелетпей!
— Оозуңду ачып эй Бурул, не турасың,
Кыз кылып ал, кургурду чебелентпей.

— Апа-деди, буркурап, кызыңмын мен,
Айбандыктан бир жолу кысылдым мен!
Атасына кайтпаган каргыш айтып,
Качып чыккан үйүнон туз ургур мен!

Мурдатан жүрүшкондой ызатташып,
Эне-кыз эрип турду кучакташып.
Байкуштардын бактысын карачы-деп,
Олтурушту катындар бышакташып.

— Алыстабайм эч качан араңардан,
Айыкканча жүрогүм жараланган.
Жалгыз таштап кеталбайм, созүм бироо,
Жарым жандуу үйдогү балаңардан...

Кайран кыргыз кай бирде кол сыяктуу,
Кайраттанса каптаган сел сыяктуу.
— Аянбайбыз-деп жатты, боордоштор,
Ар-намыс бар бизде да эл сыяктуу.

Тууган-урук чогулуп түп которүп,
Жол каржысын Уландын бүт которүп,
Жонотүшот Мюнхенге, бата берип,
Жапыз тамын Бурулдун үч которүп.

## АВТОРДУН ТЫЯНАГЫ

Кетпесе да ден-соолук эңшерилип,
Келмек болуп догдурга теңшерилип,
Жакшы деген бир жайда дарыландым,
Ызатына балдардын мен семирип.

Кең бөлмөдө коңшум бар сылтып баскан,
Чылым сормо, тунжурап унчукпастан.
Кабак-башы, таягы айтып турат,
Качандыр бир муну да кырсык баскан.

Даамы бар мурч сөздөргө ызат кошуп,
Тамаша, кур сөздөргө ушак кошуп.
Бир күнү Альберт коңшум сырын ачты,
Шашылбай сөз чылбырын узак созуп: —

— Өткөндө Союз кыйрап канабайран,
Мен дагы кур калбадым «таламайдан».
Баасы чоң мүлктөрдү арзан алып,
Байыштын дарты болду жалаң айлам.

Кезинде спирт саттым, арак саттым.
Кезинде жүзүм саттым, шарап саттым.
Акча көп, алдуу-күчтүү учурумда,
Арымдуу достор менен шаракташтым.

Пияз айдап, техника бекер болуп,
Кант өндүрүп, сатканым шекер болуп,
Кооп жүрүп жайладым бир солдатты,
Баспай калды жаш бала төкөр болуп.

Ош жакка бала качып зарлап кетти.
Ошондобу, башымдан ардак кетти.
Баланы жакшы көргөн жалгыз кызым,
Акыры үйдөн качып каргап кетти.

Кайрымсыз мына ушундай доор болду.
Каргышы жалгыз кыздын оор болду.
Оорудум бир жылдан соң бутум баспай,
Ордумду таппай жүрөм коомдогу.

Аялсыз бул жашоонун көркү кимде,
Ал кеткен ошол жылы төркүнүнө.
Каралдым башын кошкон Уланына,
Карабай сылтып баскан кемтигине.



Тагдырдын колундагы дарттуу кулмун.
Атасы болбой калдым жакшы уулдун.
Канатын сермеп турган бийиктикке,
Кантсе да кызым менен бактылуумун.

Балдарым мен акмакты кечиришкен.
Жүрөктүн кара тагын өчүрүшкөн.
Үйрүлүп дагы болсо күйөө-кызым,
Үйүнө жакын жерге көчүрүшкөн.

Бал тилдүү неберем бар, ынагым бар.
Башынан кең көкүрөк Уланым бар.
Балдарым эртең келет, тааныштырам,
Эми мен сиз жөнүндө сурагым бар?

— Шашпа курбум, бир күнгө аялдагын.
Баянымды шашылбай баяндаармын.
Андангорү — тез кел де балдарыңды,
Аларыңды коргончо жай албаймын.

— Көкүрөктүн сүрүлүп туюктары,
Көп сөздөрүң көңүлгө уюп калды.
Көздөн учуп бир күндүн аралыгы,
Көргүм келет Лизадай ыйык жанды.

— Алай баткан ичине сулуу, кенен,
Аңгемени курсам дейм Бурул менен.
Көк дегенди билбеген Уланды мен,
Көкөлөтсөм болбойбу ырым менен.

Өлүм бирөө мага да, жүз өлбоймүн.
Өкүнбөсөм тазарып түзөлбоймүн.
Эл ичинде жакшы көп жамандардан,
Эл бузулат дегенде ишенбеймин.

Улам ашып өмүрдүн артууларын,
Узун куйрук үмүттүн артындамын.
Укканыма түтөгөн ышкы кошуп,
Ушул сырды силерге тартууладым.

## АЙЛАМПА

Жер жатат суук кышты жээрий албай.
Кар жатат эрийин деп эрий албай.
Бетимдин түгүн кырсам кайра чыгат,
Бергени Жараткандын кемий албай.
Сандыгым бирде толуп, бирде бошоп,
Салт экен бу дүйнодо берип-алмай.

Багынам жашоо-шартка айлам калбай.
Бардыгы бири-бирине байлангандай.
Түгонбой «бар» менен «жок» тирелишип,
Түболүк оз огунда айлангандай.
Билбеген-корбогонго багыт алып,
Бир күнү кете берет кайран жан ай.
Бүткондо убактылуу тайрандамай.

*21-февраль*
*2000-ж.*



## ТИЛЕЙМИН

Жанды багуу далалат – агым ушул.
Жашоодогу буйруктуу багым ушул.
Таасын айтып, тастыктап бере албаймын,
Тагдыр менен тагдырдын кагылышын.
Сейрек жазам мен дагы дилге сүртүп,
Сезимдердин озгочо чагылышын.
Өз башына түшпосо сезүү кыйын,
Махабатка жүроктүн багынышын.
Боо түшүрүп ырларды жазыш үчүн,
Болсо экен деп тилеймин, жаным узун.

*27-февраль*
*2000-ж.*

## СӨЗ КЕЛГЕНДЕ

Кадыр-көңүл ачылган гүл сыяктуу.
Калган көңүл чачылган күл сыяктуу.
Жүрөгүндө түгү бар, сабырдуу жан,
Жүк көтөргөн кадимки пил сыяктуу.

Ээн ооз каалгасыз эшик сындуу.
Эстүү сөрөй акылга жетик сындуу.
Сөз кезеги келгенде айтпай калсаң,
Ошол сөздүн бир жери кетик сындуу.

*27-февраль*
*2000-ж.*



## ДИЛ БЕРЕТ

Кыялды тоскон кыр барбы.
Кыялым издейт жыргалды.
Жыргалды таппай турганда,
Жылытаар жанды ыр барбы?

Тилекти тоскон кыр барбы.
Тилегим эңсейт жыргалды.
Жандүйнөм куруп турганда,
Жаназык болоор ыр барбы?

Кам ойлор менде үймөлөк.
Камырга окшоп ийленет.
Кагазды мен да толтурам,
Каламым менен чиймелеп.
Ырлардын ырын чынында.
Ышкыга толгон дил берет.

*15-апрель*
*2000-ж.*

## КӨКӨЛӨТТҮК

Президентмин дегендер четтен чыгып,
Бийик создү басынтып копкончүлүк,
Оной наамга чалдыкса генералдар,
Ошол кептин сыймыгы кеткенчилик.

Кудай берди элимдин жаштарына.
Билим алып жатышат тапканына.
Академик дегендер топурашып,
Таш ыргытса тийчүдой баштарына.

Эркиндикти ушунтип коколоттүк,
Эркибизди курсакка жетелеттик.
Болочокту беттеген кыргызымдын,
Болбосо экен жолунда эселектик

*19-апрель*
*2000-ж.*



## КОРКУНУЧ

Кызыл ондү жон койбой кызыл бойдон,
Узун жанды калтырбай узун бойдон.
Күндордүн бир күнүндө бул жарыктан,
Кетет деген не шумдук ушул бойдон?

Ажыратып омүрдү кызыгынан,
Ажыратып коңүлдү ысыгынан,
Жакасы жок ак кийип топуракка,
Жатат деген не шумдук узунунан?

А бирок, жашоо калаар жашоо бойдон.
Доолот да жок жашоодон аша койгон.
Каруу-күчтү соодалап кор оокатка,
Калат экен тирүүлүк базар бойдон.
Коркпогон ким ажалдан, канткенде мен,
Бараламбы ал жакка таза бойдон?

*1-май*
*2000-ж.*

## ЭЛ АКЫНЫ СООРОНБАЙ ЖУСУЕВГЕ

*75 жылдык маарекесине карата*

Күлкү толгон өмүрдү шарактаган,
Күткөн деле жоктурсуң Жараткандан,
Мээнет менен жетти элең атак-даңкка,
Мезгилди эми кантесиң карактаган?

Ажал менен арышын шокоттогон,
Каргыш менен кадамын эсептеген,
Кан майдандан келди элең аман-эсен,
Карылыкты кантесиң этектеген?

Алды-артындан турганда тийип күнүн,
Атпай журтка аты бар сүйүктүү ким?
Оопасы жок жылдарды тоготпогон,
Ошол сенин Соорoнбай бийиктигиң.

Ырларын мүлдө кыргыз самай турган,
Ышкыбоз бала чыккан Алай-Куудан,
Улуу инсан турбайбы Жусу-Казы,
Уул берген намыска жарай турган.

Атом жандуу кылымга доордошсуң,
Ага болуп мендейге боордошсуң,
Булуттуу көк ношорун того берсин,
Булагына айланып соолбостун...

*Май*
*2000-ж.*



## СЫНЫ КАТУУ

Күлкүгө күндө жетпей чарпып жүрөм.
Күнөө көп самсаалатып артып жүрөм.
Акчаны тапкан менен балээси көп,
Азабын бар дүйнөнүн тартып жүрөм.

Менин да ден-соолугум темир эмес.
Мээнеттин азабы бар жеңил эмес.
Оокатка тың болом деп душман таптым,
Ойлосом мунун баары өмүр эмес.

Билемин көңүл деген гүл экенин.
Билемин абийир деген дил экенин.
Ишимдин ийгилиги арткан сайын,
Ичи тар бироолорго күнөөкөрмүн.

Көрүп жүрөм күндөрүн өлбөгөндүн.
Билбейм канча өмүрдө көрбөгөнүм.
Алды-артымды айттырбай көзөмөлдөп
Акыйкаттан кайтпаган эл мененмин.
Сый жүрсөң да кыр издеп жумурткадан,
Сыны катуу ушунча... эл дегендин.

*8-май*
*2000-ж.*

## ТУУГАНДЫК ЖАЙЫҢ БОЛБОСО

Асынып кээде мылтыкты,
Алкымың үчүн жортосуң.
Тоолорду шимшип куруттуң,
Донуздун ичип шорпосун.
Кудайың барбы билбеймин,
Курсактан гана коркосуң.
Жетилип калган экенсиң
Жегендин билип онтоосун.
Байкадың бекен бир жолу,
Бар менен жоктун ортосун?

Жылкынын этин коргондо.
Жылбай калган бечелсиң,
Капчыгын тытып энендин,
Карышкырдан бетээрсиң.
Баштын эмес жумурдун,
Багына келген экенсиң.
Боксодон издеп жеминди,
Бокторго болуп отоорсуң.
Тууганадык жайың болбосо,
Душмандан откон ботонсуң.

*8-май*
*2000-ж.*



## ОК ЭКЕМИН

Коздору бар коркcондо аландаган
Колдору бар басканда саландаган,
Ким жаратты болду экен жер бетине,
Киши деген укмушту жаландаган?

Добуш кирет кулакка кайдан-жайдан.
Долу сымал кызыл тил байланбаган.
Жанды берип оң-түсүн корсотпогон,
Жараткандын сырына айран калам.

Бар омүргo кантсем да ток экенмин.
Башкача бир жашоого жок экенмин.
Беттегенди коз менен кормойүнчо,
Белгисизге атылган ок экенмин.

*13-май*
*2000-ж.*

## ТҮШ ОҢОЛСО

Ичимден жалоорудум эзилгенче,
Душманым ынагымдай сезилгенче,
Кудайга жетсе дедим менин үнүм,
Жүрөгүм торгой болуп безилдесе.

Кымбат ой аруулукка жуурулганча,
Кылдары арамдыктын суурулганча,
Куш болуп сайрагым бар жанды безеп,
Кудайга менин датым угулганча.

Ошондон оңолобу ишим менин?
Ошондон оңолобу түшүм менин?
Түш оңолсо, акыры иш оңолоор,
Ушул болду, өзүмчө түшүнгөнүм.

*14-май*
*2000-ж.*



## ИЧИБИЗ ОҢОЛБОСО

Көздөрдүн чанагында,
Коодондүн камагында,
Көрүнүп чала-була,
Ийреңдеп сойлоп чыгат,
Ичтеги ала-була.

Тилекти амал чалып,
Ниетти каман чалып,
Чындыкты аран таанып,
Иритет көңүлдөрдү,
Ичтеги арамзалык.

Өлгөнчө кызык дүйнө,
Өлөөрдө ысык дүйнө,
Бузукка бузук дүйнө,
Ичибиз оңолбосо,
«Ит менен мышык» дүйнө.

*10-июнь*
*2000-ж.*

## АЛТЫ САПТАР

1

Суу түзөлөт акканда түтүк менен.
Шым түзөлөт басканда үтүк менен.
Оодук-соодук сүйлөгөн оңолмокбу,
Оозун басып койгондо ичип-жеген.
Тагдырларын адамдар түзөй албайт,
Дайраларды түзөтүп күкүктөгөн.

2

Көлкүп жаткан такыр жок сазга айланып.
Көңүл кетпейт түбөлүк жазга айланып.
Үрөбөсөн мээнетке асыл жанды,
Үзүр тийбейт оозуңа ашка айланып.
Караан болгон үмүттөн айланайын,
Катып калбайт эч качан ташка айланып.

*24-июнь*
*2000-ж.*



## ТУТКУНДА КАЛЫП КЕТКЕН

Акактай тамчы болуп тулаңдагы,
Алоолоп оскон гүлдөй кыраңдагы,
Жомоктун олкосүндө жаштык калып,
Жоо алгыр жылып барат улам нары.

Жылдызбы ошол курак уян деген,
Жылдардын жылганынан зыян жеген.
Ай толгон асманыма калтырыптыр,
Азыгын сезимдердин кыял деген.

Тоолорго токкон сындуу жаз кумарын,
Толкутуп кыялдарды мас кыламын.
Жаныма кубат экен билбептирмин,
Жаштыктан мага жеткен аз кумарым.
Туйлаган күлүк тайга жайдак минип,
Туткунда калып кеткен жаш курагым.

*29-июнь*
*2000-ж.*

## ПИР ТУТУУ

Ат жалында өмүрүн сүргөн элде,
Ала-Тоону байырлап жүргөн элде,
Машайыкка сыйынуу болгон эмес,
Манас турса бабасы пирден ойдо.

Иттин пири бар болсо Кумайыктыр.
Куштун пири бар болсо буудайыктыр.
Асылзаада энебиз Каныкейди,
Аялзатка пир дешке ылайыктыр.

Булут үркүп ылымта жайга качат.
Булак оргуп жылгадан сайга качат.
Ынтымакты пир тутуп кармап турса,
Ырыс-куту бул элдин кайда качат?

Ат жалында өмүрүн сүргөн элге,
Ала-Тоону байырлап жүргөн элге,
Аты бийик элдерден жардам күтпөй,
Ар-намысты туткан оң пирден ойдо.

*3-июль*
*2000-ж.*



## КИМ БЕРГЕН?

Жегенге жетип турганда,
Жетпеген не бар бир жанга.
Ыраазы болом Кудайга,
Өзүнүн кулу кылганга.

Ымыркай үчүн сүт берген,
Ырыскы чайнаар тиш берген,
Жараткан жоомарт чени жок,
Жашоонун шартын бүт берген.

Акыл-эс берген, дит берген.
Ар-намыс берген, күч берген.
Таразалап өмүрдү,
Тагдырга жазып бүт берген.

Койгойү бүтпос баш берген.
Коңүлго эргүү наз берген.
Санаалар сансыз, жан жука,
Сабырды мүмкүн аз берген.

Бироого кабак, сүр берген.
Бироого жарык дил берген.
Бироого-бироо окшобойт,
Укмуштун баарын ким берген?

*3-июль*
*2000-ж.*

## ЖОЛ КАЙСЫ?

Алтын куш коноор тал кайсы,
Атадан калган мал кайсы.
Атадан калың мал калса,
Асырап калган жан кайсы.

Орошон кайсы, мол кайсы,
Ошону тапкан кол кайсы,
Башмаанек туткан омүрдо
Баарына жетээр жол кайсы.

Калыстык жокто түз кайсы.
Кар жокто түшкон из кайсы,
Тирешип турса жокчулук,
Тизгинин тартаар күч кайсы.

Каз-ордок толгон кол кайсы,
Каймагы калың жер кайсы,
Каймагын жердин шыпырып,
Камыкпай жаткан эл кайсы.

Таянаар бүгүн тоо кайсы,
Тартышып турган жоо кайсы,
Сандалып кетти коп кыргыз,
Заманга коеор доо кайсы.

Береке кайсы, бар кайсы,
Берешен кайсы, тар кайсы,
Кобурабай тынч уктап,
Койнунда жатаар жар кайсы.

Душманым кайсы, оз кайсы,
Тууганга жагаар соз кайсы,
Жагынып кээде болбоско,
Жалтактап турган коз кайсы.

Карысы кайсы, жаш кайсы,
Калк үчүн сайган баш кайсы,



Намыскөй элге учурда,
Нандан бир болок аш кайсы.

Татыктуу кайсы, так кайсы,
Так менен келээр бак кайсы,
Бактылуу бироо кан болоор,
Баарысын тактаар чак кайсы.

Күлкүдон калган жүз кайсы,
Күмүштон откон мис кайсы,
Кол жуудум далай жылдардан,
Колумдан келээр иш кайсы.

Монгүдон калган бел кайсы,
Моглогон такыр чол кайсы,
Кууратып дилин жалмандап,
Кудайдан безген эл кайсы.

Жакасыз тондо жең кайсы,
Жалыны жокто дем кайсы,
Жыргаткан турмуш болбосо,
Жылдызы жанган оң кайсы.

Кар кетпей келген жаз кайсы,
Каз-ордок конгон саз кайсы,
Туура жүргон башчыга,
Тууганы кайсы, жат кайсы.

Топурак кайсы, жер кайсы,
Тозогу кайсы, кор кайсы,
О дүйно жайын унутуп,
Ойлонбой жүроор эр кайсы.

Учкан куш кайсы, жел кайсы,
Улуту кайсы, эл кайсы,
Ылганат жонү акындын,
Ырында болсо кем-карчы.
Басмайыл бошоп теминип,
Баратам жолдо мен кайсы?

*17-июль*
*2000-ж.*

## ЧАЙНАП БЕРГЕН АШ БОЛБОЙТ

Жаралгандан биздин эл бийлеген,
Жаман коргон кыймылды ийрендеген.
Ары-бери сүйүшүп бий үстүндө,
Ажырашып бир топ жыл сүйрөлбогон.

Ашпаса да колукту перилерден,
Ата-эненин тапканын жээрибеген.
Шайыр жаштар бар чыгаар азыр деле,
«Шайтан сийдик» музыкага эрибеген.

Алыстыкты көчмөндөр көзгө ченеп,
Акыл-эсти баамдап сөзгө ченеп.
Ырга айлантып армандуу сезимдерин,
Ыйык туткан сүйүүнү өзгөчөрөөк.

Опералар жүрөккө үнүп кирбей,
Балет деген кыргызга сиңип-сиңбей.
Тунук болбой улуттук аң-сезимдер,
Туурап кеттик батышты билип-билбей.

Өмүр агаар учурдан ыраактаган,
Өнөр агаар табигый булактардан.
Мурас болуп калбастыр урпактарга,
Музыкалары башка элдин кулак жарган.

Өнөр алды ыр болсо «Манас» окшойт,
Өлбөстүккө талпынган канат окшойт.
Түптүү болсо улуттун өнөр, салты,
Түбөлүккө балбылдап жанат окшойт.

Көсөө жыгач тулпарга казык болбос,
Көкүрөктө дем болсо басып болбос.
Чарчадык го көчүрмө көп өнөрдөн,
Чайнап берген бирөөгө азык болбос.

*23-июль*
*2000-ж.*



## ЖАШОО ДААМЫ

Тентек ой деги кайдан жаратылган,
Тез экен ылаачындын канатынан.
Ойлорго тушоо салып санаа деген,
Оролуп жылбай турган кара туман.

Кээде булут минем Айды чарпып,
Кээде булак болом сайды чарпып,
Жүрөгүм кайдан сезмек жашоо даамын,
Жүрбөсөм эртели-кеч кайгы тартып.

*25-июль*
*2000-ж.*

## БАЙЫП ТУРДУМ

Өчүрбөй үмүт жеген ындынымды,
Өчошүп ишке салдым тындыгымды.
Өндүрүш, коптүн иши алга жылып,
Өзүмдү жакшыларга курбу кылды.
Мага да керек экен багып жүрдүм,
Майышып намыс деген кургурумду.

Намысты сындырбасым, майыштырдым,
Эркимди ийлеп-ийлеп кайыш кылдым.
Ардактап ырды берген тагдырымды,
Атымды калайыкка жайып турдум.
Акчанын ышкысынан пейил тарып,
Ырымдын ышкысынан байып турдум.

*25-июль*
*2000-ж.*

## А БАЛКИМ

Канча заман алмашып закым болоор.
Качандыр бир, мезгилге акыр болоор.
Куулугу жок пенделер акыретте,
Кудай жакка бир кадам жакын болоор.
Антсе дагы коп эмес арабызда,
Айтканына Алланын макул болоор.

Жыргал күнго ким жеткен купул жанаар,
Жылдар отсо кыямат чукул калаар.
Топон суулар жетпесе чокуларга,
Тоодо жүргон кыргыздан тукум калаар.
Тукум болчу жоомарттар сууга кетип,
Туяк санап, а балким зыкым калаар...

*26-июль*
*2000-ж.*

## БАЙЛЫГЫ ЭЛДИН МЕНДЕГИ

Адептин жолу тарбия.
Абийирдин жолу тар кыя.
Тазалык жагын олчогон,
Тараза бизде барбы, ыя?

Ыймандын өссо деңгээли,
Ынтымак ошол элдеги.
Байланса мага аруу дил,
Байлыгы элдин мендеги.

*1-август*
*2000-ж.*



## ТАНАЛБАСМЫН

Ал күндордон алысмын ыйлап калган.
Айыбы жок жанымды кыйнап калган.
Багыт алып агарган таңды көздоп,
Бараткансыйм кемеде кыйрап калган.

Элесиңе умтулуп кол сунбаган.
Эргүү издейм ичтеги толкундардан.
Бар турбайбы ортодо тал көпүро,
Баскан сайын ийилип солкулдаган.

Күлкү сырттап, түтогүн ой басылбай.
Күйүп учкан жылдыздын шооласындай.
Бешенемдин таалайы сен элең да,
Беш күнчолук гүл ачкан жоогазындай.

Күндор учат өмүрдүн мизин жеген.
Күмүш боосу үмүттүн үзүлбогон.
Таналбасмын талпынтып кеткенин чын,
Таң макшарда* жолугаар кишим белең.

*1-август*
*2000-ж.*

* – *акыретте.*

## УЗАК ЖОЛ БҮТӨӨР ЭМЕС

Кок-жашыл ороон менен,
Конүлдү чогорбогон,
Баратам тоо аралап,
Башкача демоор менен.

Жылганы бойлоп аккан,
Жылаандай сойлоп аккан,
Кадалат узун жолго,
Каректер ойго баткан.

Булкунган күчко айланган,
Булагы сүтко айланган,
Аксаамай булут могдойт,
Арманы бүтпой калган.

Тез жүрдүк чапкан аттан,
Телмирет копкок-асман
Ыксырайт Кыргыз жери,
Ырысы баштан ашкан.

Өзондүн бадал коркү.
Өмүрдүн адам коркү.
Кумарга жашоо толсо,
Кулпунат заман коркү.

Коодонго ышкы берген.
Кок канат кушту берген.
Ызат-данк Жаратканга,
Ыйык жер, кутту берген.

Ажарын шамал жалап,
Алп тоолор жагалданат.
Узак жол бүтоор эмес,
Рулда балам барат...

*3-август*
*2000-ж.*



## УУЛ–КЫЗГА АЛМАШКЫС

Күлкү дары, конүлго тироо керек.
Күлүк чарчап, кээде сүроо керек.
Жан кыйналып турганда жүүнүн бошоп,
«Жакшысынбы» дегенге бироо керек.

Жатындаштын озүнчо түтүнү бар.
Жашоо тура ушундай бүтүмү бар.
Бал сүйүүнү балдарга берген менен,
Балдардын да озүнчо пикири бар.

Кыздар кетет күйоого жери болок.
Күйоо бала сый болот жону болок.
Уул-кызга алмашкыс жубай калат,
Улгайганда сүйүүнүн деми болок.

*8-август*
*2000-ж.*

## СЕЗИМДЕР ЖӨНҮНДӨ ОЙ

Күлөөр кезде күлкүнү жолотподум.
Ыйлаар кезде көз жашты коротподум.
Бир күнү бир өзүмчө туталанып,
Бүгүн атам өлгөндөй шолоктодум.

Кээде бир өзүмчө таасирленем.
Кээде бир муңайып жашый берем.
Ким жонотот болду экен, сурап койбой,
Сезимдерди акылга баш ийбеген.

Көзгө сыйбай ачуу жаш чанак толуп,
Көңүл отун өчүрүп жанат кордук.
Шыпырганда каймагын сезимдердин,
Тамат экен кагазга санат болуп.

Эски арыктар байкалат жүлгөсүнөн,
Эстүү жандар байкалат сүйлөшүнөн.
Кереметтүү сезимдер келет окшойт,
Кең ааламдын болок бир дүйнөсүнөн.
А мен болсо сөзүмө бөек издейм,
Сезимдерге от коюп дилге сиңген.

*10-август*
*2000-ж.*



## БОЛОЧОК ЖӨНҮНДӨ

Көз көрүнөө чалкайган көл жоголуп,
Көчүп-конгон кайсы бир эл жоголуп,
Айчырайлуу келиндер кемпир болсо,
Айла барбы кетпеске мен жоголуп.

Жоргомүшчө мен дагы желе согуп,
Жоолотуп мезгилге дене солуп,
Келечекте «Минтем» деп айталбаймын,
Кесе сүйлөп, так айтуу келесоолук.

Ыкыласка жараша берекет бар.
Ырыскысы өзүнчө келечек бар.
Болочокту пландап минтебиз деп,
Болжол менен соктурган жел эсеп бар.

Эртең мен бүгүнкүдөй байкалбаймын.
Эртең мен ушул күнгө кайталбаймын.
Болгон жок каш каккандай өткөн өмүр,
Болочок кандай болот? Айталбаймын.

*11-август*
*2000-ж.*

## ӨМҮР СЕАНС

Кумдан мен аркан эшип чыйратпадым.
Куулуктан эрдик кылып кыйратпадым.
Бозоргон закымдарга жылдар синип,
Болгону элестерди жыйнап калдым.

Куюндан ийик жасап чимирбедим.
Куулуктан олүп кайра тирилбедим,
Күноого күноо кошуп билип–билбей
Күздогү жалбырактай дирилдедим.

Ээрчисе кутулбадым колоколон.
Колоко болгонум жок болокко мен.
Кинодогу тасмадай омүр сеанс,
Коз акымды мен кимге толоп берем...
Ал сеансты дагы бир кайталаса,
Аный дебей мен жыргап корот элем.

*17-август*
*2000-ж.*



## ТЕТЕ

Бекер соз жарым тыйын пулга тете.
Пендеси жараткандын кулга тете.
Күлүгүн күндо чыгып турбаса да,
Күндордүн бир күнү бар жылга тете.

Атактуу козу сойсо тайга тете.
Ары жок боломун дейт байга тете.
Таалайын мандай терден шыпырганга,
Тамак жок токоч менен чайга тете.

Суу түшпосо кең озон сайга тете.
Сулуулукту ким коргон Айга тете.
Жай-кышы мал артынан жүргондорго,
Жагымдуу оокат барбы майга тете.

Тыйындын тыйыны бар сомго тете.
Кийимдин кийими бар тонго тете.
Кызматы болсо да бийлик кылаар,
Кыйындын кыйыны бар чонго тете.

Элде коп азаматтар ханга тете,
Хан деле бизге окшогон жанга тете.
Койгойдон башы чыкпай журт боксорот,
Коп болсо арасында маңга тете.
Бүтүндой бир улуттун жоголгону,
Бүлбүлдоп очүп калаар шамга тете.

*18-август*
*2000-ж.*

## МЕН КАНТИП ЖАШАЙ АЛАМ КАМЫРАБАЙ

Кыялым дениз болсо мен балыкмын.
Кызгылтым алтын эмес жон балыкмын.
Түшүмдөн кайтпай калсам мен оңүмо,
Түбөлүк каңгып кетээр жел кайыкмын.

Кең аалам сүйүү толгон кендик болсо,
Кендиктер кучак жайсам мендик болсо,
Мезгилдин эсебинен чыгып кетээр,
Менде да бир өзгөчө эрдик болсо.

Кең дүйнө ушул болсо тары кандай?
Түшүмдөн кете аламбы нары карай?
Жүрөгүм бирде тунук, бирде туюк,
Жүрөмүн көп ойлордон арылалбай.
Ушунча акыл-ойго ээ болуп,
Мен кантип жашай алам камырабай?

*25-август*
*2000-ж.*



## АЗЫР БОЛСО

Өлкөмдө кайырчы көп, ачтар толо.
«Өнөрү» орго чапкан мастар толо.
Мезгилге наалат айтып турсак дагы,
Мечитте Кудай дешкен жаштар толо.

Журтумдун арагы көп, наны кымбат.
Жумуру боксоргондүн жаны кымбат.
Туу тутаар балдарыбыз өсүп жатат,
Турмуштун ачуу-таттуу даамын ылгап.

Мезгилден утайын деп үлүшүмдү,
Мен дагы иштегенмин күнү-түнү.
Бополоп багып жүрөм азыр болсо,
Боксорбос балдар үчүн үмүтүмдү.

*28-август*
*2000-ж.*

## ЭМЕСПИ

Түбү жок асман, айсыз түн,
Жылдыздын куту эмеспи.
Дүпүйгөн шаар, кыштактар,
Турмуштун куту эмеспи.
Түболүк сүйкүм Ала-Тоо,
Кыргыздын куту эмеспи.

Күлгөнү жылуу, күрүч тиш,
Муруттун куту эмеспи.
Өзөндүн молтүр суулары,
Булуттун куту эмеспи.
Өлкөнүн күчтүү болгону,
Улуттун куту эмеспи.

Ууртундан өөп, сылаган,
Шамалдын куту эмеспи.
Кагазга сүрткөн ойлорду,
Каламдын куту эмеспи.
Кадырлаш болдук көп элге,
Замандын куту эмеспи.

Эриши жибек, түсү нур,
Матанын куту эмеспи.
Суу куйсаң түндө Ай түшкөн,
Чаканын куту эмеспи.
Ыймандуу болсо балдары,
Атанын куту эмеспи.

Келген жерин кубанткан,
Келиндин куту эмеспи.
Кеп менен өткөн жылуулук,
Көңүлдүн куту эмеспи.
Алганың эстүү жан болсо,
Өмүрдүн куту эмеспи.



Келишкен мүчө, келбет бой,
Кийимдин куту эмеспи.
Керемет жаңга гүлазык,
Сүйүүнүн куту эмеспи.
Улгайса дагы ата-эне,
Үйүндүн куту эмеспи.

*14-сентябрь*
*2000-ж.*

## СОКУР АТ

Сүрөттөп айтып коздоп,
Сүйлөбөй калган ооз жок.
Акырет жөнүн сайрайбыз,
Ал жактан бирок жооп жок.

Жаңырып улам күн өтсө,
Жакшы ойлор дайым тилекте.
Узакка шилтеп үмүттү,
Умтулуу жатат жүрөктө.

Өмүрдүн өзү ашыгуу.
Өлүмдү беттеп шашылуу.
Көөнөрбөс чындык биз үчүн,
Көрбөгөн жакка ташынуу.

Канчаны жутту топурак,
Канчалар күтүп отурат,
Жер бетин жорткон мендейлер,
Жетекке конгон сокур ат.

*16-сентябрь*
*2000-ж.*



## КАЛААР БЕКЕН БИЗДИН ЭЛ, ЭЛ БОЮНЧА

Жаш чабан баатыр болду төл боюнча.
Жазылып «жел козулар» жел боюнча.
Баатырды барк албаган заман келип,
Баягы эл калыптыр эл боюнча.

Калың журт калса дагы эл боюнча,
Калган жок мен дегендер «мен» боюнча.
Бaркталып байлар гана ушул кезде,
Баатырлар чыкпай калды төл боюнча.

Мезгил агып түбөлүк соолбогон,
Мен жашаган советтик доор болгон.
Сынай берип учурду жедеп бүттүк.
Сынчылар көп көрбөстөн боолгогон.

Кулагы жок мезгилди керең өңдүү,
Кууп кирди бул заман эгемендүү.
Эркиндиктин азабын тартпасаңар,
Эсиңерди оодарам деген өңдүү.

Өзгөргөн жок, жерибиз жер боюнча.
Бөксөргөн жок, көлүбүз көл боюнча.
Кантсе дагы бир ой бар жанды жеген,
Калаар бекен кыргыздар эл боюнча.

Төрлөр жатат чалкайып төр боюнча.
Белдер жатат кайкалап бел боюнча.
Мекендештер бейкапар жатпаса экен,
Мезгил учуп кетпесин жел боюнча.

*17-сентябрь*
*2000-ж.*

## ЫЙЫК ЖЕР

Атамдын тамы айылда.
Ажары сүйкүм жайында.
Күмүшүн чачып кашка суу
Күркүроп агат сайында.

Тулгасы үйдө, тутунаар.
Коломто калган куту бар.
Коргонунда атамдын,
Колдорунун жыты бар.

Ат байлаар бирок, мамы жок.
Арпашак жыйган тамы жок.
Керемет эле бир кезде,
Керосин чырак шамы жок.

Кампага жыйган тери жок.
Капшытта жатчу ээри жок.
Жампадан тезек кургатып,
Дубалга баскан «моору» жок.

Жетилтип өрүк-алманы,
Жемиштүү эле чарбагы.
Түгөттүк малын аз-аздан,
Түшүноор деймин арбагы.

Бай болгон жокпуз биз деле,
Ата-эне мүлкүн жыйып кең.
Алтындан нарктуу а бирок,
Атадан калган ыйык жер.

*20-сентябрь
2000-ж.*



## ТЕҢЕЛГИМ ЖОК

Алаар кезде куулугун пайдаланып,
Берээр кезде безилдеп майдаланып,
Аңкештеген бироо бар айлыбызда,
Арам дилин коктогу айга жанып,
Өлбой этпей жүрот дейт ожор келин,
Өз богуна бир озу тайгаланып

Атын айтпайм ал мага жакын сорой,
Айылдаштын бирине катын сорой.
Теңелбейт да андайга коңшу-колоң,
Тентек ооз, озүнчо баатыр сорой.
Айтканына божоңдоп ынап турган,
Алганы бар баарына макул сорой.

Ушул ырды ал кургур пайдалансын.
Угуп койсун бир жолу кайнагасын.
Тийишкенче мендейге шакылыктап,
Тилин кесип чатына байлап алсын.
Өжор болсо кантейин, теңелгим жок.
Өз заңына озу эле тайгалансын.

*29-сентябрь
2000-ж.*

## ЖЕР ДЕГЕН КУМАРГА БАЙ АРАЛДАНМЫН

Шамалы суук кыштын каар чачып,
Шаңкайып күн ачылбай маалкатып,
Буралып гүлдөр өссүн жазда дейби,
Булуттар кетет экен даам чачып.

Айлары сулуу жайдын жытын чачып,
Айлары коңур күздүн кутун чачып,
Эч бирөө бул жарыктан кеткиси жок,
Кумарлуу тирүүлүктүн тузун татып.

Эңсөө көп, мен ушундай жаралганмын,
Эсептүү күндөрүмө сараң жанмын.
Жалаң ач кумарларга жан семиртип,
Жарандар тойбой өткөн аралданмын.

*8-октябрь*
*2000-ж.*



## УБАКЫТТЫ БАШКА ЧААП

Элге кайтам узак бир жайга барсам.
Жерге кайтам мен деле Айга барсам.
Улгаюудан жаштыкка кайтат элем,
Убакытты башка чаап айдап алсам.

*8-октябрь*
*2000-ж.*

## КУБАТ

Жакын кылган алысты көз кубаты.
Жанармайдай дүрт этет сөз кубаты.
Теңдеши жок бир укмуш күч турбайбы,
Теңир берген адамдын өз кубаты.

Магдыратат тоолорду жаз кубаты.
Махабаттын чогунда наз кубаты.
Калкып чыгат бир күнү суу түбүнөн,
Калса дагы чындыктын аз кубаты.

Тегеренген күчүндө Жер кубаты.
Тегирмендин ташында жел кубаты.
Тызылдаган өмүргө жолок болоор,
Тынчтык экен жашоонун бел кубаты.

Ташкындаган күчүндө сел кубаты.
Ташты чайкап кум кылат көл кубаты.
Аскар тоодой сезилет ата-энеге,
Аркадагы балдардын дем-кубаты.

*22-октябрь*
*2000-ж.*



## ӨТӨТ ЭКЕН

Күлдүм бекен мен дагы күлоор күндө.
Күнөөгө жык өмүрдү сүроор күндө.
Жан дегенди гүлдөтүп жүрө алдымбы,
Жанар тоодой жаштыктын илебине?

Мен да иштедим далайдын тыңы болуп,
Мээнет калды чөнтөктүн пулу болуп.
Оргуштаган жаштык да конот экен,
Олку-солку тагдырдын кулу болуп.

Карызы канча жашоонун мен алгыдай,
Шарты канча мээнетсиз бере алгыдай,
Сонун деген курак да өтөт экен,
Согуп өткөн жаздагы желаргыдай.

*5-ноябрь*
*2000-ж.*

## КИММИН ӨЗҮМ

Ак эмесмин жан дүйнөм ак болбосо,
Так эмесмин жүрүшүм так болбосо.
Жалгыз башым бактылуу болмок кайда,
Жалпы журттун башына бак конбосо.

Мен ток болсом, колдогу барга токмун.
Мен ач болсом, ал иши арга жоктун.
Өрткө айланган ышкылуу болбосом да,
Өз алынча мен дагы жанган отмун.

*14-ноябрь*
*2000-ж.*



## БОЛМОК БЕЛЕ

Хан кетеби бийликтен эл жоо болбой,
Халат этке жолойбу белбоо болбой,
Алтын жаап тобоңдон турса дагы,
Аш болобу тапканың ден соо болбой.

Төр болобу аягы кокту болбой,
Төл береби козулар токту болбой.
Башчы деген башчыдай болмок беле,
Баарын билген жанында кошчу болбой.

*14-ноябрь*
*2000-ж.*

## БИЛИП–БИЛБЕЙ

Сезим күчүн жүрогү туйган билет.
Сергектикти алкымын тыйган билет.
Байкуш болуу тагдырдын шыбагасы.
Байлык демин кашыктап жыйган билет.
Жүз эселеп тигил жак бай кылат дейт,
Жүргондордү бул жакта ыйман тилеп.

Мен билбеймин канчалык менде күноо.
Мен билбеймин канчалык элде күноо.
Кайдан билем мен деген кор азабын,
Кайтып бизге келбептир олгон бироо.
Алтымыш үч жашында откон экен,
Алла менен сүйлошүп келген бироо.

Соо кадырын ким билет кесел болбой,
Соз кадырын ким билет чечен болбой,
Асыл деген максаттар тилектерде,
Аткарылып турса го кечең болбой.
Билип-билбей күноого баткандар коп,
Бир Аллага сүйүүсү бекем болбой.

*16-ноябрь
2000-ж.*



## ТАБЫШМАКТУУ

Ойлор менен чырмалып ушул жаным,
Оргуп аккан дайрадай кызыл каным.
Күйүп-жанган напсинин кулу болсом,
Күноосү жок, мен кандай мусулманмын?

Кудай берген мүноз коп кыйшаңдама.
Куран толгон ошондон мыйзамдарга.
Жаратканды нак кулу болосуң дейт,
Жан дүйнонүн кумарын тыйсаң гана.

Жарык түшсо атпаган таң бар бекен,
Жаратканды заңындай заң бар бекен,
Кыйын сыноо турбайбы кайран омүр,
Кысталбаган ошондон жан бар бекен?

Жашоо күндүн ныгырып жүгүн күндо,
Жарга такап койгондой бүгүн дүйно.
Даамын татып олүмдүн кормойүнчо,
Табышмактуу чиркин оо тигил дүйно.

*22-ноябрь
2000-ж.*

## БАШКА–БАШКА

Ооз барбайт откондү жамандашка.
Оодарылып кырынан заман башка.
Колу-буту чарчабай башы чарчап,
Компьютерге учкашкан балам башка.

Чайкап турган базарды товар башка.
Чагылгандай тез жеткен кабар башка.
Кесип болуп көп элге алып-сатмай,
Кечегиден бүгүнкү абал башка.

Окутканда балдарды үгүт башка.
Орун таппай коомдон жигит башка.
Эмне кылат умтулуп эртеңкиге,
Экрандан бардыгын «билип» жатса.

Антибио дарыдан каным башка.
Амафозго семирген наным башка.
Жаракасын ыймандын бүтөй албай,
Жараткандан оолактап жаным башка.

Кор оокатты көп ойлоп өзүм башка.
Көргөнүнө кайдыгер көзүм башка.
Айла кетсе кай бирде бет кызарып,
Аруу дилге коошпой сөзүм башка.

Турмуш башка дегенде турмуш башка.
Тукум курут болчудай кыргыз башка.
Жакшы деген бир заман келээр бекен,
Жан дүйнөсү көптөрдүн былгып жатса?

*Ноябрь*
*2000-ж.*





Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин
Президиумунун төрагасы Т. Кулатов менен.
Ош шаары.



Биринчи учкуч-космонавт аял
В. Терешкова менен.



СССР Министрлер Советинин төрагасынын орун басары
А. П. Бирюкова менен килем комбинатында.
1991-жыл.



Кыргыз Республикасынын премьер-министри
К. С. Бакиевге «Жылдын мыкты адамы»
Ардак дипломун тапшыруу учурунда.
2002-жыл, февраль.



Залкар котормочу
Я. А. Козловский менен.



Китептин редактору,
акын М. Ааматов менен .



Өзбек Республикасынын эл жазуучусу
А. Арипов менен.



Москвадагы Кыргызстандын маданият күндөрү.
Ортодо А. Тулеев.
1996-жыл.



Үй-бүлөсү менен



Россиянын Кыргызстандагы элчиси
Г. А. Рудов менен.
2001-жыл.



Досу Ж. Тентиев менен.
2002-жыл.



Бир тууган иниси Асан менен.
2002-жыл.



Жубайы Какен менен.



Үй-бүлөсү менен.



Заманыбыздын залкар жазуучусу
Ч. Т. Айтматов менен.
1990-жыл.



Заманыбыздын залкар акыны
О. Сулеименов менен.
1990-жыл.

## КАЙТАЛАДЫМ

Өсот экен ымыркай ыйлап жүрүп.
Өтот экен балалык туйлап жүрүп.
Ылаң таптым, омүрго тойбос деген,
Ысык жанды тынымсыз кыйнап жүрүп.
Коркунуч коп, кор болуп калбасам деп,
Колго тийген оокатты жыйнап жүрүп.

Канатканча намысты тырмап жүрүп,
Кайран башты койгойго чырмап жүрүп.
Жүгүргондөн байге алып качандыр бир,
Жүргондордү көрбодүм жыргап-күлүп.
Кайран жаның жалаңдап отөт экен,
Карышкырча тапканын бурдап жүрүп.

Эски ойлорду ырымда кайталадым.
Эл билбеген жаңысын байкабадым.
Улуулардан калган соз – ортолук соз,
Укпай туруп жалганды айталбаймын.
Туманы жык ойлордон арылганча,
Туз которгон унаадай кайкаңдаймын...

*6-декабрь*
*2000-ж.*

## КҮНӨӨ ТАБАМ МЕН ДАГЫ

Соз айтылат мага да туюгунан.
Коз тигилет кээде кыйыгынан.
Эмне сыр бар билбейсиң кай бироодо,
Эриндерин жымыйтса мыйыгынан?

Айткандарды тыя албайм туюгунан.
Тиктегенге не деймин кыйыгынан.
Айдай жүздү берсе дейм ошолорго,
Аяктарды бербестен суюгунан.
Күноо табам мен дагы, коздорүм сук,
Күло берсин билгендер мыйыгынан.

*6-декабрь*
*2000-ж.*



## ДИЛ БОЮНЧА

Колумду адал ишке созмоюнча,
Жолумду аракетке кошмоюнча,
Тондорун эритпесем ниетимдин
Досторум күтоор бекен дос боюнча?
Коз артып коргонүмо жүргон болсом,
Коодонүм калса керек бош боюнча.

Карынды кармасам да ток боюнча,
Каректер калат экен шок боюнча.
Кызыл эт ымыркайлар ыйлап түшот,
Кыпындай арамдыгы жок боюнча.
Аз-аздап табы кайтып сүйүүнүн да,
Ар убак калбайт экен чок боюнча.

Дабышты ажыратам үн боюнча.
Даамды ажыратам тил боюнча.
Колкүлдоп эрип турса жылуу созго,
Коңүлдор калат экен гүл боюнча
Сырты сыпаа, создорүн дурус дебей,
Сынаган оң мендейди дил боюнча.

*9-декабрь*
*2000-ж.*

## АТАМ СЫНДУУ

Айдаганын имерип ылымтага,
Айсыз түндө көз салып кулун-тайга,
Үшүп-тоңуп атакем жылкы бакчу,
Үй-бүлөсүн калтырып жылуу тамга.

Үшүгөндө селейип ээк-башы,
Үсөнгүсүн арандан тээп калчу.
Кызыл кирип өңүнө үйгө келсе,
Кызыл шыйрак балдарын өөп калчу.

Жайда сергип бир азга көөп калчу,
Жамалынан кызыл нур сээп калчу.
Үлүш жешип, кымызга курсак керип,
Үсөнгүсүн чиренип тээп калчу.

Болбосо да дүйнөсү жетип-ашчу,
Окутсам деп балдарды, көзү катчу.
Өлө-тала жыл бою эмгектенип,
Өз балдарын кор кылбай өзү бакчу.

Калың малды азыркы эл, таппай калды.
Канчаларга бул заман жакпай калды.
Кайраты жок эркекти катын чанып,
Кай бирөөлөр балдарын бакпай калды.

Жел шыбырты угулбайт камыш болбой,
Жол дыбырты байкалбайт алыс болбой,
Көтөрө албай жүргөн көп ата наамын,
Көкүрөктө кыжынган намыс болбой.

Алкагында мезгилдин доор бирөө.
Алкагында турмуштун көөм бирөө.
Ата болуп милдетин аткарбаса,
Алла-Таала кечиргис оор күнөө.



Мен да ойлоном, азыркы заманды ойлойм.
Мээнет кылып коно элек баламды ойлойм.
Ачка кылбай балдарды баксам эгер,
Атам сындуу мен дагы жаман болбойм.
Куттуу жерин калтырып Ала-Тоодой,
Куурап жүрсөм чет элде, адам болбойм.

*20-декабрь*
*2000-ж.*

## АЙЛАНКӨЧӨК

Төбөлдүктөн дөөлөтү тайган кетет.
Дөөдүрөгөн нааданды айбан дешет.
Оту жанып турбаса көкүрөктүн,
Ободогу жылдызга кайдан жетет?

Барчылыктын жыргалын майрам дешет.
Баатырдыкка өмүрүн сайган дешет.
Кагазына махабат байлаар болсо,
Кайран башың ошондо айланкөчөк.

*25-декабрь*
*2000-ж.*



## ТУРБАЙБЫ

*(Алп акындарды туурап)*

Ойлогондун баарысы,
Болбой келген турбайбы.
Оомал-токмол бул дүйнө,
Толбой келген турбайбы.
Толбосо да кең дүйнө,
Жок болбой күндө бар болуп,
Жараткан Теңир жар болуп,
Жалгандын ыйык пендесин,
Колдой келген турбайбы.

Жанбаган күндүн милдети,
Талап-буйрук турбайбы.
Жакшы жүрсөң өз элиң,
Канат-куйрук турбайбы.
Канатың элиң турса да,
Шамыңды үйлөп өчө элек,
Шашпаган жакка жетелеп,
Ажалдын кылган бир иши,
Каракчылык турбайбы.

Убакыт өттү деп жүрсөм,
Заман өткөн турбайбы.
Учканы көзгө илинбей,
Шамал өткөн турбайбы.
Шамал өтсө мейли эле,
Өйдөгө ташын кулатып,
Өмүрдүн көчүн чубатып,
Жашоонун сонун күндөрүн,
Ала кеткен турбайбы.

Булуттун боору жыртылып,
Күн ачылат турбайбы.
Бушайман жаздын деминен,
Гүл ачылат турбайбы.

Гүлбурак жаштык бар чакта,
Кумарга кумар тартылып,
Кучакка кучак артылып,
Алтымыш тамыр дүркүрөп,
Дил ачылат турбайбы.

Беремин деген пейилден,
Кол ачылат турбайбы.
Жакшылык аны жылоолоп,
Жол ачылат турбайбы,
Жол ачылып турганда,
Жүрөгүн чулгап береке,
Жүзүнөн качып колоко,
Дарбазасы жүрөктүн
Мол ачылат турбайбы.

Борошолуу бороондон,
Кыр ачылат турбайбы.
Болбосторго ишенсен,
Сыр ачылат турбайбы,
Сырынды билип алган соң,
Алдыңа жылаан сойлотуп,
Артыңан ушак ойнотуп,
Айтпаган сөздү айттырып,
Чыр ачылат турбайбы.

Бозоргондо пешене,
Санаа басат турбайбы,
«Бокту» тепсең чачырап,
Жалаа басат турбайбы.
Ыймансыз болсо жакының,
Алаарда жетип бир аттап,
Берээрде качып сырактап.
Онтотуп ичтен боорунду,
Жараа басат турбайбы.

Өңгөн чөптүн уругу,
Ташты жарат турбайбы.
Өзөктө жаткан бир чындык,
Башты жарат турбайбы.
Баш жарылса эмне экен,



Момодон калып асыл жан,
Моонотү кыстап жазылган.
Карылык тушап өмүрдү,
Жашты чанат турбайбы.

Камыгып күндүн батканы,
Шамдын көркү турбайбы.
Каймагын түндүн шыпырган,
Таңдын көркү турбайбы.
Аягын күндүн түн улап,
Асманын жылдыз сулуулап,
Абасын жердин жылуулап,
Жараткан берген бул жарык,
Жандын көркү турбайбы.

«Турбайбыны» улаган,
Булбул акын Жеңижок
Булбулдардан кеми жок.
Торгою болгон кыргыздын
Токтогул акын эми жок
Тоо элинде теңи жок.

«Турбайбыны» какшаткан,
Тубаса күлүк Барпы акын.
Ашыглык ырга алп акын.
Айтышта беттеп далайды,
Айдаган ырдын танкасын.

Айтыштын пири Арстанбек,
Анык ырчы турбайбы.
Тогуз күн айткан Манасты,
Балык ырчы турбайбы
Токонду ээрчип үлгү алган,
Калык ырчы турбайбы.
Кара жаак Калмырза,
Каныкырчы турбайбы.
Жазма акын элем мен деген,
Жазбаган мурда мындайды.
Жанашпа деп алптарга,
Жалтандап калем турбайбы.

Көрүнгөн эми сынайт деп
Көңүлдө турат бир кайгы.
Төкпөсөм бирок дартымды,
Төбөмдөн Кудай урбайбы.

*27-декабрь*
*2000-ж.*



## ӨЛБӨГӨНГӨ ЖАЗ КЕЛЕТ

Балык канча билбейбиз көл ичинде.
Байлык канча билебиз эл ичинде.
Май чайнаган толук эл азыр башка,
Малы батпай жатчу эле өрүшүндө.

Кедей кылды бул учур «ке» дегенди.
Кенен кылбай тар кылды «ме» дегенди.
Колокосү замандын суук тартып,
Көрүп жатат нечендер не дегенди.

Койгой салган айларга кыш эмеспи,
Коомп салган дайраны муз эмеспи,
Эркиндиктин коктөмүн сылап турган,
Элге келген жылуулук ушу эмеспи.

Өргүп жатпас мезгилдин колокосү,
Өлбөгөнгө жаз деген келет дечү.
Эл оңолот ниеттер түзөлгөндө,
Эркиндиктин ошодур берекеси.

*31-декабрь*
*2000-ж.*

## ЭМНЕ ЖАКЫН?

Адамзаат пендеге булар жакын:
Арбап турган ичтеги кумар жакын.
Көз жарган күн ыраактап, жаш узарып,
Көз жумаар күн кантсе да улам жакын.

Убайымга жуурулган санаа жакын.
Уятсызга дос болсоң жалаа жакын.
Көз жетпеген нерсеге ойлор жетип,
Көргөн менен билгендер мага жакын.
Куткарабы жанымды кыжаалаттан,
Кудай берген мендеги амал-акыл?

*31-декабрь*
*2000-ж.*



## ООМАТ ЖӨНҮНДӨ СӨЗ

Оомат келсе сулуунун оң-башына,
Ойсокелер жүрүшмөк эл башында.
Жалжылдатып көздөрүн «көрүп ал» деп
Жалжакелер олтурмак төр башында.

Арсыздарга ооматты Кудай бербес.
Ата наамын балдары улай бербес.
Түндүгүнөн түпөтүз көктү карай,
Түтүндөрү ар кимдин булай бербес.

Байлык берет бироого көтөрөөр деп.
Бала берет бироого бөпөлөөр деп.
Ашык берет акылды бироолорго,
Ата-Журттун кызматын өтөлөөр деп.

Оңой жумуш, бироонү сынап туруу.
Оор жумуш, сын сөзгө чыдап туруу.
Болоор ишке ишенем, көзүм жетет.
Болбогон иш ооматын мурас кылуу.

*31-декабрь*
*2000-ж.*

## УЛУУ ТОГОШУУ

Калкылдап күндөр батып кыр жамынып,
Кылымды кылым тогоп жыл жаңырып,
Үчүнчү миң жылдыктын таңын тостум,
Үмүттүн дидарынан нур жамынып.

Тобо деп, медер кылып өмүр демин,
Тогошкон доорлордун чегиндемин.
Шооласын ооп турат сулуулуктун,
Шойкомун унутпаган эриндерим.

Эски калып жаңынын кыйрындамын,
Эсен жүрүп мен көрдүм буйруганын.
Таттуу күндөр күтөбү аны билбейм,
Татпаган ким турмуштун кыйгыл даамын.

Жойкусу жок кардагы издер менен,
Жол уланаар тоо-талаа түздөр менен.
Күчүн сынаар элимдин келечекте,
Күтүп жатат бир заман биз көрбогон.

Жылат мезгил, убакыт жел катары,
Жылбай турат Ала-Тоо жер катары.
Өткөн доордон суурулуп Кыргыз калды,
Өлкө болуп өзүнчө эл катары.

Торгой тилдүү үмүттөр безеленме,
Тоо сүрүлөт толуктар кошоргондо.
Тогошконун мен көрдүм доорлордун,
Тобо деймин, ушундай пешенеге.

*Январь*
*2001-ж.*



## ИШЕНИМ

Суу билеби окторулуп акканын,
Көл билеби оодарылбай жатканын,
Кандай күч бар кең ааламдын өзүндө,
Кармап турат таштап ийбей асманын.

Ай билеби он бешинде толгонун,
Күн билеби жерге сүйкүм болгонун,
Кереметтүү бироо билээр деп ойлойм,
Келечектин адам билбес болжолун.

Аз жашоонун арманы көп, октолуу,
Акыл-сезим азбы-көппү, чектелүү.
Көзүн менен көрбогон соң ал Күчтү,
Көкүрөктө болот экен шектенүү.

Алла десек ошол Күчтү биз эми,
Алкаган ким Кудуретти түз эми?
Кайран тилим көнгон менен Кудайлап,
Кандай оор сүйүүсү жок ишенүү.

Ырга жаздым ойдогуну жашырбай,
Ыйык деген ыйманыма таш урбай.
Ич тараптын боксолору толгондо,
Ишеним да келет окшойт шашылбай.
Жүрөкторүн калайык-журт аруулап,
Жүроор бекен көр оокатка басынбай...
Эсен-аман өмүр сүрсөм мен дагы,
Элдер менен жан дүйнөсү асыл, бай.

*3-январь*
*2001-ж.*

## АЧКА БОЛСОҢ КАНТЕЙИН

Ачка болсоң асыл боорум кантейин.
Ачкан курсак душман эмес анчейин.
Тобосу жок, ток жүргөндөр эсирип,
Томолонуп өлгөндөрү канча миң...

Жакыр болсоң жан тууганым кантейин.
Жакырчылык душман эмес анчейин.
Ооруп өлбөй, өлгөндөр көп арактан,
Ошолордон жетим калды канча миң...

Эрки боштун этегинен тарткылап,
Эси жокту «эркелетип» жакшылап.
Айгай салып кирип келди баңгилик,
Аз кыргыздын дарбазасын каккылап.

Азыр десең жоолашаарга калмак жок.
Айкөл баштап «Чоң Казатка» бармак жок.
Тынч заманда тыңыбадың кыргызым,
Тындарың көп жигеринде салмак жок.

Катын багып жигиттерди солдойгон,
Карылар аз адал ишке жол койгон.
Топураган майда кыргыз болгончо,
Тоолук элим калса болмок тоң бойдон.
Тобокелчил, ар-намысы мол бойдон.

*4-январь*
*2001-ж.*



## ПАДЫША ЖӨНҮНДӨ

Болом деген болбойт экен падыша.
Болот экен маңдайына жазылса.
Адеп деген кандай бийик эл үчүн,
Адилеттүү падышага баш урса.

Камбыл башчы калайыкка көз болоор.
Кайрат болсо, душманына сес болоор.
Улуу адамдар учурунда байкалбай,
Урпактарга көзү өткөндө сөз болоор.

Эстүү чыгат эли-журтун унутпай,
Эстүүлөрдүн эсебинен улут бай.
Өкүмдарлар өттү бирок, нечендеп,
Өз элинин чеке-башын жылытпай.

Канткен менен хандын иши жооптуу.
Калк тагдыры калабалуу, кооптуу.
Сыр билдирбей хандын ханы чыдайт го,
Сынчыларга сайрап турган оодуу.
Бак көтөргөн азаматтар эл бийлейт.
Башчы кылбайт байкуш менен жоошту.

*5-январь*
*2001-ж.*

## ЖАШООБУ МЭЭНЕТИ ЖОК

Бир чындык, чындык бойдон кала бермек.
Чындыктын чындыгы эле адал эмгек.
Адал иш аруу дилден жаралбаса,
Абийирди чайкап турган заман олмок.

Бирде омүр балдай таттуу даамын берди.
Бирде омүр уудай ачуу заарын берди.
Мисалга озүмдү эле алайынчы,
Мээнетим кур койбоду, баарын берди.

Ойлорду ойлор менен эзе берем.
Ойлордон ачка болуп кесербегем.
Такалып ойлор дагы адал ишке,
Мээнетсиз доолот жок деп безеленем.

Санаа тартып санаанын теренине,
Санаадан качалбаймын мен эмине?
Жалтактап жан багалбайм — оюм ушул,
Жашоонун мээнети жок кереги не...

*9-январь*
*2001-ж.*



## СӨЗ ЖӨНҮНДӨ СӨЗ

Жүрокто болсо жумшаруу,
Жүзүндо болбос кумсаруу.
Кейиген жанга гүлазык,
Кеп айтып койсоң жымсалдуу.

Мээнетин барда кол узун.
Үмүтүн барда жол узун.
Соoктон отүп кай бирде,
Соз табат экен конушун.

Казыгын ойдун айланган,
Соз деген азоо байланган.
Кулакты карай агытсаң,
Кутуласың кайрандан.

Кызытып чапсаң май тамбай,
Кызыл тил күлүк байкалбай.
Тиреги ойдун соз кайнап,
Тирүүлүк агат чайпалбай.

*9-январь*
*2001-ж.*

## ТҮЛКҮ ЗАМАН

Курдаштарым калса да курдаш бойдон,
Сырдаштарым калбаптыр сырдаш бойдон.
Убакытка уурдатып көп жашымды,
Учур калды өзүмө муңдаш бойдон.

Өчүрсөм да кумарды көздө болгон.
Өчөөр эмес табитим сөзгө болгон.
Балкаймагы сөздөрдүн ыр турганда,
Байкуш болуп өтөмбү боксо бойдон.

Кылымдарды узатып көздөн алыс,
Кыргыз калган бу кезде сөздөн алыс.
Батыш жактын дартына чөгүп кетсе,
Башын жейт го улуттук боксо намыс.

Жылдар өтүп тарыхтын камын жеген.
Жылып кирди бир заман жанын жеген.
Түлкү сымал шыйпактап күндөр кантет,
Түптүү журттун абийирин, арын жеген.

Курдаштарым калса да курдаш бойдон.
Сырдаштарым калбаптыр сырдаш бойдон.
Калкка келген эркиндик бар эмеспи,
Калгым келбейт учурга муңдаш бойдон.
Илдеттер көп заманга шылтап коймой,
Ичибизди деги ким булгап койгон?

*11-январь*
*2001-ж.*



## АЗЫР БАЙМЫН

Ойлордун дүйнөсүндө койгойчү элем.
Обу жок санааларды жей берчү элем.
Булуттуу көктү карап кайсы бирде,
Бу Кудай барбы-жокбу дей берчү элем.

Жаңылдым туура баспай, бура бастым.
Жашоонун сынагына чыдабапмын.
Кур эмес куту толгон жүрөгүмдөн,
Кудайдын кайдалыгын сурабапмын.

Жүрүпбүз барды-жокту ылгабапбыз.
Жүрөктүн чакырыгын тыңдабапбыз.
Башчылар Кудай жок деп турган чакта,
Батынып анткорлорду сындабапбыз.

Өткөн отту болгонду жашырбайбыз.
Өлгөндөргө дини жок асылбайбыз.
Чынжырлары кыркылып дилибиздин,
Чындыгында кыргыздар азыр байбыз.

Кур эмесмин мен дагы азыр баймын.
Кудайым бар Жараткан, басынбаймын.
Илең-салаң болбостон санаа тынчып,
Ишеним бар, жок эмес, жашырбаймын.

*21-январь*
*2001-ж.*

## АМАЛ КЫЛБАЙ

Өсүп жетпей эл-журтум баралына,
Өрго жайган үмүттүн аралына.
Кай бироонү сокур бак ээрчип жүрот,
Кас-кас турган эркиндик заманында.

Токпой жүрсо диллеги уюткуну,
Томондобос журтумдун ыйыктыгы.
Ач кумарга кул болуп кетти далай,
Адат болуп абийирдин суюктугу.

Кор намысы жетелеп адам кылбай,
Көп ичинде оздорун жаман кылбай,
Ырсалактап бироолор эстүүсүнот,
Ыйманына кайтууга амал кылбай.

*21-январь*
*2001-ж.*



## ОЙЛОНСОК

Акыл-эстен буйрубаса кылайган,
Бир айылдан чыгат экен бир айбан.
Дегенде да, дебегенде не пайда,
Деп жүробүз мунун баары Кудайдан.

Бечел болсо бангиликтен миң айбан,
Бир айылга кеп деле эмес бир айбан.
Эси-дарты арак болуп нечендин,
Эшектери чыкпай калды ылайдан.

Армандуубу ушул кыргыз муңайган,
Ала-Тоодой жери турса чырайган.
А дегенден, бу дегенден айныбас,
Айып барбы заманада кылайган?
Ойрон болуп кетелекте ойлонсок,
Оной турмуш болгон эмес Кудайдан.

*23-январь*
*2001-ж.*

## МЕККАГА МЕН ДА БАРАТАМ

Сапарым тартып кыйынга,
Сарандык кылбай тыйынга,
Мен дагы бүгүн аттандым,
Меккеде болчу жыйынга.

Бузулуп ниет бузулбай,
Бушайман өмүр ушундай.
Күнөөлөр эрип кетсе дейм,
Күн жеген тоонун музундай.

Жок окшойт напси тыйылган.
Жок окшойт үмүт кыйылган.
Кудайды көпкө таанбай,
Курсагым үчүн сыйынгам.

Ыйманга ооп таразам,
Ыйыкты беттеп баратам.
Өзгөрдүм окшойт мен дагы,
Өзүмдү сырттан карасам.

Жеткенче шашам, жол сынчы,
Жер эмес Мекка көл сунчу.
Кыйырга кайтып келгенче,
Кыргызым аман болсунчу.

*24-февраль*
*2001-ж.*



## АЖЫДАН БЕРГЕН ОТЧЕТУМ

Кылымдар бою уктаган,
Кылтыйып чөбү чыкпаган,
Кыламык карды көрбөгөн,
Кыйры жок чөлгө суктанам.

Булуттун жашы жукпаган,
Булактын үнүн укпаган,
Бейнеси ысык жер экен,
Бейишке жакын жүз кадам.

Жандыгы жок жапайы,
Чөлдү аралап көп жүрдүм.
Жамалы жылуу, дини бир,
Элди аралап көп жүрдүм.

Кумдан бүткөн кур дөбө,
Тоо аралап көп жүрдүм.
Кучагы ысык кур чалкак,
Коо аралап көп жүрдүм.

Кумсарган чөлдүн чеги жок.
Кулпунган жашыл өңү жок.
Көлөкө сейрек, булут аз,
Көз жашын төгөөр деми жок.

Тоо-ташын кумдан жыйган жер.
Токчулук-топук сыйган жер.
Наар татып ыймандан,
Напсисин пенде тыйган жер.

Аптабын күндүн тарткан жер.
Алладан мээрим арткан жер.
Алты ай жүрүп чөл кесип,
Аталар барып кайткан жер.

Адам-ата өткөн өткөн жер.
Арабдар каңгып көчкөн жер.
Алланын кулу Мухаммад,
Атасын көрбөй өскөн жер.

Ибрагим өткөн жер.
Исмаил жапа чеккен жер.
Келечек үчүн пайгамбар,
Керемет үмүт сепкен жер.

Карыптар ыйлап жеткен жер.
Каабанын ташын өпкөн жер.
Мээримин арнап Кудайга,
Мендейлер жашын төккөн жер.

Жылдызы диндин жанган жер.
Жылкынын этин танган жер.
Кымызга кумар, сүткө ток,
Кыргыздар чанда барган жер.

Кыртышы күйгөн жер көрдүм.
Кылкылдап аккан эл көрдүм.
Арабдар менен чайлашып,
Адебин элдин мен көрдүм.

Тобосун көрдүм кыйла элдин.
Толтура карек ый көрдүм.
Жарылып таман, жоо басып,
Жан дүйнөм үчүн сый көрдүм.

Сооп үчүн, көп жумуш,
Бүткөндүгүн мен көрдүм.
Ошол иштен берекет,
Күткөндүгүн мен көрдүм.

Арак деген аларга,
Жоо экенин мен көрдүм.
Алкоголдон арабдар,
Соо экенин мен көрдүм.

Аял алуу бир нече,
Илдет эмес турбайбы,



Алган жарын иштетүү,
Миллет эмес турбайбы.

Уурулуктун тамыры
Үзүлгөнүн мен көрдүм.
Укугу кең коомдун,
Түзүлгөнүн мен көрдүм.

Жанымды салбай бушманга,
Жакшылык каалап душманга
Болсо деп ниет таптаза,
Бой сунган кезим Исламга.

Эртеңки күндү көп ойлойм.
Эл-журттун камын жеп, ойлойм.
Оолактап динден кетпесе,
Оңолоор кыргыз деп ойлойм.

Аяктап ушул сапарым.
Ажылар болду катарым.
Тытынган элдин бүгүнкү,
Тынчтыгын ойлоп жатамын.

Акындар бийик катарым.
Алардан кайда качамын.
Ыйманым азык дилиме,
Ыр менен элге батамын.

*Март*
*2001-ж.*
*Бишкек-Дубай-Мекка*

## ТАШ АТЫП КЕЛДИМ ШАЙТАНГА

Кыныр иш сырттан байкалма.
Кызыл тил душман айтаарда.
Которуп жаман-жакшыны,
Көңүлүң түшкүр чайпалма.
Тазарып үйгө кетсем деп,
Таш атып келдим шайтанга.

Айланса болот сабырдан.
Араң калдым жабырдан.
Эсеби жок сүрүлдү,
Эткээл денем, багылган.
Таш аткан жерден чыкпасам,
Талкаланмак кабыргам.

Калкылдап агып уюлгуп,
Каабага нечен жыйылдык.
Күнөөдөн Кудай сактасын,
Күч жеткенче сыйындык.
Айтканга оңой, а бирок,
Ал жакта толо кыйындык.

*Март*
*2001-ж.*
*Мекка*



## АЛЫМСЫНБАЙ

Он жыл окуп ошого алымсынбай,
Олокосуз бироодон шагым сынбай,
Таалай издеп шашылдым неге мынча,
Тар жылганы чапчыган агын суудай.

Беш жыл окуп жогортон алымсынбай,
Бекер ооз бироодон шагым сынбай,
Катарымды тапсам деп катуу жүрдүм,
Капчыгайды чайкаган агын суудай.

Каруу толуп, койнокко далым сыйбай,
Кампа толуп кырманга даным сыйбай,
Бийиктикке умтулдум улам жаңы,
Билгениме бүгүнкү алымсынбай.

Балдарыма үй салдым жаным тынбай,
Бастырманы кеңейттим малым сыйбай.
«Жаңы» деген кечеги бүгүн эски,
Жашап келем өзүмө алымсынбай.
Кетип жатат күндөр да менден узап,
Кеселимди түшүнгөн тамырчыдай.

*19-март*
*2001-ж.*

## БАШКАЧА БИР ӨМҮР СҮРҮҮ ШАР ЭМЕС

Бурдап сокмо тамагымды жеп-ичкен,
Бууп салып кутулсамбы кейиштен?
Түйшүгү жок, кейиши жок күндөрүм,
Түзүк болуп кетсе гана бейиштен...

Ачка жүргөн, чыдамкайлык жолунда.
Азап жатат ачкалыктын сонунда.
Башкача бир өмүр сүрүү шарт эмес,
Бардык айла Жараткандын колунда.
Оңой-олтоң оокат барбы, мээнетсиз,
Оо пенделер, жеп-ичкенден корунба!

*27-март*
*2001-ж.*





## КАЙРАН ЖАН

Сойлоок жылан жем табат сойлогондон.
Жойлоок түлкү күн көрөт жойлогондон.
Эки аяктуу жандар бар желип жүрөт,
Эки көзү өлгөнчө тойбогондон.

Тайлак тоого жарашат тайрандамай.
Тапканына жараша сайрандамай.
Сайрандаткан дүнүйөн too болсо да,
Санаалардан кутулбайт кайран жан ай!

*Март*
*2001-ж.*



## КАРАБАЙ КЕТТИҢ НЕГЕДИР

Күлкүндон боюм термелип,
Күнөокор жүрок эмделип,
Жоодурай түшөм жаз болуп,
Жолугуп турсаң сен келип.

Умтулуп кыял ары жок,
Уйкумду бузат маалы жок.
Түшүмдо опсом ууртундан,
Түгонгүр анын даамы жок.

Түштогү коргон жыл омүр,
Түпойүл күчко эгедир.
Кандайсың жаным дегенче,
Карабай кеттиң негедир.

*13-апрель*
*2001-ж.*



## АЛКАШ ТУУГАНЫМА

Жашымдан корүп пайдамды,
Жакшы эле курдуң сайранды.
Кок шише менен арбашып,
Коңүлүң менден айланды.

Түлкү элең коркпос тайгандан,
Түк күтүп оозу майланган.
Ширенди болдуң сүрүлүп,
Шишеде жаткан кайрандан.

Борү элен сен да дасыккан,
Бокторүп жемин машыккан.
Сандалып калдың бу кезде,
Самопал деген сасыктан.

Алкымдын дартын ырбатып,
Ашаткы тилди кургатып,
Жүз грамм ичпей олсоңчү,
Жүргончо жанды «жыргатып».

Ыр жаздым каргап сендейди.
Ыйманы курук кондойдү.
Кыйнабай калса алкаштар,
Кыргызга Кудай бербейби.
Ботолко бийлеп турганда,
Ботондор бизди эл дейби?

*25-апрель*
*2001-ж.*

## КУМАР

Жарандардын дарты бар – дене кумар.
Жан бүткөндүн баарысы өлө кумар.
Өлөөрүнө карабай эрки бошто,
Өөноп жүрөт кубатын чеңеми бар.
Туткундарын кумардын чайкап турган,
Турмуштун да өзүнчө элеги бар.

Таттуу дарттын үстүнө бал салышып,
Тамырына кумардын жан салышып,
Жылып өткөн жылдарын эске салып...
Жыргашканын эстешет канча кызык
Жүрөгүнүн ышкысын өчүрө албай,
Жүрөт экен өлгөнчө тамшанышып.

Кумар бирок, кумар да Алла берген.
Адам менен энчилеш малга берген.
Махабатын дүйнөгө даназалап,
Мажнун менен Лайлидей жаңга берген.
Ажыратып турсун деп малдан өзүн,
Акыл берген адамга, арга берген.

Билим кайдан кат таанып окуу болбой,
Бийиктик жок тоолордо чоку болбой,
Адам жаны майчырак күйүп турган,
Арзуу жанбайт жүрөктүн оту болбой.
Малга айланмак адамдар ач кумардан,
Жылоологон абийирдин соту болбой.

*3-май*
*2001-ж.*



## ТОО ЖАТАТ

Асманы ала, жер жашыл.
Ак булут чөккөн бел жашыл.
Чачпагы түшүп моңгүдөн,
Чалкайып жаткан төр жашыл.

Таш чайкап суулар теминип,
Таманын сайдын жемирип,
Делебе козгоп тоо жатат,
Демине жайдын семирип.

Өзгөрүп жылда тоо сыны,
Өзөндүн сүрдүү шоокуму.
Көрк берип кирсиз асманы,
Көздөрдүн канбайт мөөкуму.

Төрүнө тете төр жоктой,
Колуно тете көл жоктой.
Тамырын жайган тоолорго,
Таалайлуу биздей эл жоктой.

*3-май*
*2001-ж.*

## ЭМНЕ ЧУҢКУР

Ойдуң-ойдуң жер чуңкур.
Ойдуң толо кол чуңкур.
Мелмилдеген кок деңиз,
Мен билгенден кең чуңкур.

Казаны жок меш чуңкур.
Кареги жок коз чуңкур.
Жайнаган коздон тышкары,
Жалпак бетте беш чуңкур.

Жылдызы чоккон түн чуңкур,
Жыртылган жолдо миң чуңкур.
Бүлкүлдоп турса кекиртек,
Бүтолбой калган бир чуңкур.

Корүнгон тоодо сай чуңкур.
Колдору кургак Ай чуңкур.
Тереӊ кордо тешик жок,
Тең келет ага кай чуңкур.

Ойдуң-ойдуң жер чуңкур.
Ойдуң толо кол чуңкур.
Баштаган ойдун түбү жок,
Бар бекен ага тең чуңкур.

*7-май*
*2001-ж.*



## АЯШ КАНТЕТ

Чала копкон аяш бар, чала копкон,
Чамгарактап сүйлогон бала кезден.
Даражасын алганча илим жактан,
Далайлардын ишине жарап откон.

Кесир сүйлоп коп жерден тайгаланып,
Келин чагын «илимге» пайдаланып,
Чаңкап жүрот бу кезде башчылыкты,
Чала копкон тумшугун Айга жанып.

Кеп айтышка тыңдарга даап калчу.
Кезегинде аларды саап калчу.
Маселеси кай бирде оң чечилсе,
Маңдайынан жылдызы жаап калчу.

Тилегине жете албай кечендеген,
Тилеги да аяштын бечел белем.
Жолу ачылбай кээде жортуп калат,
Жорголотуп аягын тепендеген.

Короолошпой колунда жоктор менен,
Кошулсам дейт жогорку топтор менен.
Өчүп барат сулуу оң, капчык жука,
Өтоор бекен наамга доктор деген?

*Май*
*2001-ж.*

## КАЙРАН ЖАКШЫ

Жайнап турган даамга кол созулма.
Жанып турган үмүтко жол созулма.
Жан бүткондүн баарысы сындан отот,
Жакшы менен жамандын ортосунда.

Бийиктикке серпилген бой созулма.
Билбегенге чарпылган ой созулма.
Күндо күлүк тандаган азаматтын,
Күнү түшот бир күнү кой-козуга.

Карын тойсо кедейдин жармасына,
Кадыр ыйлайт топуктун далдаасында.
Кор болгондо шумкар да жапыз учуп,
Конуп калат жем андып жар башына.

Сабыр тутат, чын жакшы сабыр тутат.
Сабыр үчүн ичинен жабыр тутат.
Эстүү жандар бар үчүн арабызда,
Эл ичине жакшылык байыр тутат.

Тоолуктарды тойгузган айран жакшы.
Токчулукка шаң берген майрам жакшы.
Эч байлыгы колунда калбаса да,
Элим аман болсун дейт кайран жакшы.

*21-май*
*2001-ж.*



## ТАМЧЫ ОЙЛОР

1

Оролуп турса кут заман,
Оолактап качат жут заман.
Аркалайт жүгүн бир элдин,
Акылы жетик мыкты адам.

2

Саналуу тыңдар, коп эмес,
Сай тандап оскон чоп эмес.
Чалкайган бийик асман да,
Чаңкайып дайым кок эмес.

3

Билбегенге баш жетпейт.
Билгенче баарын жаш жетпейт.
Өлбой калсак баарыбыз,
Өнгонү кой, аш жетпейт.

4

Итиңдин үрүп турганы –
Ишиңдин жүрүп турганы.
Үй менен жандын тынчтыгы,
Өмүрдүн тапкан жыргалы.

*25-май*
*2001-ж.*

## КҮНДӨР КӨП БЕРГИС АЛТЫНГА

Койногуң кымча бүйрүлмо,
Коргөндо жүрок үйрүлмо.
Мас кылып кетти кантейин,
Махабат деген бир дүйно.

Кийгениң жашыл бүйрүлмо.
Кирпигим сага үйрүлмо.
Азгырып кетти кантейин,
Ашыктык деген бир дүйно.

Жер менен асман дүрдүйно.
Жел менен булут бир дүйно.
Жүросүң кайда кымча бел,
Жүроктү салып бүлгүнго.

Өзондүн суусу чарпылма.
Өмүрдүн суусу тартылма.
Күбосү болчу күндордүн,
Күндор коп бергис алтынга.

*27-май*
*2001-ж.*



## УНУТПА

Карегиң менен айланып,
Калыпмын сага байланып,
Жабыркап жүрүп чарчадым,
Жалбырак сезим чайналып.

Түз кылбай тагдыр чийимин,
Түйшүгү катуу сүйүүнүн.
Чегиндим далай ичимден,
Чече албай анын түйүнүн.

Эңсоонүн дартын тыялбай,
Этегин ойдун жыялбай,
Качанкы отум тутанып,
Кайрылып келдим кыялбай.

Арманга үмүт уланып,
Алдыңда турам суранып,
Күйүттүн жели сыласа,
Гүл дагы осот буралып.

Таалайын тапкан мен болуп,
Талпынткан үмүт сен болуп,
Жүргонго эми не жетпейт,
Жүрокко жүрок дем болуп.
Унутпа жаным кетээрди,
Убакыт-кушка жем болуп.

*29-май*
*2001-ж.*

## ЫРГА ЖАЗСАМ ӨМҮРДҮН ТАТТУУЛУГУН

Ыр жазганга не жетсин шамдай жанып,
Ыракаттуу ойлордон маңдай жарык.
Дабасынан ышкынын айланайын,
Даарып жүрөт мени да жандай калып.

Күрөк таппайм ышкыны күрөгөнгө,
Күлүк таппайм кыялды сүрөгөнгө.
Ырды берди табият мага бекер,
Ыраа көрбөй негедир бирөөлөргө.

Жашап кетсем мейли эле миңге токтоп,
Жашоо күнгө тойбостук илдет окшойт.
Эргүүлөрүн жүрөктүн ачуу, таттуу,
Элге журтка жеткирүү милдет окшойт.

Калем кармап, ышкынын ач кулумун.
Калк ичинде ыр менен бактылуумун.
Бурбай-тербей кагазга сүрткүм келет,
Бул өмүрдүн ушунча таттуулугун.

*2-июнь*
*2001-ж.*



## КӨКТҮК КЕРЕК

Он беш күндө түгөнөт Ай жукарып,
Оомат кетсе калтырайт бай жукарып.
Түлкү куйрук заманга түрткү болуп,
Түгөнчүдөй кайратым жай жукарып.

Табы кайтаар качандыр Күн жукарып.
Таңдар атат суйкайып түн жукарып.
Ырпым кетет кай бирде менин дагы,
Ыйкы-тыйкы сөздөрдөн дил жукарып.

Бийлиги көп милдеттен хан жукарып,
Бир өмүргө бир келген жан жукарып.
Ылаң тура жалпы элге эрки боштук,
Ыйман бошоп, ичтеги ар жукарып.

Жаамы журтка бу кезде базаркайгы.
Жакырчылык жылбаган кашаң кайгы.
Көктүк керек кыргызга өлбөйм десе,
Көкүрөктөр үңүлдөп асанкайгы.

## ЖАРАЛУУ ЖӨНҮНДӨ

Эмне бар пайдасыз кур жаралган.
Эмне бар мээнетсиз шыр жаралган.
Алла Таала бар үчүн чындыгында,
Аалам деген бир укмуш сыр жаралган.

Козол жерге беттешип кок жаралган.
Коргон менен билгенге чек жаралган.
Кудай сыйбай чектелүү аң-сезимге,
Кулдарынын дилине шек жаралган.

Түгонбогон убакыт — март жаралган.
Түмондогон жандарга шарт жаралган.
Жүгонү жок напсисин пенде тыйбай,
Жүрокторго айыкпас дарт жаралган.

Машакаттуу бул жарык — мен жаралган,
Мага чейин далай бир эл жаралган.
Эге болсо баарына жалгыз Кудай,
Эч нерсе жок озүнчо жон жаралган.

*24-июнь*
*2001-ж.*



## ӨЛҮМ БЕРБЕ АЗ ЭЛГЕ

Аз элге Алла Таалам олүм бербе,
Айрыкча тороп-түшоор келиндерге.
Абийирди акча бийлеп турган чакта,
Азабын зайыптардын жеңил дебе.

Күч алып батыш менен достугубуз.
Күн санап оорчүп барат боштугубуз.
Таанытып коп элдерге жаңы «онорүн»,
Тагдырын сойкулукка кошту кыргыз.

Аруулуктун жылдызын кара чалып,
Атасынын ойношун баласы алып,
Ыйбаа деген бийиктеп которүлбой,
Ылдый карай баратат аласалып.

Кумар жазуу бу күндо коркко айланып,
Кутман жерди каптаган ортко айланып,
Эл оңолуп кетсе деп зарлаган коп,
Эки козү нечендин тортко айланып.

Аз элге Алла Таалам олүм бербе,
Айрыкча тороп-түшоор келиндерге.
Абийирди акча бийлеп турган чакта,
Азабын зайыптардын жеңил дебе.
Анчалык узун эмес омүр деле...

*3-июль*
*2001-ж.*

## КӨЧҮП ЖАТКАНДАРГА

Үйлөр бошоп нечендер көчүп жатат.
Үмүттөрү кыйлanын өчүп жатат.
Ой-санаага кооганы салып коюп,
Ойгонбогон келечек кошуп жатат.

Корбогондү корүүгө кумар кылып,
Кочү келет жылдардын улам жылып.
Жер которуп кетсе эле онолчудай,
Жетпей турат копторго чыдамдуулук.

Тынчтык барда олкомдү уялаган,
Достук барда бири-бирин кыялбаган,
Өзгө жерде бактылуу болоор бекен,
Өз жерине оздорү сыялбаган.

Дүрбойт коңүл ызага буулганда,
Дүйнө толо түгонбос чуулганга.
Ата Журттун абалы эмне болот,
Азап калса болочок муундарга?

Эскиликтен кол үзүп жалкый албай,
Эркиндиктин этегин камтый албай,
Курсак үчүн кочпосок ботон элге,
Куттуу жердин каймагын калпый албай.

*5-июль*
*2001-ж.*



## КАНТИП БАРАМ

Кыял таттуу үмүткө жанашканда.
Уйку таттуу үргүлөп баратканда.
Тунук болмок дилдеги асыл дүйнө,
Тумандарын ниеттин таратканда.
Кат-кат болгон күнөөлөр ичте жатат,
Кантип барам акмын деп Жаратканга.

Бушаймaнга коңулдү канатканда,
Булут түнөйт самсаалап кабактарга.
Жакшы ишимди унутпай периштелер,
Жазды бекен тизмелеп барактарга.
Кара шайтан айдаган күндөр азбы,
Кантип барам уялбай Жаратканга.

Жылма коңүл, тойбос көз, тамак барда,
Жыргал издейт ысык жан шарактама.
Мендейлердин мээнетке башын байлап,
Мезгил жылат өмүрдү карактама.
Кумары күч жашоону эңсеп жүрүп,
Кур барамбы мен эми Жаратканга.

Бирөө жүрөт кам көрүп таланттарга,
Бирөө жүрөт дем берип жалаптарга.
Элге окшобой калбайлык замандаштар,
Эркиндиктин ушунтип таңы атканда.
Кара мүртөз, кош дилдүү кандаштар көп,
Кантээр экен барганда Жаратканга.

*18-июль*
*2001-ж.*

## ЖААН КЕРЕК

Жан дүйнонү жибитээр жаан керек.
Жаан келсе артынан баар келет.
Ысык дили пенденин муздай берсе,
Ычкырына муунган маал келет.

Ачуу тилдин артынан заар келет.
Айбандыктын артынан каар келет.
Башаттары пейилдин ылай болсо,
Бак айтпаган элиме маал келет.

Ким бироого дүйнолүк наам керек.
Ким бироого үзүрлүү даам керек.
Койнун ачкан эл болдук корүнгонго,
Кордук короор бир күнү маал келет.

Чылгый башка ий керек, жаал керек.
Чыпылдаткан камчыдан саал керек.
Бүргосүно талансак бироолордүн,
Бүтүндой эл жүдогон маал келет.

Зыркыраган үмүтко наар керек.
Сыры терең мезгилге баам керек.
Аткарбаса аталар оз милдетин,
Азап короор балдарга маал келет.
Бетегесин когортүп туруш үчүн,
Белестерге ношорлүү жаан керек.

*30-июль*
*2001-ж.*



## АДАМ–ТУРПАК

Адам-турпак иши жок ылай менен.
Аккан суудай омүрүн улай берген.
Илен-салаң тойгонун жыргадым деп,
Иши болбой жүргон коп Кудай менен.

Ичээр суусу булуттун коз жашынан.
Күноокор деп жүзүно шек жазылган.
Өто жакыр коногу тирүүлүктүн,
Өмүр бироо, артпаган керт башынан.

Коктү самайт тоолордун чокулары,
Коптү самайт пенденин сокур ары.
Түмондогон калк жашап, келет-кетет,
Түгонмокбү Кудайдын топурагы?

Жан багууга кетирсе күчүн омүр,
Жашоолордо бар бекен бүтүн омүр?
Өзгочо го а бирок, адам-турпак,
Өлчонбогон бактысы ичиндедир.

*2-август*
*2001-ж.*

## МЕЗГИЛ МЕНЕН АЗИЛДЕШҮҮ

Мезгил, мени, миндирбе торпогуңа.
Жүгөнү жок каапырдан коркомун да.
Торпок моңкүп дардайтып жыгып кетсе,
Тоңкондотуп шорумду шорпо кылба.

Миндирбегин тагдырдын букасына,
Сүзсө кантем чабынын жукасына.
Жука жери такымдын иштен чыгып,
Жутпай келген арманды жутасың да.

Жол калса да мен үчүн бир чакырым.
Жоробайдын мингизбе сур качырын.
Айгыр берсең минбеймин, жоо калам,
Издеп кетет озүнүн ургаачысын.

Жорго миндир, алдыда сапар канча,
Жоосаң омүр чегине такалганча.
Алыс коюп мараны күлүк чаптыр,
Маркум болуп түболүк аталганча.

Телегейиң тегиз го, Мезгил-Эне,
Тең келе албайт сендейге эч бир эне.
Урпактарга боло бер улам жаңы.
Узат мени омүргө кеч киргенде.
Ат которгүс жакшылык жыйган болсом,
Эшек тартып алдыма, кеткин дебе.

*2-август*
*2001-ж.*



## КАРА ТУМАН

Жаратылыш деген бар, жаратылган.
Жараткан бар бергенин ала турган.
Улуу Күчтү корпенде кайдан корсүн,
Уюп жатат ортодо кара туман.
Оокат менен алекпиз эртели-кеч,
О дүйнөнү ойлонбой бара турган.

Ороп турса жүрөктү кара туман,
Оту болбос омүрдүн жана турган.
Коогалардан жан дүйно арылганда,
Корпой барат ажалга бара турган.
Алдасташып адамдар не кылмакчы,
Акысы жок бул жакта кала турган.

*5-август*
*2001-ж.*

## АК ТИЛЕК АЙДАН ТҮШКӨН КӨПӨЛӨКТӨЙ

Боз торгой сагынгандай талаа жытын,
Мен дагы сагынамын бала жытын.
Үйдогү наристелер эске түшсо,
Үмүтко жетеленип, санаам узун.

Уядан учкан сайын барчындарым,
Ууздай тилектердин артындамын.
Изине жакшылардын алар түшсо,
Ичимден отум жанып жаркылдаймын.

Ак тилек Айдан түшкон кополоктой.
Алыска жаштар кетсе жетелетпей.
Жүрсо экен менин дагы перзенттерим,
Жүрогүн энелердин безелентпей.

*5-август*
*2001-ж.*



## ТҮН

Түлкү жок түгонгөнчө Айды жеген.
Түн жатат капкараңгы кайгы жеген
Жайнаган ободогу оттор өчүп,
Цыгандар көчкон окшойт айлы менен.

Борү жок жара тартып Айды жеген.
Болүнүп жалгыз калган тайды жеген.
Өксоосүн түндо козгоп шоокум салат,
Өзондүн ак буурасы сайды жеген.

Жүрок шектүү тирүүлүк жүгүн алган.
Тирүүлүк бири чындык бири жалган.
Кара шалы жамынып үнсүз баскан,
Караңгынын капырай түрү жаман.
Жоо чапкандай жансыздык ороп турса,
Жомокторду элестейм сүрү жаман.

*5-август*
*2001-ж.*

## ЖҮРӨК ЭМЕС

Жүрөктүн кадыры жок соо учурда.
Жүдөбөй ашыктыктын оорусуна.
Көңүлдү махабат деп түшүнгөн көп,
Көз артып сулуулардын соорусуна.

Күн сулуу түгөнбөгөн дөөлөтүнө.
Түн сулуу ай түшкөндө көл бетине.
Ышкысын махабат деп түшүнгөн көп,
Сук артып бирөөлөрдүн келбетине.

Кыш карып кар түшпөсө тоо башына.
Жаз карып кырлар толбой жоогасынга.
Машакаттуу жүрөктөр жүрөк эмес,
Махабаттын туш келбей коогасына.

*15-август*
*2001-ж.*



## ЖҮРӨК–ТАРАЗА

Согуш жүрбөйт бу кезде мылтыгы жок.
Соода жүрбөй бу кезде кылтыңы жок.
Пешенеси келишкен, пейли таза,
Пенде барбы бу кезде кынтыгы жок.

Зоолор болбойт томолок үрчүгү жок.
Сорпо болбойт үстүндө жылтыры жок.
Чабалактап мүнөздөр суу көтөрбөй,
Чанда болот үй-бүлө ыр-чыры жок.

Жал куйруксуз жылкынын мал сыны жок.
Жабыры жок жүрөктүн жан сыры жок.
Жаратканым кумарсыз сезим берсе,
Жадамакпыз жашоодон тансыгы жок.

Өмүр шамал, кылчайып карасам жок.
Өткөн өттү кантейин аласам жок.
Арыз-арманым канчалык, жүрөк билет.
Андан өткөн чынында таразам жок.

*17-август*
*2001-ж.*

## КЫЙБАСТАРЫМ

*(Улуу кызым Саадат Казакстанга кочкондо)*

Тамчыдан тамыр жайган каным кетти.
Тандайда эрип турган балым кетти.
Боорумдун боор этин ит тытмалап,
Болоктоп жүрок ыйлап, алым кетти.

Боз инген боз добонү ашып кетти.
Бооруна ботолорун басып кетти.
«Ата»-деп жашын жутуп алкым толо,
Айталбай кете берди ашык кепти.

Узакка кызым кетти, чебеленээр.
Уясын торгой болуп тегеренээр.
Кызыма кымбат ата болсом дагы,
Кымбаттын кымбаты эле неберелер.

*18-август*
*2001-ж.*



## ЭМНЕ ЖАКЫН?

Тойсун деп ооз берген колго жакын.
Толсун деп үй салынат жолго жакын.
Бар даамы тузга бышкан деңиздердей,
Балдары адамзаттын шорго жакын.

Жылдыз коп шынаарлашкан Айга жакын.
Жылмандап саламчылар байга жакын.
Тамырын тоого жайып менин элим,
Табити кымыз менен майга жакын.

Үмүтү коксогондүн зарга жакын.
Үшкүргон жокко кайыл, барга жакын.
Аттиң ай, аз торолот неге мынча,
Аламдар намыска бек, арга жакын.

Урматы кадырлуунун торго жакын.
Узун жаш улам-улам корго жакын.
Пешене мандай тери жуурулушуп,
Пендеси адамзаттын жерге жакын.

Бийиктеп оскон элге билим жакын.
Билими терендерге илим жакын.
Өстүрүп бапестеген эң кымбатым,
Өзүмо Өмүр деген гүлүм жакын.

*1-сентябрь*
*2001-ж.*

## ОЙ МЕНЕН ЖАН ДҮЙНӨМДҮ БАГААРЫМ ЧЫН

Жоктордун жогун издейм табылбаган.
Оттордун чогун издейм жагылбаган.
Эшигин ачкым келет сыр дүйнонүн,
Эч бироо менден мурда кабылбаган.

Башыма ой келсе го элдеги жок.
Балыкты туткум келет колдогу жок.
Туткунга кеткен күндон топуракка,
Турмушка туш келемби жердеги жок?

Урматтуу конокторго той созулма.
Уктасаң аяк серппей бой созулма.
Ойлосом эки омүрдүн жакшылыгын,
Ошондон түгонбогон ой созулма.

Оокатты курсак үчүн табаарым чын.
Ой менен жан дүйномдү багаарым чын.
Эң кымбат бир укмуш ой башка түшсо,
Элине бүт дүйнонүн жагаарым чын.

*13-сентябрь*
*2001-ж.*



## ЫРААЗЫМЫН ЖҮРӨГҮМ

Ышкыңдан айланайын кубат берген.
Ырандан айланайын чубап келген.
Кумарлуу жүрөгүмдү боксортпо деп,
Кудайдан миң мертебе сурап келем.

Баш ийип буйругуңа ынап келем.
Басынткан кайгы менен сынап келем.
Түйшүктүү оомал-төкмөл узун жолдо,
Түгөнбөй өзүң менен чыдап келем.

Өзүңдөн жаралбаса кумар, шыгым,
Өмүрдүн кайдан алам гүлазыгын?
Тирүүлүк олкосүндо сени менен,
Тилектеш болгонума ыраазымын.

*19-сентябрь*
*2001-ж.*

## БОЛОТ, БОЛОТ

Кунанында элирген минги болот,
Кумарына берилген жинди болот.
Ниетинде кири жок эстүү киши,
Нечендерге нечен жыл үлгү болот.

Мээнеттин да үзүрлүү арты болот.
Мезгилдин да бактылуу калкы болот.
Салакасын кай бир эл которалбай,
Заманына шылтаган дарты болот.

Ырга учкашкан уйкаштык жамак болот.
Ыйбалуунун күзгүсү кабак болот.
Өкүнүчтөн пайда жок дебегиле,
Өмүр үчүн кийинки сабак болот.

Эртеңкини эңсеткен тилек болот.
Эстүү жандын тилеги зирек болот.
Жаралса да алтын баш ыйык болуп,
Жакыныраак Кудайга жүрөк болот.

Кара жолду жүдөткөн баткак болот.
Кара жини булуттун чакмак болот.
Адебинен боксорогон алыс кетпес,
Акылынан бөксөргөн акмак болот.

Тааныбаган Теңирин тентек болот.
Тентектердин «дарысы» келтек болот.
Айла канча, эстүүлөр кыйналганда,
Акчалуунун алдында элпек болот.

*29-сентябрь*
*2001-ж.*



## КАЙНЕНЕ–КЕЛИН

Кайнене мүмкүн келинге,
Кырдуу бычак бир чети.
Сурданып калат келин да,
Суу которбой сиркеси.
Кулпунат бирок үй ичи,
Кужурап турча чүрпөсү.

Катуу болоор кай бирде,
Кайнененин «камыры».
Береке табаар ал келин,
Бекем болсо сабыры.
Уятка дилин байласа,
Узара берет арымы.

Өктөгө толуп өзөктөр,
Өмүрдүн өтөөр гүлгүнү.
Качанга чейин созулмак,
Кайнененин «сүргүнү».
Кейкендеп жүргөн келиндер,
Кемпир болот бир күнү.

Артыкча көрөт энелер,
Ичинен чыккан баласын.
Сүйкүмүн чачкан күн болуп,
Сүйүүсүн тапкан жан асыл.
Келиним минтип кетти деп,
Кейиткен канча санаасын.

Акылы менен өзгөчө,
Адамзаттын тукуму.
Сыры терең жүрөктүн,
Сый менен толот купулу.
Жабыркап өтөт турбайбы,
Жашоонун далай учуру.

*2-октябрь*
*2001-ж.*

## БЫЯК ТАРАП, ТЫЯК ТАРАП

Арман десе армандуу быяк тарап.
Азап десе азаптуу тыяк тарап.
Корүнбогон козүмо ысык жаным,
Көрбогондү корчүдой сыяктанат.

Жашоо күндүн кумары – быяк тарап.
Жаннат менен тозогу – тыяк тарап.
Шакабага толгондо жүрок чиркин,
Шайтан атып койгондой сыяктанат.

Тартып кетсе кантмекбиз тыяк тарап,
Тамыр жайган нечен бир туяк калат.
Эсен болсо туяктар дили таза,
Эл онолуп кетчүдой сыяктанат.
Тигил дүйно дегеле бизден качпас,
Тирүүлүкко кут болсун быяк тарап!

*4-октябрь*
*2001-ж.*



## КОРКОСУҢ ДА КУДАЙДАН

Жыйдым эле коптордӱн чачылганын.
Жыртандашып коро албайт жакындарым.
Колтугума жылынып уя салып,
Койбой келет бироолор асылганын.

Алал ишти арсыздар бууйт экен.
Анткен сайын коңүлдор сууйт экен.
Эштеңбайдын тизгинин тартып койсоң,
Эки эселеп дооматын кууйт экен.

Конок күтүп коендун шорпосуна,
Корозбайлар мактоонун ортосунда.
Кош таноосун бузгум бар дерденбайдын,
Коркосуң да Кудайдан, коркосуң да.

Жанын сатып үйротүп кайдагыны,
«Жанычылдар» кимдерге пайда кылды?
Жакшы деген доолоттор унутулуп,
Жайнап чыкты кыргыздын майдалыгы.

Убаданы созгон коп зарылганча.
Уятсыздык күч алды жарылганча.
Урмат-сыйдан кем болуп олчүдойбүз,
Ушулардан копчүлүк арылганча.

*6-октябрь*
*2001-ж.*

## КӨП ЭЛ БОЛМОК БАКТЫЛУУ

Жеп-ичүү бар өмүрдүн жүрүшүндө.
Жеңил оокат тийбептир үлүшүмө.
Жеткен жетет, байлык да сокур эмес,
Жетелесең киргендей үй ичине.

Жарык тогуп ишенчээк үмүтүмө,
Жараткандын жетсем дейм сүйүүсүнө.
Кишилерге күндүзү жатып ичме,
Кирип келбес бак-таалай түн ичинде.

Жамандык жок дилимде билишимче.
Жарасам дейм журтумдун бир ишине.
Жер бетинде бактылуу көп эл болмок,
Жеткен болсо Кудайдын сүйүүсүнө.

*10-октябрь*
*2001-ж.*



## ШИРЕСИ БАР

Күн ширеси нурунда жарык сунган.
Түн ширеси уйкуда талыкшыган.
Жашоо күндүн ширеси күндө өзгөрүп,
Жан ширеси өмүрдө жанып турган.

Ой ширеси кыялда балкып турган.
Океандай кыйры жок чалкып турган.
Махабаттын ширеси жүрөктөрдө,
Магниттей бири-бирин тартып турган.

Сөз ширеси айтылып тарых болгон.
Сөз билгендин дүйнөсү жарык болгон.
Өтө жакыр менимче сөз билбеген,
Өтүп кетээр тантырап карып бойдон.

Ширеси бар жашоону, татпаган ким,
Ширин жанды аздектеп бакпаган ким,
Күнгө айланып кетсе да адам жаны,
Кетээр маалы келгенде батпаган ким...

*13-октябрь*
*2001-ж.*

## ТААРЫНБАЙЛЫ

Ортодон томондорго карын кайгы.
Оту жок жүроктор да жалындайбы?
Тыңдарды Алла-Таала жибергенче,
Тынч жаткан элибизге таарынбайлы.

Өмүрү кетмен алып жер казбаган,
Өлгонго соол үчүн кор казбаган,
Оңойдон оокат издеп жүргондордон,
Орошон ойон чыкпас эл баштаган.

Мал айдап май таманы жер баспаган,
Маңдайы боргулданып тер баспаган,
Күүго тың аял жандуу жүроончоктон,
Күжүрмон улук чыкпас эл баштаган.

Чабал коп артуу-артуу бел баспаган,
Чалкайган артуулар коп мен баспаган,
Уулдар чыгат экен чанда-чанда,
Умтулуп бийиктикке эл баспаган.

Ортодон томондорго карын кайгы.
Оту жок жүроктор да жалындайбы?
Тыңдарды Алла-Таалам жибергенче,
Тынч жаткан элибизге таарынбайлы.

*23-октябрь*
*2001-ж.*



## КОЛ ЖЕТПЕЙТ

Кыялдын жеткен тоосуна,
Кыялап салган жол жетпейт.
Кылт эткен эсте бироо бар,
Кыжаалат болом, кол жетпейт.

Жылдызы жакын тоолорго,
Жылаандай сойлоп жол кетпейт.
Оюмдан кетпес бироо бар,
Ошого чиркин кол жетпейт.

Канча жаш калды аркада,
Кайрылып артка жол кетпейт.
Кабатыр кылган бироо бар,
Кантейин ага кол жетпейт.

Таалайы тарткан бироого,
Тагдырым коштоп жол кетпейт.
Таарынбас коңул кимде жок,
Талпынган менен кол жетпейт.

*24-октябрь*
*2001-ж.*

## МИҢ АЙЛАНСЫН

Эси бардын эсинен эс айлансын.
Соз билгендин созүнон соз айлансын.
Топук кылып, шүгүр деп коргонүно,
Тойдум деген коздордон коз айлансын.

Иштермандын колунан иш айлансын.
Ичи кенден ичи тар киши айлансын.
Шириси мол даамга кесир кылып,
Шилекейге чайкалган тиш айлансын.

Аруу дилден карайган зил айлансын.
Алкы бузук кургурдан ким айлансын.
Жалган болуп калбастыр ушул созүм,
Жакшылардан наадандар миң айлансын.

*27-октябрь*
*2001-ж.*



## КОЛ УЗУН

Уйкуга козү илинбей,
Убакыт баскан жол узун.
Жамандык кылган кишиге,
Жакшылык сунган кол узун.

Түгоноор учу белгисиз,
Түйшүктүү омүр жол узун.
Алакан жайык, тил элпек,
Алаарда чиркин кол узун.

Үн кошуп учкан закымга,
Үмүтко тарткан жол узун.
Нааласын укпай эненин,
Намыской кыздын колу узун.

Таманын сайдын жылмалап,
Дайралар баскан жол узун.
Тагдырын элдин ойлогон,
Даанышман эрдин колу узун.

Билигин ойдун жандырып,
Билимдүү элдин жолу узун.
Береке тапкан пейлинен,
Берешен жандын колу узун.

Айколду берген кыргызга,
Алтайдан берки жол узун.
Түндүгүн бийик которүп,
Түптогон Манас конушун.
Эркиндик келди мына эми,
Эл болсок экен колу узун.

*27-октябрь*
*2001-ж.*

## КАЙДА, КАЙДА

Когөргон коктой мол кайда.
Көргонгө жеткен кол кайда.
Кызыктан бүткон дүйнонү,
Кыдырып келээр жол кайда.

Бозоргон чолдо саз кайда.
Бой сунбай суук жаз кайда.
Колкүлдоп кумар толгондо,
Конүлдой чиркин мас кайда.

Тоолордон оор таш кайда,
Толгонбос акыл, баш кайда.
Напсини турган сооротуп,
Нан менен чайдай аш кайда.

Эрегиш болбой жоо кайда,
Эр олтүрбой доо кайда,
Жүдоткон ушул заманда,
Жүрогү таза соо кайда.

Жалганды билбей чын кайда,
Жараткан билбес сыр кайда.
Коронго ичте болбосо,
Коодондү тепкен ыр кайда.

*1-ноябрь*
*2001-ж.*



## УШУ КЕЗДЕ

Улуктарды сыйладым сапырылдым.
Устаранын мизиндей жапырылдым.
Улуктардан оолактап ушу кезде,
Урпактарга ыр жазып жатырымын.

Туугандарды кыйбадым, каралаштым.
Туз-даамына кезинде аралаштым.
Учур өттү иштеген уйку корбой,
Устундукка дайыма жарабасмын.

Кызмат өтоп жүгүрдүм жай албадым,
Кыргыз деген журт үчүн аянбадым.
Койгойүно жашоонун такаат берип,
Коп учурда эл болду таянганым.
Өнорү мол, даанышман ошол элге,
Өлбой жүрсом далайды баяндаармын.

*12-ноябрь*
*2001-ж.*

## КЫЗЫК ЭМЕС КӨРГӨНЧӨ

Урунбаган не калды ушу колго.
Жолукпаган ким калды узун жолдо.
Узун жолду улантып уулум жүрот,
Учкан үмүт, талпынган кушум колдо.

Тартылбаган не калды каректерге,
Талпынуу бар корбогон даректерге.
Жүро-жүро узун жол түгонсо да,
Жүрок жетпес баары бир зар эткенге.

Узун-узун, узун жол акыры бар.
Учуп откон айлардын закымы бар.
Топук кылып омүрго бүто электе,
Топуракка кайрадан чакыруу бар.

Кооз эмес, омүр-түш, узун эмес.
Корозундай кыргоолдун кызыл эмес.
Кандай шумдук билбеймин экинчи омүр,
Кайнап бүткон менде жок бышык элес.
Бирок жүрок шумдукка ишенбесе,
Бейиш деле коргончо кызык эмес.

*21-ноябрь*
*2001-ж.*



## БИЙЛИК КӨП

Бийлик деген мунара, хан үстүндо.
Бийлеп турган бир элди жан үстүндо.
Бир жамаатка баш болгон мендейлердин,
Бийиктиги болгону там үстүндо.

Урматтуунун бийлиги тор үстүндо.
Улгайгандын бир буту кор үстүндо.
Эл деген эл, бир баштуу болмок кайда,
Эгер бийлик болбосо жер үстүндо.

Кесел бийлейт дарт берип оорукчанга,
Келин бийлейт, даба жок жоолукчанга.
Корс-корс этип жигиттер жутуп алса,
Коен жүрок болушат соолукканда.

Жашоо күндүн бийлигин тескеген көп.
Жараткандын бийлигин сезбеген коп.
Акыреттин бийлигин күтоор болсок,
Ал жонүндо сураба, соз деген коп...

*24-ноябрь*
*2001-ж.*

## ЖАКЫН ЭМЕС

Бал жесем таттуулугун таңдай билет.
Багымды жазуусу бар маңдай билет.
Чыркырап тил адашса ичтен түзөп,
Чындыкты жүрөк чиркин танбай билет.

Түлкүнүн мант берээрин тайган билет.
Келаткан жамандыкты айбан билет.
Кетирбей бутка оролуп баккан итиң,
Алыска кетээриңди кайдан билет?

Корбогонго кээде козүң жетет.
Көздөн мурда кылт этип сезим жетет.
Коогасы жок күндөрдө жүрөктөр тынч,
Корккон кезде кудайлап безилдешет.

Туюу деген жүрөктүн шыбагасы.
Турмуш деген өмүрдүн убарасы.
«Жакшы жүрсөң жакшылык беремин»-деп,
Жаратканды бар экен убадасы.
Кулак укпай, көз көрбөй жакын экен,
Кудай менен адамдын ымаласы.

*26-ноябрь*
*2001-ж.*



## КАБАК АЧПАЙТ АЛА–ТОО

Бийиктиги үйлөрдүн чатырында.
Бийиктиги адамдын акылында.
Соолот күтүп, сый көрүп калайыктан,
Сөзүм өтпөйт кай бирде жакыныма.

Ыйлап бардым жакыным ый көргөндө,
Ыраазылык жарашат сый көргөндө.
Арды унутуп бир акем душман болду,
Алкымыңды узартпай тый дегенде.

Макулдугу бироонун түшүнгөндөн,
Мамиленин жоктугу үзүлгөндөн,
Карызын бербей кыйшаңдап бир жакыным,
Үйрүп кетти бир жолу жүзүн менден.

Күжүлдөшүп туугандар эт жешкенде,
Күңкүлдөшүп сыйы жок беттешкенде.
Турбай калды айылга тың жигиттер,
Тууган-урук көрө албай жектешкенге.

Агасынан иниси жер талашып,
Эжесинен сиңдиси эр талашып,
«Ала-Арчага» сөөгүм коюлсун-дуп
Атактуулар кетчүдөй көр талашып.

Жондүү сөздү айталбай кыскарамын.
Жоо туман баскандай туш тарабым.
Азезилге кул болуп жүрөк кетсе,
Азабынан мен кантип куткарамын?
Кабак ачпайт Ала-Тоо кайран жерим,
Кайсы арыма мен ага суктанамын?

*2-декабрь*
*2001-ж.*

## ЫРДЫН ЖҮГҮ

Тапканы ашып-ташып бир башына,
Жазганы жүк болгон бар бир качырга.
Унутта дагы нечен калды акындар,
Улардай сайрап жүрүп кыр башында.

Жашоодо жетпей жүрүп бир катынга,
Жазганы жүк болгон бар миң качырга.
Миң качыр суудан отпой бир учурда,
Өткон бар жүгүн артып бир качырга.

Өткон бар дайралардын кайык корбой,
Өткон бар тайгактардан тайып корбой.
Оор жолдо телчиккен жакшы ырларды,
Окуп калаар урпактар айып корбой.

*11-декабрь*
*2001-ж.*



## МЕНИН ЭЛИМ

Боегуна каныкпай узун өмүр,
Бозорот го кай бирде кызыл оңүм.
Чучугума жеткире сынап турган,
Сынчылардын сынчысы ушул элим.

Эл беттесе тирешпейм, чегинемин.
Эл колдосо туралбайм, теминемин.
Азабымлы керекпи, тең болүшкон,
Айколдордүн айколү менин элим.

Кайран элим берээрде ашын катпай.
Кагылышта чыйралган башын катпай.
Жан дүйносүн тазартса менин элим,
Жарк эткенин унутпас асыл таштай.

*17-декабрь*
*2001-ж.*

## МЭЭНЕТКЕЧ КИШИЛЕРГЕ КАРАПАЙЫМ

Күн билбес кайдан жүрүп Күн болгонун.
Ай билбес кадырлашы түн болгонун.
Жөнөкөй бир азамат эл башкарып,
Өзүнүн байкабаптыр ким болгонун.

Орой билбес сылыктык каада экенин.
Осол сөзү өзүнө наала экенин.
Көмүскөдө бир жигит иштеп жүрүп,
Көрсөтүптүр бир күнү даана экенин.

Желдирип мезгил атын опоң-опоң,
Жер кесип далай суудан отом-отом.
Жабыркап журт кыйналып турса дагы,
Жакшылар чыгат экен нечен-нечен.
Мээнеткеч кишилерге карапайым,
Мен тилейм ден-соолукту бекем-бекем.

*19-декабрь*
*2001-ж.*



## БЕЙКАПАР БОЛО КӨРБӨ КАЙДАГЫ БИР

Жаз менен үмүтү бир, сайраны бар,
Жайнаган гүлгө окшойсуң жайдары бир.
Көңүлдүн чогун шилеп очпой калган,
Көз менен карабачы кайдагы бир.

Кетирип ал күндөрдү майрамы бир,
Кечпедик кол кармашып дайраны бир.
Тил менен айтаарыңды дилге катып,
Тиктейсиң таанышындай кайдагы бир.

Тогошкон сезимдердин майданы бир.
Толгодуң кетиргенче айланы бир.
Беттеген сапарымдан сени тапсам,
Бейкапар боло көрбө... кайдагы бир.

*20-декабрь*
*2001-ж.*

## КОРК

Кектүүнүн ийикпеген түсүнон корк.
Кеп сиңбес кесепеттүү кишиден корк.
Жалгыз башын багалбай жалтактаган,
Жарытпаган жамандын ишинен корк.

Оңой жерден туш болгон ооматтан корк.
Оомат тапсаң илээшкен дооматтан корк.
Алган жарын тартуулап мансаптууга,
Абийиринен адашкан «жоомарттан» корк.

Уят деген кадимки ынактан корк.
Уктатпаган ичтеги сурактан корк.
Оокат деген табылаар мээнет кылсаң,
Оңой-олтоң өтүүчү сынактан корк.

Шерменденди чыгараар олүмдон корк.
Шектүү жүрүп күн коргон омүрдон корк.
Суу түгөнүп коз жумсаң, айла канча,
Сурап алаар бир күнү Теңирден корк.

*31-декабрь*
*2001-ж.*



## КӨЙГӨЙЛӨР ТҮРТӨТ АЛДЫГА

Улуктун тайкы бир созү,
Улуттун жүзүн коолойт.
Ажосу андай экен деп,
Кожосу мындай экен деп,
Коншу элдин тыны жоолөйт.

Бийликтин бийик чокусун,
Бир күнү бироо ээлейт.
Болбостун жолун тазалап,
Боло турган азамат,
Болочок күндү мээлейт.

Тай байталды кээде,
Тартуу кылат бээ деп.
Тайрандаган тайлакка
Туз арткан бар тоо деп.
Айласыз жашоо түгөнбойт.
Алсызды алдуу жоолоп.
Көйгөйлор түртот алдыга,
Кокүрок ичин ээлеп.
Коксөгон чекти мээлеп.

*1-январь*
*2002-ж.*

## СӨГҮНҮҮ

Кыргызбыз, тез үйронгон согүнгондү.
Кырк жылдык наадандыкка чегингенди.
Эненин этегине наалат айтып,
Эр болуп сокпогон ким келиндерди?

Согүнобүз оштукча, таластыкча,
Согүнобүз абийирди канаткыча.
Өсобү балдарыбыз сылык болуп,
Өлгончо түркойлүкчү адат кылса.

Соккон оңой, артында чатак жатат.
Чатак иштин соңунда азап жатат.
Эдирендеп бобоктор тийишкенде,
«Эненди»-деп бири-бирин мазакташат.

Үйрондүк улуулардан, башкалардан,
Үйрондүк элден чыккан маскарадан.
Карылар каалап турса ангиликти,
Кай жакка багыт алат жаштар анан...

Жакшы создор — ырыскы, акыл кулу,
Жаман создор дилиндин каапырдыгы.
Булкуп турат осолдук эркибизди,
Бул да болсо улуттун жакырдыгы.

*1-январь*
*2002-ж.*



## ӨППӨЙ КАЛСАМ

Эмне болот жетем деп жетпей калсам,
Эшигиндин алдынан отпой калсам.
Жыла басып кеталбай кыйналам го,
Жылдыз толгон жүзүңдон оппой калсам.

Кандай болот бир күнү жетпей калсам,
Караңгыда кочоңдон отпой калсам.
Жолукканда не пайда энсеп жүрүп,
Жоодураган жүзүңдон оппой калсам.

Сен кантесиң эгерде мендей болсон.
Сендей болуп мен дагы конбой койсом.
Кетет белең тентиреп дербиш болуп,
Келемин деп жазгырып келбей койсом.

Мен кантемин сен жакка баспай калсам.
Сен кантесиң мени издеп таппай калсаң.
Санааркаймын мен деген, сени билбейм,
Сага арнаган ырларды жазбай калсам.

Коксоймүн жетпей калсам.
Кочоңдон отпой калсам.
Жүрокту соорото албайм,
Жүзүңдон оппой калсам.
Кыялым каңгып учат,
Кылт этип эстей калсам.

*2-январь*
*2002-ж.*

## КЕСЕЛ ЭЛБИЗ

Заман деген ушу экен чайпалмалуу.
Зайыптарды ким берди шайтан жандуу?
Жиниккенче жүгүргон аял десе,
Жигиттерди кантебиз байтал жандуу?

Эмне калды бу кезде чайпалбаган,
Эмне калды сыр катып байкалбаган,
Суру качкан бир заман кирип келди,
Суу которгон келиндей кайкандаган.

Айла канча ушу экен пешенебиз.
Алсыз болсок алдууга тошолобуз.
Ызырынбай заманга, чынын айтсам,
Ыйманынан аксаган кесел элбиз.

Кеселдикти моюнга алган дурус.
Келечекке кеселсиз барган дурус.
Батыш жактын дартына семиргенче,
Байкуш бойдон бузулбай калган дурус.
Жыгылганча жарты Айдын этегине,
Жылдыз болу озүнчо жанган дурус.

*3-январь*
*2002-ж.*



## АПАМ БАЙКУШ

Апам кызын бироого берген экен.
«Кыз сатам» деп ал кайра келген экен.
Сатып алып оз кызын бир кемпирден,
Санаасында кырсыкты жеңген экен.

Тороор менен мени да «саткан» экен.
Кызамыкка алдырбай баккан экен.
Ырым-жырым кылса да балдары олүп,
Ыйлап жүрүп ал бизди тапкан экен.

Он экинин жетоосүн комгон экен.
Беш чүрпосү чечекти жеңген экен.
Кызыл чие балдарын бүт калтырып,
Кырктан отүп озү да олгон экен.

Жедеп конүп турмушка начар, жайсыз,
Жашап оттү кантсе да апам байкуш.
Жаратканым жаннаттан жай берсе экен,
Жакшылыкты кордү эле качан байкуш?

*6-январь*
*2002-ж.*

## МЕНДЕН ЭМЕС ЖҮРӨКТӨН СУРАГЫЛА

Колдосо да коркомун, ишенемин.
Корккон сайын ичимден түзоломүн.
Мээри чексиз Алладан жардам күткон,
Мен дагы бир силердей киши элемин.

Жаман менен мен дагы аң уулабайм.
Жакпаганды силерге тануулабайм.
Жаратканга ниетти түздогон соң,
Жан дүйномдү кайрадан жаңылабайм.

Ишенген коп кудайга чала-була.
Ичте жатат колоко ала-була.
Чымын жаным Кудайлап турса дагы,
Чыдаш кыйын Курандын талабына.

Мезгил сүрүп азыркы курагыма,
Мен да түштүм омүрдүн сынагына.
Мээрими кең Жараткан барбы-жокпу,
Менден эмес жүроктон сурагыла.
Жүрок чиркин чындыктын булагында.

*6-январь*
*2002-ж.*



## СҮЙҮҮ ДЕГЕН

Асыл ойду арам ой торобосо..
Ак ишиме жамандык жолобосо.
Коп байлыкка коз артып жүрмөк белем,
Кокүроктүн сүйүүсү толо болсо.

Сүйүү бирок, баарынан аз сыяктуу.
Бир омүрго бир келген жаз сыяктуу.
Конүл эргип колкүлдоп турса дагы,
Коро албастык оттогү таш сыяктуу.

Водород аз абанын курамында.
Дүрт деп жанаар май эмес чырагына.
Сүйүү деген дал ошол водороддой,
Дүрт эткенин жүроктон сурагыла.

*7-январь*
*2002-ж.*

## КЕЛГЕН ДАБА

Булуттун калкыганы желден даба.
Булактын булкунганы жерден даба.
Кумарлуу биз жашаган жарык дүйно,
Кудайдын даргойүнон келген даба.

*8-январь*
*2002-ж.*



## КАНДАЙ БОЛОТ?

Жашоо десе от жагып ышкысына,
Жандуулардын адамзат мыктысы да.
Маашырланат нечендер байлыгына,
Мас конуздай семирген кык жытына.

Кийим жыйдык кийбесек кирип кетээр.
Азык жыйдык жебесек чирип кетээр.
Акыбалга жетсек го атаганат,
Арман кылбай олоордо күлүп кетээр.

Кандай болот а бирок, кийинбесек,
Кандай болот тапканга сүйүнбосок,
Кандай болот адамдык парасат, нарк,
Каниметтин алдында ийилбесек?

*10-январь*
*2002-ж.*

## КАЛАБЫ УШУЛ ДҮЙНӨ АРСЫЗДАРГА?

Кудурет сүтко айлантып кең ааламды,
Каймагын калпып берсе жей аламбы?
Туз-даамын татпай туруп тирүүлүктүн,
Турмуштун баркын билем дей аламбы?

Кудурет ырга берсе бүт ааламды,
Кумарын балга чылап иче аламбы?
Булагым тунук экен коз жарганда,
Булгабай таза омүрдү күто аламбы?

Бүтүндой жаннат кылса ай-ааламды,
Бүшүркоп мен торүнон жай аламбы?
Колумдан тартып кетсе бүгүн ажал,
Колдоном ага каршы кай амалды?

Дүйно жык жандууларга, жансыздарга,
Дүйно жык алдууларга, алсыздарга.
Канчалар оңой оокат издеп жүрот,
Калабы ушул дүйно арсыздарга?

Кантсе да Кудуреттин колундабыз.
Кайрылгыс Убакыттын жолундабыз.

*22-январь*
*2002-ж.*



## МОЮНГА АЛУУ

Ойгоо окшойт Музоокенин комузу.
Ойду козгоп күнгүронот добушу.
Бутак сынды булбул конуп сайраган,
Бул эмине, бул эмине болуучу?

Кепке кошбой боз торгойду чокулап,
Келгин куштар «мен сайраймˮ деп олтурат
Элпек кыргыз эне тилден кол жууса,
Эми кайдан жазгандарым окулат?

Соолгонбу асыл ойлор делидеги.
Соода-сатык азыркынын билгени.
Тоолук элди томоголоп арсыздык,
Толбой турат, толбой турат бир жери...

Үлгү болоор элиме ыр жаздымбы,
Үйдон чыкпай бир укмуш сыр жаздымбы,
Үроон чыкпай үмүттүн талаасына
Үшүк урган учурга мундашмынбы?
Түтоп жүрүп мен дагы кондүм окшойт,
Түлкү заман озүно курдаш кылды.

*26-февраль*
*2002-ж.*

## КӨЗӨМӨЛ

Кумарлануу мендейге сүйгон ишпи?
Куса болуу коңүлго тийген ишпи?
Кумар менен кусага коодон толо,
Ким жаратты ажайып дүйнобүздү?
Кереметке толтуруп, кеткис кылып,
Ким жоноттү ушундай үйго бизди?

Үмүттонүү пендеге сүйгон ишпи?
Үшкүрүнүү, боксорүү күйгон ишпи?
Жараткандын дабышы, үнү кайда,
Жасап коюп мага окшош сүйлогүчтү?
Кормоксонго Кудайды салчудайбыз,
Козомолдоп турбаса күндо бизди.

Козомол жок Кудайдан жеңил деген.
Кормоксонго салдырбайт олүм деген...

*Февраль*
*2002-ж.*



## УБАКТЫЛУУ БАРДЫГЫ, УБАКТЫЛУУ

Эскиргенде аргамжы кылга айланып,
Ээн калган арыктар чымга айланып,
Капталынан эшилип аска-зоолор,
Калат окшойт бир күнү кумга айланып.

Кургак отун алоолойт чокко айланып,
Кумар жанат жаштыкта отко айланып,
Кереӊ мезгил бошотуп жетегинен,
Кетпей калаар күн барбы жокко айланып?

Мезгил жылат, милдети – чубап туруу,
Мендейлердин тагдырын сынап туруу.
Жокко айланбас күндорду коро элекмин,
Жоо алгыр ай, бардыгы убактылуу.

*Февраль*
*2002-ж.*

## ИШЕНГЕНДЕ

Жыгачтан мык жасабайм темир барда.
Жыргалды издегим жок өмүр барда.
Сыйынаар керемет жок, болгон да эмес,
Жараткан баарыбызды Теңир барда.

Камырдан кыш жасабайм ылай барда.
Эсептен жаңылбаймын жыл, ай барда.
Табынаар керемет жок, болгон да эмес,
Бардыгын билип турган Кудай барда.

Үйдү тешет ийри мык түзолгондо.
Үзүлбогон үмүттү үзом дебе.
Жакшылыкка умтулат таза жүрок,
Жаратканга шек кылбай ишенгенде.

*Март*
*2002-ж.*



## АЙТА КӨРБӨ

«Сүйүүдон» шыбагасын айрып алчу,
Сүзүлгон сулуулар көп кайрымактуу.
Суулуктап байлап жүрот нечендерди,
Сурабай жашы канча... кай куралтуу.

Чырмалып кай бир достор ошолорго,
Чынында чамасы жок бошоноорго.
Тын чыкма далай-далай замандаштар,
Тымызын баратпайбы ошол жолдо.

Турмушта, турмуш жаман кыйшандама.
Кыйшандын багын ачаар «мыйзам» кана?
Сүйүүнүн кор болгонун айта көрбо,
Сүйүүдон кабары жок инсандарга.

*5-март*
*2002-ж.*

## КҮРӨШТҮ БАШТАГАН ОҢ ШАЙТАН МЕНЕН

Кай бирде ниет агып тескериге,
Кантсе да элдин кобү озгорүлмө.
Даарыма шайтан деген бийлик кылып,
Далайды айдап жүрот коз корүноо.

Бийликке бироо жетсе амал менен,
Бир аты жолдо калат «жаман» деген.
Адашып эл баратса ак жолунан,
Айыптуу болот бекен заман деген?

Асылдык ичте болсо байкалбастыр,
Жел болбой колдүн бети чайпалбаптыр.
Гүлго мас кополоктой учуп-конуп,
Коңүл да туругу жок шайтан баскыр...

Агын суу колго кетет, чолго кетет.
Асыл кеп элге жетет, желге кетет.
Бүлүнсо жан дүйносү калайыктын,
Бүткону, ошол элдин олгону эсеп.

Элде коп ыйманыма кайтам деген.
Элде коп айтаарымды айтам деген.
Кокүрок-дил онолбой, эл оңолбойт,
Күроштү баштаган оң шайтан менен.

*19-март*
*2002-ж.*



## БИР ТАМЧЫ ОЙЛОР

1

Коодондо жүрок деген чалкыбаса,
Кең дүйно коз алдымда балкыбаса,
Биз үчүн жайдак болоор жердин бети,
Бир гана кор оокаттын дарты калса.

*20-июль*
*1999-ж.*

2

Заман кайгы деген бар заман кайгы,
Замананын кайгысы жаман кайгы,
Айыктыраар заманды кеселинен,
Адамдары замандын адамдайбы?

*22-декабрь*
*1999-ж.*

3

Эл ичинде менин да бар балдарым.
Эсен калсын ошолордун мал-жанын.
Кыйналсак да заманыбыз тынч болсо,
Өто берет, Кудай алсын калганын...

*20-март*
*2002-ж.*

## КАЛПАК БАЙКУШ

Күндор канча мезгилдин алабында,
Жылдар канча тарыхтын барагында,
Узак-узак жол басып элим келет,
Улут эмес түп теги чала-була.

Чалкып жаткан Азия жай-тегибиз.
Чыгышында Алтайдын Байколүбүз.
Буйрубай бабалардан калган конуш,
Бул жакка кайткан экен Айколүбүз.

Баскан изин кыргыздын бассам дагы,
Баарын койбой кагазга жазсам дагы,
Кадыр-баркы элимдин бийик эмес,
Калган үчүн эл болуп аз сандагы.

Өлбостүкко умтулуп күрош менен,
Душман жоктой бул элге тирешпеген.
Кайрат-деми майышып, жүрок мокоп,
Калыптанган озгормо мүноз менен.

Түрткүсүндо коп болдук чоң элдердин,
Түп максаты башынан тоң элдердин.
Күнкор кыргыз унуткан эчак эле,
Күноосү жок энеден торолгонүн.

Ботондордүн алдында жапырылып,
Боксоргончо дымагы сапырылып.
Аз кыргыздын арасы жылуу эмес,
Алсыздарга алдуулар атырылып.

Мунубузду башка элдер пайдаланып,
Мусапырдай журт болуп майдаланып,
Кооз сүйлоп, коркоктук канга сиңип,
Коом жылат, жылса да тайгаланып.



Калбаса дейм ушул дарт урпактарга.
Кабырылган сезимдер кир сактама.
Улуу жолго чыксак да укугу кен,
Улут болдук артына кылчактама.

Чокубузда шанкаят калпак байкуш.
Чоң элдердин алдында жалтактайбыз.
Эки сүйлоп, ойнотуп дилибизди,
Эки жүздүү чойродо жан сактайбыз.

*21-март*
*2002-ж.*

## ЧЫЛБЫР ЖУТКАН ТАБИЯТ

Бир учурун мезгилдин заман дейбиз.
Билип-билбей заманды жаман дейбиз.
Эртенкисин эл деген ойлонсо эгер,
Эмне үчүн соолот Арал – деңиз?

Арал жакта булут аз, буу тартылып,
Ала-Тоодон жыл сайын суу тартылып.
Алтын жууп зыяндуу эритмеге,
Ысык-Көлүм ыйлады уу чартылып.

Батыш жактын кайсы бир чолкомдорүн,
Байбыз деген мансаптуу олколорүн,
Кутургандай сел каптап, суулар ташып,
Куруштурду нечендин желкелерин.

Тооруп келген кырсыкты кетире албай,
Токойлорун өрт каптап өчүрө албай,
Албуттанат табият утур-утур,
Айбандыгын адамдын кечире албай.

Кедергелүү байлыктан зыян ашты.
Келдик окшойт куйруктап Кыяматты.
Чылбыр жуткан табият тыбырчылап,
Чыгарчудай бир күнү тыянакты...

*Апрель*
*2002-ж.*



## АВТОБЕКЕТТЕ

*(Талас шаары)*

Булак болуп жыртак чалдын чылпагы,
Булдуруктайт эр Манастын урпагы.
Кежир чалды араң турат көтөрүп,
Кең Таластын касиеттүү турпагы.

Ырсалактап тили сайрап, тиши жок.
Ызаат менен ыйбаа менен иши жок.
Жетимиштен ашып калган кургурду,
Женден тартып «Кой» деп коер киши жок.

Чабытынан карыганда эништеп,
Чал жүрүптүр элдүү жайдан «жем» издеп.
Учурунда тизгинделсе мындайлар,
Уул-кыздын урмат-сыйын көрүшмөк...

Айныганбы атыр болбой абасы,
Арак болуп көпчүлүктүн дабасы.
Өз элине өзү бүгүн жоо болмок,
Өлбөй жүрсө кыргыздардын Манасы.

Таттуу сүйлөп балдарына мейиздүү,
Тапса болмок жылуу тордү бейиштүү.
Ырсаңдаган чалды көрүп бекеттен,
Ырды жаздым калайыкка, кейиштүү.

Булак болуп жыртак чалдын чылпагы,
Булдуруктайт эр Манастын урпагы.
Кежир чалды араң турат көтөрүп,
Кең Таластын касиеттүү турпагы.

*11-апрель*
*2002-ж.*

## ЖАШОО ЧИРКИН

Жайлоонун молтүрүндой тулаңдагы,
Жайнаган кызгалдактай кыраңдагы,
Жомоктун олкосүндо жылдар калып.
Жоо алгыр жылып барат улам нары.
Колүно кокүроктүн толот экен,
Коңүлдүн айыкпаган ыландары.

Боегу күндүн уялткан чачым кана,
Боз улан жигит деген атым кана.
Өрт чалган сезимдердин муңу калып,
Өмүрлор сиңип жатат закымдарга.
Кайрылбас жаштыгына куштар кылып,
Кайдандыр ышкы келет акындарга.

Мезгилге толонбогон карызым калып,
Мээнетке башты сундум, жан сыналып.
Бушайман жашоо чиркин отот тура,
Булактан кайткан сындуу мал сугарып.
Узатпай ажал деген жандап жүрот,
Уу тиштүү жылаан менен камчыланып...

*13-апрель*
*2002-ж.*



## БАРААР БОЛСОҢ

Умтулууга жаралган адам экен.
Уу тырмагын батырган заман экен.
Багынбаса максаттар умтулууга,
Байлык бекен жүргонүң аман-эсен?

Жылуу күрмо, жылуу тон кышкы байлык.
Жыргал деген күндорүң тышкы байлык.
Атак-данкка кантсе да кумар кылып,
Алдастатат бироонү ышкы-байлык.

Аруу дилиң ичиңе сыйган байлык.
Ач борүдой напсиңди тыйган байлык.
Өлчонбогон баасы алтын менен,
Өзүң менен бир кетээр ыйман байлык.

Тирүүлүкто байлык коп табаар болсоң,
Тизгин тартпай алыска чабаар болсоң.
Жан дүйнонду булгабай таза карма,
Жараткандын алдына бараар болсоң.

*11-май*
*2002-ж.*

## СЫНЫК

Белди корсоң корсоң бир тутам кумурскадай,
Белден ылдый куймулчак жумурткадай,
Менменсийт бир сулуу келбетине,
Мээ жакта кылайган сынык бардай...

Сулуу кылган сулууну, кылык кандай,
Суудай аккан кумарды айт, тынып калбай,
Сыртым сыпаа, ичимдин дарты кыйын,
«Сынык» барбы менде да куруп кал ай!

*4-июнь*
*2002-ж.*



## ЖАҢЫ КЫРГЫЗ

Эгемендүү элбиз деп калды кыргыз.
Эркиндикке кычуусу канды кыргыз.
Ээн сүйлөп, жасашып өз билгенин,
Ээнбаштык иштерге барды кыргыз.

Жеке чарба болууга барды кыргыз.
Жээрине нан таппай калды кыргыз.
Дүңгүрөтө той берип жатса дагы,
Дүйнө элине аталды – «жарды кыргыз».

Жеп калаар дейм жер багып ашын кыргыз.
Жебесе экен ичкенден башын кыргыз.
Ырыскысын күнүмдүк тапса болду,
Ылдый карай кулатпай ташын кыргыз.

Баш терисин карасаң баары кыргыз.
Башка динге өткөндүн наамы кыргыз.
Өзөктөгү жалындын табы кайтып,
Өзгөрүптүр аз жылда жаамы кыргыз.

Кыргыз тилин чангандын каны кыргыз.
«Киргиз» дешет жеринен аны кыргыз.
Оомат үчүн уятын сатып кеткен,
Оокат үчүн карызга батып кеткен,
Ошолордун бардыгы жаңы кыргыз.

*14-июнь*
*2002-ж.*

## БИЙЛИК ООДУ

Бийлик ооду ыйманы жакырларга,
Бир соз тийбей жыйында акылманга.
Толуп кетти кантебиз кыргыз жери,
Тобосу жок ынсапсыз каапырларга.

Урдум-соктум жүрүшүн онор корүп,
Уят кылбай ичинде коронголүк.
Желге ойнотуп далайлар ар-намысын,
Жеңил болуп мынча не серендедик?

Көр оокаттын демине булоолонгон,
Уй түгүндой топ болбой кылоолонгон,
Кызматкерлер калдыбы ушу кезде,
Кызыр даарып, бак карап жылоологон?

Куш эместир бак-таалай атып алма,
Куусаң жетпей торүңо жатып алма,
Эпчил элге айланып кеттик го биз,
Эңсегендин баарысын сатып алма.

Балдар эңсеп жеринен шылуундукту,
Кыздар эңсеп жасалма сулуулукту,
Ар бийлебей кыргызды акча бийлеп,
Арты кууш заманга урундукпу?

Оокат кылсак мейли эле жошо сатып,
Оокат кылсак мейли эле бозо сатып,
Жакшы турмуш курганы куруп кетсин,
Жан дүйносүн акчага кошо сатып.

*24-июнь*
*2002-ж.*



## КҮБӨ БОЛДУМ ЭНЕНИН БАКТЫСЫНА

*(Жалгаптын энесине арналат)*

Музга тоңуп майышкан кеме кантет,
Муңга толуп кайышкан дене кантет,
Жүдөп турса балдары айбат кылаар,
Жүрогүндо түгү жок эне кантет?

Өгоо жебей, дат жеген темир кантет,
Өзөгүнон аксаган омүр кантет,
Коздүн шору бар экен корбой калган,
Корго чейин сыздаган коңул кантет?

Таарып турса бутагын дарак кантет,
Талкаласа кундагын жарак кантет,
Абактагы балдарын ойлой берип,
Алкымынан отпогон тамак кантет?

Калагынан айрылса кеме кантет,
Карып калган кубатсыз дене кантет,
Коптон күткон балдары бүгүн келсе,
Шүгүр дебей Кудайга эне кантет...
Мен да бардым ал үйго жакшы учурда.
Күбо болдум эненин бактысына.
Которүлүп калыптыр уулун корүп,
Алп турмуштун дагы бир баскычына.

*8-июль*
*2002-ж.*

## МЕН ДА БАРМЫН ЫЙЛАКТАП АРАСЫНДА

Кол салбаса мен тапкан ашка бирөө.
Коркутпаса жазам деп жазма бирөө.
Коркуп жүрүп жададык, коркута албас,
Бир Кудайдын өзүнөн башка бирөө.

Каруу берсе Кудайым бойдо болсун.
Кайрымдуулук, берээрим ойдо болсун.
Жаман дешсе терикпейм ичи тарлар,
Жаратканым жамандык ойлобосун.

Торобогон эч качан, торолбогон,
Тогороктүн төрт бурчун көрө билген.
Ээлик кылган ааламга Алла турса,
Эсептебейм Кудай деп бологүм мен.

Болсо керек нечендер менден өөдө,
Боло албайбыз баарыбыз элден өөдө.
Жакшылыкка умтулуп көз өткөнчө,
Жамандыкка жолобой көнгөн өөдө.

Башы бүтүн бар чыгаар менден ылдый,
Бас боло элек эч бирөө жерден ылдый.
Баскан бутта күнөө жок дебегиле,
Балакеттин баарысы белден ылдый.

Көрүп жатам буйругун пешенемдин,
Көздөгөнгө бет алып көшөрөмүн.
Мен да бармын ыйлактап арасында,
Ыйманынан аксаган кесел элдин.

*Июль*
*2002-ж.*



## АДАШЫП КЕЛБЕЙТ АЗАТТЫК

*(поэма)*

### – I –

### БАСКАН ЖОЛДУН БАЯНЫ

Көч келет көксөөсү көп доорлордон.
Которуп мезгил жүгүн оордогон.
Жан демин суутпаган эл келатат,
Жакшылык көрөөр күнүн боолгогон.

«Чоң казатта» колунан туу суурулуп,
Көк сеңирдей көөдөнү куушурулуп,
Кан майдандан жаралуу Айкол кайткан,
Карегине кандуу жаш-уу жуурулуп.

Аалам баткан ичине муң-зар толуп,
Айтып бүткүс арманга дуушар болуп,
Жүрүп келген Каңгайдан кең Таласка,
Жүрөгүнө уялап миң сан кордук.

Ойрон болуп ордосу тагы тайган.
Ошондо бир кыргыздын багы тайган.
Ала качып жалгызын журт энеси,
Алыстагы төркүнгө багыт алган.

Канча тарых жазылбай актай калган.
Култегиндин арманы ташка айланган.
Бала-баатыр Курманбек армансызбы,
Башын жеген ат минип баспай калган.

Кыйла кылым өтсө да желдей болуп,
Кыргыз чыккан кыйроодон элдей болуп,
Калкым жетти кантсе да ушул күнгө,
Кайрат-күчү соолбос колдой болуп.

Жыйырманчы кылым отту тизгин тартпай.
Жылдары өмүрүбүз биздин нактай.
Так салып жүрөкторго узап кетти,
Тарыхтан кан жыттанган изин катпай.

Октябрдын доорунда адам болдук.
Орустарга бир кылым караан болдук.
Көп сапаты калкымдын которулуп,
Кай жагынан чынында жаман болдук?

Жүк түшүп чечендерге сөзү канык,
Жүк түшүп башчыларга көзү канык,
Азаптуу бир жылдарда кошулуптур,
Аз кыргыз орустарга өзү барып.

Ошондон тоолуктарды орус бийлеп,
Ортону волостнойлор — болуш бийлеп,
Ойрондоп он алтынчы жыл да келет,
«Орустан биротоло кол үзгүн!»-деп.

Кытайга көчө качып шашылганда.
Кырылган кайран кыргыз ашууларда.
Кол жетпей калган дешет акырында,
Корумдап денелерди жашырганга.

Кылымдын кыжырга жык каары белем,
Кыргыздын кыргын болоор маалы белем,
Илдиреп качкындардын арасында,
Ирбейген бала жүрдү Аалы деген.

Эрбендеп ошол бала көп жүрүптүр.
Эл менен эл жегенди жеп жүрүптүр.
Борбуюо кайта электе көргөн күнү,
Бооруна ийне менен тепчилиптир.

Маарап жүрүп бир козу миң болуптур.
Ыйлап жүрүп бир кургур тың болуптур.
Көргөндөрүн Аалы акын тизмелесе,
Көкүрөккө сыйбаган муң болуптур.

Айтса-айтпаса чоң акын — Аалы деген,
Арбын жазды ырларды маалы менен,



Жашоосунан сый көрдү, жабыр көрдү.
Жакшы болуш оңойбу баары менен..

«Кандуу жылдар» жазылды таң алдында.
Үндөш болмок чындыктын талабына.
Барчын учту канатын кең жая албай,
Башын ийип бийликтин амалына.

Жоомарт чыккан оозунан ыр төгүлгөн,
Акын болду заманга «нур» төгүлгөн.
Өзөндөрүн арзуунун бойлой албай,
Өмүр отту буулугуп муң төгүлгөн.

Жусуп акын сыныптыр кайра-кайра.
Ондобошко жазганын айла кайда.
Арак ичип кетти дейт кайран жигит,
Аруу дилин чынжырлап байлаганда.

Акыл-ойду саясат тайтайлаган,
Айтаар сөздү айтчулар айталбаган.
Кремлдин буйругун эч бир инсан,
Туура эмес деп артына кайтарбаган.

Ким даңктабайт мезгилин Жоомарт сыңар.
Ал мезгил да бир келген оомат чыгаар.
Жолбашчылар кайда эми катуу багыт,
Жоомарт да жок аларга доомат кылаар.

Акын кылган акынды сезим дечү.
Кээде сезим, акындын өзүн жечү.
Өжөр Жусуп өкүттө кетсе дагы,
Өлбой калды ырдалып «Эсимдеси».

«Узак жолду» бир акын жазып өттү.
Учу кыска сапарын басып өттү.
Кан майданда окко учуп Мукай ава,
Кайран асыл дүйнөдөн шашып өттү.

Аз өмүрдүн кумарын, ыйын жазмак.
Аман жүрсө далайдан кыйын жазмак.
Кайтпай калды уруштан Кусейин да,
Кара сөзгө жаны эле чыйыр таштап.

Армандуу көп, алардан жапа калат.
Айта берсе түгөнгүс капа калат.
Асылдыгын көптөрдүн кеч байкайбыз,
Атаганат дейсиң да, атаганат!

Кандуу кармаш неченди баатыр кылды.
Карайлатып көп элди жакыр кылды.
Соолгон жок үмүттөр оор сындан,
Согуш даарып неченди акын кылды.

Ырчы кылды өз доору Темиркулду,
Сынчы кылды Жакишев Өмүркулду.
Кан майдандан Темикең эсен кайтып,
Карыганда тапты бейм өлүм-шумду.

«Айсулуу» деп Темиркул китеп жазды.
«Ак алтындын» сулуусун түтөп жазды.
Пахтакердин эмгегин даңазалап,
Партиянын абийирин бүтөп жазды.

Чүйдү мактап, каналын курабыз деп,
Чүйгүн жазды ырларын Кубанычбек.
Сөөлөтүнөн жанган жок ыр жолунда,
Сөзмөрдүгү тууралуу уламыш көп.

Солтүгү жок сөзүндө, өзгөрбөгөн,
Сөөлөтүнөн инсандын боксорбогон.
Бакай-Ата Түкөбүз узак жашап,
Батып кетти чексизге көз көрбөгөн.

Баба дыйкан Түгөлбай чымды бузган.
Башкалардан өзгөчө дыңды бузган.
Өжөрлүгүн карматып чындык үчүн,
Өтмө катар оролгон зымды бузган.

Көк зоолордун пири бар аркар деген.
Көздөн учкан сулуу бар калтар деген.
Түптөп кеткен өнөрүн жазуучулук,
Түгөлбайдай кыргыз аз залкар деген.

Кылкылдап жылдар учуп, закым жеди,
Кылымга «Атом» деген атын берди.



Кылайган соогасындыр убакыттын,
Кыргызга Алыкулдай акын келди.

Жар болуп Жараткандын Асман-Күнү,
Жашоого үмүт төгүп баткан күнү,
Кылымдын закымдарын акын коштоп,
Кыргызга баатыр кылды Автандилди.

Даңкына тоо элинин даңкты кошуп,
Даанышман Шекспирдей алпты кошуп,
Таалайын ырга берип кете берди,
Дартына айыкпаган дартты кошуп.

Арага асыл келди, асыл кетти.
Атууга Тыныстанов Касым кетти.
Камалып канча-канча «эл душманы»,
Канчалар жетим калып жашын төктү.

Өлүмгө дуушар болуп миң-миндеген,
Өлкөсү Сталиндин бир кирдеген.
Тобосу кыргыздардын бийик эле,
Торокул, Жусуптарды ким билбеген..

Ал учур доору болгон айгактардын,
Айгактар элдин саткан каймактарын.
Көрүстөн «Ата-Бейит» айтып турат,
Бир түндө жүз кырк эрди жайлатканын.

Урматын сулуулуктун жаз көтөрөт.
Уйкусун тынган суунун саз көтөрөт.
Армансыз дүйнө да жок, заман да жок.
Азабын ар учурдун баш көтөрөт.

Фашисттерди талкалап учурунда,
Баатырлыктын эл толгон купулуна.
Улуу сындан кыргыз да аман чыккан,
Улут болуп Союздун тутумунда.

Даңазалап достуктун аруу күчүн,
Даңк жыйбадык жөн гана тарых үчүн.
Чырпык боюн тоо эли чынар кылып,
Чындап койду согушта каруу-күчүн.

Улуттарга ынтымак керек экен.
Урушгарда биримдик жолок экен.
Элдин эрки болоттой курчуганда.
Эрдиктердин мезгили келет экен.

Эр болсо эле душманын жыга бербейт.
Эки аягын бир кончко тыга бербейт.
Эр кокүрок баатырлар Чолпонбайдай,
Эл ичинен күн санап чыга бербейт.

Тоолор барбы арасы кыр болбогон,
Тойлор барбы күү ойноп ыр болбогон.
Бабалары Уузкан, Манас болуп,
Баатырлардан кыргызым кур болбогон.

Тозогу жерге түшүп тирүүлордүн,
Тоногон учкан октор илингенин.
Абалтан эч бироолор коргон эмес,
Ажарлуу жер бетинин бүлүнгонүн.

Кара жер канга чакап жотолүптүр.
Кайран эл оор сынды которүптүр.
Гитлер жарым чака майга жанып,
Атылып ага чейин озү олүптүр.

Бийликти анда Сталин толгоп турган.
Бирдиктүү Совет эли колдоп турган.
Темирдей эрки менен кайран киши,
Тезинен кыйшайганды ондоп турган.

Жалгандыр, а балким анык чыгаар.
Жазышты, ал жонүндо тарыхчылар.
Катылып биз билбеген чындык калса,
Катмарын кара таштын жарып чыгаар.

Доо бүтпос жыгылгандын малын алып,
Күн бүтпос олтүргондүн жанын алып,
Кочотүн эркиндиктин сайган менен,
Бир жылда кетпейт экен тамыр алып.

Эркиндик СССРде болгон беле,
Элдердин купулуна толгон беле,



Каардуу бийлигинен коболдордүн,
Канаты азаттыктын тоңгон беле...

Бarkташып улуттардын теңчилигин,
Байкабай саясаттын кемчилигин,
Эңсеткен Коммунизм алдыда деп,
СССР билбей калган олчү күнүн.

Кантсе да түшүп келип кыргыз кырдан.
Калдайган кыштактарга турмуш курган.
Оолактап бара-бара оз дининен,
Оңолгус коп жылдарга кылмыш кылган.

Ойлонуп келечегин, ток болоорун,
Ойлонбой улут олүп жок болоорун,
Баео эл билген эмес арак «досту»,
Башына кайра тийген ок болоорун.

Билимдин алоосуна казан астык.
Билгенге мунун озү – азаматтык,
Ызылдап Кудай жок деп нечен жылдар,
Ыймандан дилибизди тазалаттык.

Неченге компартия кызмат берген,
Нечендер кызматынан сыздап келген.
Өлкого ото катуу эмгек кылып,
Өтүптүр Раззаков Исхак деген.

Замана бирдей агып жаткан эмес.
Саясат оз нугунда аккан эмес.
Кудайдан «ойдо» турган Хрущевге,
Курусун Исхак дагы жаккан эмес.

Өлкосү Октябрдин ири болгон.
Өзгочо Кремлдин сүрү болгон.
Мекенге коммунисттер бийлик кылып,
Мен дагы ошолордун бири болгом.

Өттү омүр Ленинди аталаган.
Өлүгүн Сталиндин жакалаган.
Арнашып махабатын партияга,
Акындар сезимдерин такалаган.

Бүтүндөй элдики эле байлык деген.
Бүткүл эл жашап келген айлык менен.
Ашыкча мал күткөндүн, там күткөндүн,
«Анасын Үч-Коргондон кайрып» келген.

Жай-кышы мал артында азап жеген.
Жабылып аңыздардан машак терген.
Ичкени айран болуп, дандан кемип,
Илгертен эл ушинтип жашап келген.

Калкты го жамааттыкка көндүрүшкөн.
Каржылап ортодогу өндүрүштөн.
Болочок план түзүп ойдо жактан,
Болбоптур бекерчилер жөн жүрүшкөн.

Жамаатка чоң милдетти тагып келген.
Жакшылар жалкоолорду багып келген.
Партия камчылаган ошол заман,
Балким, кыргыздарга жагып келген.

Тескеген чекит коюп дил-санаага,
Тең кылып бир жакшыны бир жаманга.
Бийликтин дегенинен башы чыкпай,
Биздин эл болуп келген күнкарама.

Улуттук өзгөчөлүк көзгө илинбей,
Улуу салт, улуу нарктар сөзгө илинбей,
Кыйкымчыл доор өтүп, Кудайы жок,
Кыргызда эмне калды өзгөрүлбөй?

Кейибей коногуна малын сойгон,
Кечирээк учур келди карын тойгон.
Жондонуп колхоз-совхоз байыганда,
Жок эле эл ичинде жарым тойгон.

Там салдык катар-катар заңгыраган.
Жол салдык узун-узун даңгыраган.
Ал кезде минбей калган биздин кыргыз,
Ат кошкон арабаны калдыраган.

Тыйынга сатылчу эле жанармайлар.
Эл тегиз, болгон эмес сараң байлар.



Бактылуу болоор элек теңдеши жок,
Жогортон кезек менен там алгандар.

Көп элге түнөк болуп башын катчу,
Фрунзе шаар эле жашыл бактуу.
Ураалап Коммунизм курчубуз деп,
Унуттук улут салтын асыл, нарктуу.

Баш ийип Москвага эсеп бердик.
Батыштын каадасына кезек бердик.
Карышкан чеңгел сындуу бекем кыргыз,
Кайкандап барчылыкта тез өзгөрдүк.

Буйрукчул башкарууга өлкө жетип,
Барчылык туралган жок эркелетип.
Партия олоорунда ичтен сынып,
Эл деген иштеп калган желкелетип.

Бийликчи бийликчини колдойт экен,
Бийликтин жолун тоскон оңбойт экен.
Башынан сасып турса балык сындуу,
Бардыгы ойлогондой болбойт экен.

Чоң Союз кулап калды, күнөө кимден?
Чыкты дейт күнөөкөрлөр Кремлден.
Айбаттуу зор өлкөбүз бытырады,
Аткарбай Лениндин тилегин эл.

Кээ бир эл тез бөлүндү, жолободу.
Кектешип бирин-бири тонободу.
Өзүнчө эл болсо да өткөндү эңсеп,
Өксөөсү кыргыздардын толо болду.

Тынч кеттик, каргыш тийип, туз урган жок.
Тытышкан каирдин жок, мусулман жок.
Доомат жок Россия өзү калды,
Достугу азыр деле бузулган жок.

## ОШ ОКУЯСЫ

Тоо термелет турбайбы кулаарында.
Добулду эңсейт байтерек сынаарында.

Эл кагышып көп жерде кан төгүлдү,
Эркиндиктин желпинип кумарына.

Кырсык деген колоко калкып өтүп,
Кыргыздарды кур койбой чарпып өтүп,
Зоодон кулап кеткендей элес калды,
Совет эли болонгон алтын бешик.

Бойго сыйбай дүркүрөп кан-жаныбыз,
Болуп өттү түштүктө жанжалыбыз.
Жер талашып эки улут, ок атышып,
Жетим калды канча бир балдарыбыз.

Досчулукту ошондо чыйратпады,
Дооматтарын тоо кылып жыйнап калды.
Шагы сынып кантсе да нечендердин,
Шаарлары сезимдин кыйрап калды.

Оңдоп болбойт чынында ой дегенди,
Ойлор билсе ошондо «кой» дегенди
Тирешкенин эки элдин коргон болсон,
Титиретет азыр да бой-денени.

Өчөшкөндөн ок атышуу болбосун,
Өздү-жатты билбей учат коргошун.
Өзбегин кыргызына тукурган,
Өчкө кумар бузукулар оңбосун!

Чайкабасын мындайда турмуш кимди,
Чамасы чак экенин кыргыз билди.
Ыркы кеткен эки элдин ортосунда,
Ынтымакка чакырып Чыңгыз жүрдү.

Илебине достуктун тоң жарылчу,
Иш экен го ынтымак колго алынчу.
Арачылык милдетин так аткарды,
Адыл аке ташкенттик чоң жазуучу.

Кар түшкөндөй кыжаалат тозон кезде,
Калк ичинде мамиле бошоң кезде,
Ынтымагы жөнүндө эки улуттун,
Ыр жазды элем ушундай ошол кезде:



*«Жамандыкты артына кайрып дайым,*
*Жакшы деген күндөрүм байлык дайым.*
*Кол кармашып келаткан ага-инидей,*
*Коңшу журтту дос дештен айбыкпаймын.*

*Булутубуз болүнбой жамгырлашпыз.*
*Бушаймандуу өмүрдө тагдырлашпыз.*
*Эки жиптен бир аркан эшилгендей,*
*Эки журттун тилеги жандырмакпыз.*

*Тамырлашып ортобуз аралашпыз,*
*Тынчтык тилеп Кудайдан санаалашпыз.*
*Топурагын кастарлап асыл жердин,*
*Тоо этегин байырлап талаалашпыз.*

*Таалим алып турмуштан сабакташпыз.*
*Дасторкондо баш кошуп табакташпыз.*
*Болсо дагы улуттук чек-аралар,*
*Болбосо дейм душмандык аяшпастык.*

*Улак тартып тойлордо такымдашпыз.*
*Учур келсе баш кошуп акылдашпыз.*
*Түрк тилинде сүйлөшүү аздык кылаар,*
*Түпкү энебиз бир чыгаар жатындашпыз».*

*1990-жыл.*

Күбө болдук жылдарга нарылаган.
Күүдөн тайган достукту дарылаган.
Эми мына биздин Ош ушу чакта,
Ээси болду тынчтыктын мамыраган.

Арамзалык тыйылып жең ичинен,
Азаматтар көп чыгып эл ичинен,
Намыска бек эки улут жашап калды,
Наар татып достуктун жемишинен.

Соосу барбы замандын чайпалбаган,
Согуш-жанжал өтөбү байкалбаган,
Ойгоо тарых качандыр айтса керек,
Ойлорумду азыркы айталбаган...

Кандай кымбат эркиндик чындыгында,
Калбыр байлап келсе да куйругуна.
Бурулушта бүтпөгон бушайман көп,
Бул да болсо мезгилдин буйругу да.

## – II –

## КӨЛӨКӨЛҮҮ АЗАТТЫК

*1990–2000-жылдар*

Кол үздүк алтын ордо Москвадан.
Кол үздүк «политбюро» – жакшылардан.
Журт эле жумушчуга, кетменчиге,
Жуурулуп бир жакадан баш чыгарган.

Жоготуп ардактаган теңчиликти,
Жоготуп арзанчылык, кеңчиликти,
Бактысын ичке катып, үмүт берген,
Башбаккан эркиндикке эл бирикти.

Көрүнбөгөн тоолорго доң бирикти.
Көзү каткан чөлдөргө кол бирикти.
Койгойу көп эркиндик жайдак келип,
Көрүп жатат мурдагы эл, көргүлүктү.

Арга болбой издеген амал-айла,
А дегенде кор болдук жанармайга.
Оома кыргыз тез отту карап турбай,
Ортодогу байлыгын таламайга.

Арабызда көп экен жетеленме,
Арзан кетти көп байлык бөтөн элге.
Дүнүйөсү кеткендей ашып-ташып,
Дүкөндөрдү толтурдук көчөлөргө.

Колунда бар эптүүлөр ток болушту.
Коркпогондор Кудайдан шок болушту.
Тыңчыкмалар, кечеги эл бийлешкен,
Дымы чыкпай бу күндө жок болушту.



Урал жактан вагондоп темир келбей,
Ушу турган коңшу элден көмүр келбей,
Эчен-эчен заводдор талоон болду,
Эркиндиктин доорунда өмүр көрбөй.

Он миллион кой сыйган жайыт калды.
Ордун таппай миңдеген зайып калды.
Жайлап салып кыргыздар өнөр жайын,
Жаратынан өзөктүн айыкпады.

Менчиктешип бар байлык сапырылды.
Мезгил минтип, элимди жакыр кылды.
«Чекебизди жылытаар карыз берет»-деп,
Чет өлкөнүн байлары чакырылды.

Ой-тилектен адашып өзгөрбөгөн,
Океандай үмүт кең бөксөрбөгөн.
Кантмек элек айлабыз ушул экен,
Карызга батты урпактар көз көрбөгөн.

Бөтөн элдин акчасы сойлоп кирди.
Бөрү тиштүү мыйзамдар жойлоп кирди.
Энчисине мал тийсе кайран кыргыз,
Этке айлантып майкандап тойлоп кирди.

Бизнес деген ортону чайкап турат.
Билермандар чет элдик байкап турат.
Бай өлкөлөр аябай «гумжардамын»,
Байкуш элдин көңүлүн жайкап турат.

Коррупция бар чакта жандануу жок.
Коңултуктап тоолор бош, малдануу жок.
Кедейликке бой сунуп миң-миңдеген,
Кесирленген байларга таң калуу жок.

Кыңыр ойдон ниеттер тазаланбай,
Кылмышкерлер көп чыкты жазаланбай.
Кыйынчыкма далайга адат болду,
Кызарганга көз түшүп баса калмай.

Жоон билим алгандар жука болду.
Жоон билек – ургандар бука болду.

Татыктуулар алкышка бир кездеги,
Ташбараңга алынган бута болду.

Заң сыйлоо жок, ниеттер бошоң үчүн.
Заман жүзү боз-ала ошол үчүн.
Жашоо деген заматта оңолмокпу,
Жанды багуу өзүнчө тозок үчүн?

Элде барбы колдогу барга ыраазы,
Элде барбы чай менен нанга ыраазы,
Жакырчылык этектеп турган чакта,
Жапырылган эл барбы, ханга ыраазы?

Өксөөсү көп заманга — өзөк жеме.
Өмүр шашат демитип тез өткөнгө.
Кишибизге, журтбашы аты бийик,
Кийинкилер сын берээр көзү өткөндө.

Чечилбеген түйүндү чечүүчү бар.
Чек-арадан суранбай өтүүчү бар.
Табышмактуу көбүнчө окумдарлар,
Таяктын да дайыма эки учу бар.

Асыл иши жакшынын дилде калаар.
Арзан иши чабалдын кимге калаар?
Мен жазбадым кимдердин ким экенин,
Мезгил келет, бир күнү иргеп алаар.

Уук кылбайт жыгачтан түз эмести.
Улук кылбайт жеринен киши эмести.
Буйруктууга жарашат алтын таажы,
Буйрук деген Кудайдын иши эмеспи.

Токсонунчу жылдардын учурунда,
Тоолук журтум ээ болду укугуна.
Жалпы өлкөбүз эл болду эгемендүү,
Жакырчылык жетсе да чучугуна.

Өйдө жакка ишенген «өнөр» калып,
Өлкөлөрдөн жан тарткан, демөөр алып,
Кыргыз аты жаңырды кайра-кайра,
Мүчө болду ООНго эл аралык.



Ойроттор жок качанкы, чуу салгандай.
Оңой келди эркиндик кыйшаңдабай.
Таанылдык биз кайрадан көп элдерге,
Тал-Чокуга хан Манас туу сайгандай.

Ак-Шумкарлуу герби бар дөөлөт болуп,
Атпай журттун башына сөөлөт конуп,
Оңой эмес, а бирок, жаңы багыт,
Ороп турат нечен·ди мээнет тооруп.

Ашкан дөөлөт — бир элди азат кылуу —
Азаттыктын доорунда жашап туруу.
Демейдеги кыргыз жок, жолу ачылып,
Деңиздерге умтулган башат сындуу.

Арзанчылык бир келээр, челчең эмес.
Азаттыкка токчулук өлчөм эмес.
Ийгиликтин кечи жок, тынч өмүрдө,
Иштеши керек, бул күндө, эртең эмес.

Жакырчылык коноктой, конуп өткөн,
Жалбырактай жанынды жонуп өткөн.
Таалай-багын өз элим өзү табаар,
Тарамыштай кыргыздын жону бекем.

Тыңдарыбыз чабалды аясак да,
Тыйындуулар бүт элди таясак да,
Кылдат болуу, а бирок, зарыл иш го,
Кылдан ичке бүгүнкү саясатта.

Дос болобу, арам ой ымдап койсо?
Душман болбос оюу түз сындап койсо.
Кой үстүнө торгой куш жумурткалаар,
Коңшу элдерге мамиле кылдат болсо.

«Мен» дегенге рынок кезек берди.
Мезгил өттү «биз» деген өзөктөгү.
Мусапырлык бүгүн бар, эртең кетээр,
Мунун баары күнүмдүк, эсептелүү.

Чыгармага азаттык кезек берди.
Чындык сөздөр айтылып өзөктөгү.

Унут болуп бараткан кыргыз тили,
Улут тили катары эсептелди.

Тил үйрөнөт энеден бала дайым.
Тил билбеген эне коп чалагайым.
Замандаштар өз тилин сыйлай албай,
Заманага шылтаган жалаа дайын.

«Тиш ырыскы, тил доолот» — болуп келген.
Тирүүлүкко бир доолот конуп келген.
Кыргыз тилин Арыстанбек даназалап,
Кызыл тилин намыска жонуп келген.

Боорукер бар азапты тартпай билген.
Бошоң болбос тапканын зарптай билген.
Дондон өөдо тоолордой бийик болмок,
Доолотторүн улуттун барктай билген.

Эстүү жандар учурда жалтакташып,
Эптекөйлор алдыда жалпакташып,
Жакшы чыкма дегендер ушу кезде,
Жапыз учуп калышкан салпакташып.

Кедей болсо кыргыздын ары жокпу,
Келечекке умтулган зары жокпу,
Азаматтар куйругун кысып жүрот,
Акча билип турганда бары-жокту.

Эс болбосо коз корбос алыстыкты.
Эл бөксорот тутпаса калыстыкты.
Өлкөсүнон кыргыздын оолактаттык,
Өжорлордү ишинен маңыз чыкчу.

Кедей жаштар көксощүп айлык жешти.
Келечегин эл-журттан айрып кетти.
Балдар кетсе мейли эле күчүн саткан,
Баш ичинде нечен бир байлык кетти.

Каалаганга тогошпой болжолубуз,
Карбаластайт кантсе да чондорубуз.
Кайрат-күчтор мындайда жетпоочүдой,
Кайчылашып турганда жолдорубуз.



Ыйык барбы бу кезде дил жутагыс,
Ынтымакты көбүнчө пир тутабыз.
Коздон учуп коптөргө ыйман-ызат,
Көкүрөктү чынында кир тутабыз.

Чоң десе эле баарына бел болобу,
Чондоруна таарынбас эл болобу,
Жандүйносү боз-ала журту болсо,
Жакшы сыйга чондору тең болобу?

Саясаты чаташып тоболдордүн,
СССРдин ким көрдү жөн өлгөнүн?
Жакырланткан чынында атеизм,
Жандүйносүн соолтуп көп элдердин.

Булут болбос күн барда, көлөкөсүз,
Бушманы коп биз дагы эл экенбиз.
Көсоп чыкпай ар-намыс көкүрөктү,
Коп элдерден кай бирде кем экенбиз.

«Достук»-деген сөз сиңип дил-санаага,
Толгон-токой эл жашап бир калаада,
Унутулуп түп-теги кыргыздардын,
Улут болуп кеткенсийт күнкарама.

Таптуу болбой калганбы таптуу дүйнө,
Таттуу болбой калганбы таттуу дүйнө,
Алыстады негедир ушу кезде,
Аталардын калтырган нарктуу дүйнө.

Эрк-кайратын жылдырбай кишендеген,
Эртеңине ишенип ишенбеген,
Элге айланып кеттикпи кунары жок,
Энкейгенден энкейип түзөлбөгөн?

Пейил калбай жакшылык сыя турган,
Сабыр калбай кашыктап жыя турган,
Бул учурдун чамасы чак окшойбу,
Бузуктардын кендирин кыя турган.

Жүрөк экен биринчи сыздай турган.
Көңүл экен заматта муздай турган.

Атаганат жок экен катуу мыйзам,
Аракечти өлтүрө муштай турган.

Ылгап келди эркиндик жандай берме.
Ынсапсыздар кобойду кандай дебе.
Бактыбызды базардан издеп кеттик,
Баа бербей ак мээнет, мандай терге.

Жаландаган эл болдук жыйганы жок.
Жандүйносү боксоруп ыйманы жок.
Чектелгенден чектелип ызаат-ыйбаа,
Чекебизге бай турмуш сыйганы жок.

Көрүп-билип элдеги ушундайды,
Кормоксонго салганды туз урбайбы.
Түнүлгөнүн үмүттүн жандырбасак,
Түбү түшүп түптүү журт бузулбайбы.

Билим алуу дейбиз го, онор алды,
Биз остүрдүк канча бир генералды.
Калк башына күн түшсө – катуу сыноо,
Караан болуп элине, бере алабы?

Багы ачылган илимден доктор азбы,
Партияга ык койгон топтор азбы,
Башын ийип акыры кедейликке,
Байкуштугун жашырган жоктор азбы?

Асыл эмес, ото кооз таштар азбы,
Арымы жок, нарк билбес жаштар азбы,
Кылымдарды карыткан кыргыз калкын,
Кыяматка сүйрогон мастар азбы?

Арагы коп олконун даны молбу,
Алкы күйгон «эрлердин» саны молбу,
Сербендеген тыңдардан намыс кетсе,
Сергектикке ким баштайт жаңы жолду?

«Ачуу» жуткан түндүктүн аз элдерин,
Кыркка чыкпай алардын жаш олгонүн,
Кантсе дагы моюнга алган дурус,
Катарына биз кирдик «мас элдердин».



Саласын жеп чочконун май катары,
Самопалдан ичишип чай катары,
Кыз-келиндер базарда ала-буурул,
Кыргыз ушу, дуулдап бай катары.

Жону барбы элимдин сылай турган,
Жолу барбы байсалдуу улай турган,
Мекендештер ыйманга кайтаар бекен,
Мезгил келди намысты сынай турган.

Кай жери кем кыргыздын арабдардан,
Карыптыкка кыргызды жаратпаган.
Азыр элге жоо чыкса, бир жоо чыгаар,
Акыл-эсин жок кылып карактаган.

Ичкенди тез үйрөнүп орустардан,
Илдетке туш келиппиз соолукпаган.
Эсепте аз болсок да, аты даана,
Эл элек ар-намысы оргуштаган.

Бай элек да кыргыздын сөзү менен.
Бабалардын баамчыл көзү менен.
Өзгочолук коп эле кочмон элде,
Өлчөп корсок улуттук сезим менен.

Кай жери кем калкымдын башка элдерден.
Калк эле го душманга баш бербеген.
Энчилүү тамагыбыз арак болуп,
Эл белек мындан болок аш корбогон?

Кемтик тагдыр мандайга жазылдыбы,
Келечек күн ор болуп казылдыбы?
Чайналса да бир күнү чыгаар деймин,
Чалкып жаткан ичтеги асылдыгы.

Канча бир жоо кыргызды жөөлөп келген.
